

Жалал-Абадская областная библиотека



Жалал-Абадская областная библиотека



АРЗЫБЕК БЕДИЯРОВ

# Жолугушуу кез келди

(Обондуу ырлар)

Бишкек – 2012

Жалал-Абадская областная библиотека

УДК 821.51

ББК 84 Ки 7-5

Б 38

*Редколлегия:*
**Жолболду АЛЫБАЕВ (Башкы редактор)**
**Рахматулла КОЗУКЕЕВ**
**Арзыбек БЕДИЯРОВ**
**Токон ЭШБАЕВ**
**Токонбай ТУРГАНБАЕВ**
**Самидин СТАМБЕКОВ**

Бедияров Арзыбек

Б 38 **"Жолугушчу кез келди"** *обондуу ырлар. – Б.: 2012, 264-б.*

ISBN 978-9967-36-721-3

Жыйнакка Кыргыз Республикасынын эл артисти, Эл агартуунун отличниги, обончу Арзыбек Бедияровдун отуз жылдан ашуун убакыттан берки чыгармачылыгынан жаралган обондуу ырлары жана ал жөнүндө жазылган пикирлер киргизилди.

Бул китеп кеңири окурмандар жана күйөрмандар катмарына, ошондой эле маданий-агартуу мекемелери, музыкалык окуу жайлары үчүн сунушталат.

Б 4702300200-12 УДК 821.51

ISBN 978-9967-36-721-3 ББК 84 Ки 7-5

© Бедияров, 2012.

# Автордон

*Өткөн өмүр өкүнтөт айла барбы,*
*Өкүнгөндө же табар пайда барбы.*
*Ишке тойбой шаң менен күн батырган,*
*Гүлгүн жаш эй, гүлгүн жаш кайда калды* – деп улуу акын Эсенгул Ибраев айткандай убакыт дегениң зымырык куш тура. Эмесе дагы деле балалыгым, боз бала бозой кезим, устара миз жигит курагымды жаңы гана баштан кечирип, чоң турмуштун чордонуна эми гана бой таштагандай туям.

Анан, артыман бой жетип, окуп-чокуп, өзүнчө түтүн булатып, бала-бакыралуу болуп калган уул-кыздарымды көрүп, эр ортону элүү жашты эчак эле эрмеп, 60 деген ашууга келип калганым эсиме түшөт. Көрсө, чыгармачыл адамдын сезим-туюму ушундай турбайбы.

Бул өмүрдүн эселек кезин эске албаганда, эс тартып чыгармачылык менен алектенип жашаганыма кырк жылга чукул убакыт болуптур. Кудайга шүгүр, эмгегимдин акыбети кайтып, өнөр артынан көргөн урмат-сыйыма ыраазымын. Бирок, мына ушундан улам эл-жердин, угармандарымдын, күйөрмандарымдын алдында азыноолак тиш жарып сүйлөп, ошол кырк жылга чукул убакыттын ченемсиз түйшүгүнүн жемиштүү үзүрү катары төртүнчү обондуу ырлар жыйнагымды тартууласам деген оюм тынчтык бербеди. Анан, ал оюмдун жемиши ушул жыйнагым болду.

Эгерде, мен ушул кезге чейин улуу максаттарга умтулуп жашап келсем, дагы деле ошол максатымдан кайта элекмин.

Жогоруда белгилегендей чыгармачыл адамдын сезим-туюму жаш, ички дүйнөсү таза, максаты бийик болушу абзел. Мына ошондой таттуу кыялдардан улам Кытайлык кыргыз ырчысы Арзыгүл Турган кызына арнап ондогон обондор жараттым. Арзыгүл менен жолугууну бийик максаттарымдын бири катары эсептеп жүрдүм.

Өткөн жылдын жай мезгилинин толуп турган чагында Арзыгүл менин чакыруумду кабыл алып Кыргызстанга биринчи жолу келди. Арзып күткөн «Жолугушчу кез келди» ажайып жолугушуу, ажайып концерт болду.

Ошондон улам жакшы тилегимдин орундалган белгиси катары, китебимди да «Жолугушчу кез келди» деп атап койдум. Бул аталыштын дагы бир каймана мааниси «60»ашуусу менен да жолугушуп жатпаймынбы.

Ошентип, менин жаңы китебим сиздин колуңузда. Жазган чыгармаларым, алардын угумдуулугу жөнүндөгү тыянакты да сиздердин калыс таразаңыздарга койдум.

Анын үстүнө бул жыйнагым чыгармачылыктын өр жолунда кырк жылга чукул убакыттан бери эмгектенип жүрүп, өткөнгө кылчая карап, сарасеп салганым болсо, бир эсе окурман, угарман, күйөрмандар алдында жупуну эмгегимдин–отчету да болуп калсын деп тилек кылдым.

Өнөр адамдары эзелтен эле элдик адам болуп,



элдин колдоосу менен өсүп-өнүп, анан элине кызмат кылып келгени белгилүү. Негизи өнөр адамынын жан-дүйнөсү терең, бийик, асыл наркка бай келгени менен чамасы чак экени эч кимге жашыруун эмес.

Андыктан учурдан пайдаланып менин чыгармачылыгымдын канат-бутагы болуп, өнөрүмдүн өр тартуусуна саяпкерлик кылган адамдардын атын атап, ыраазылыгымды айта кетүүнү эп көрүп турам.

Адегенде ушул колуңузда турган жыйнактын жарык көрүшүнө жардамын аябай, демөөрчү болушкан «Кыргызнефтегаз» АКсынын Жалал-Абаддагы маркетинг борборунун директору ишкер, улуу адамгерчиликтүү инсан, жакын досум С.А.Ташбаевге, «Жалал-Абадэлектро» ААКнын башкы директору С.Авазовго, Жалал-Абад областтык ПВЭСтин директору Ж.Төрөбаевге, Жалал-Абад областтык токой чарба жана курчап турган чөйрөнү коргоо башкармалыгынын башчысы Р.Акеншаевге, Жалал-Абад областтык (ҮДТ) саламаттык сактоо координатору М.Миянового, ГП.НК. «Кыргыз темир жолунун» башчысынын орун басары А.Шаиевге, Жалал-Абад областтык кесиптик кошундар кеңешинин төрагасы З.Жусмаматовго, агартуу кызматкерлеринин Жалал-Абад областтык кесиптик кошундарынын комитетинин төрагасы К.Мурзакматовго, №6 автомобиль жолдорунун өндүрүштүк – тейлөө башкармасынын жетекчиси А.Орозбаевге, «Ош–Сары-Таш–Эркештам» авто-жол башкармалыгынын жетекчиси У.Курманбековго, Жалал-Абад шаардык соода департаментинин

башчысы М.Солтоевге, Кара-Кулжа районундагы «Чоң казык» кредиттик союзунун башкармалыгынын төрагасы А.Исраиловго, КРнын Өкмөтүнүн алдындагы калкты тейлөө кызматынын Жалал-Абад шаардык борборунун директору А.Калиевге, Жалал-Абад облустук баалуу кагаздар боюнча агенттигинин башчысы М.Акматовго, ЖЧК «Нурмедик» денсоолук борборунун директору С.Шамурзаевге, ЖЧК «Мехколонна К.Э.С.Стин» директору С.Мамадалиевге, ЖЧК «Абий» кыш заводдун жетекчиси С.Чымбердиевге, Жалал-Абад областык ГАСН башкармалыгынын башчысы К.Жумуковго, Жалал-Абад областтык соттун төрагасы Р.Шералиевге, Жалал-Абад областык кан борборунун башкы дарыгери С.Мусаевге, Жалал-Абад областтык архивдин жетекчиси М.Көчөковго ырахмат айтуу менен бардыгына бакубат жана бейпил турмуш, денсоолук, оомат тилеймин!

Ушул кезге чейин моралдык, материалдык жардам көрсөтүп келген, эми да андай адаттарынан жаза элек, мен сыйлаган инсандар бар экенин да канааттануу менен атап кетейин.

Алар: «Мырзакул болуш» эл аралык фондунун президенти, коомдук ишмер К.М.Исманов, КРнын мурдагы Юстиция министри М.Каипов, белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер «Бүтүн Кыргызстан» саясий партиясынын жетекчиси А.Мадумаров, Юстициянын генералы, КРнын жазуучулар союзунун мүчөсү акын, жазуучу К.Бакиев, Маданият жана туризм министрлигинин Жалал-Абад облусу боюнча өкүлү, белгилүү төкмө



акын, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Р.Козукеев, жүрөк дарыгери А.Исраилов, Жалал-Абад шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгынын кызматкери С.Райымбеков, Сузак райондук кеңештин төрагасы Б.Ибрагимов, Токтогул районунун акими, Бишкек шаардык кеңешинин депутаты Ү.Шабданов, Жалал-Абад областтык балдар чыгармачылык үйүнүн директору Б.Ормонов, Мамлекеттик жана коомдук ишмер Н.Муллакелдиев Сиздерге деген ыраазычылыгымды да ушул китеп аркылуу бекемдеп коюуну ылайык таптым. Ылайым бар болгула, кем болбогула!.

Эми өзүмдүн өнөктөштөрүм, үзөнгүлөш үлпөттөрүм жөнүндө айтпасам оюмдун ортосу толбостур. Элибизде «Жандоочу кийик аттырат» деген накыл кеп бар эмеспи. Анын сыңарындай, булар болбосо менин чыгармачылыгым эрте жазда эргип агып, кеч күздө тартыла түшкөн булактай болуп, арабөк калышы да мүмкүн эле. Мени жеңиштүү марага мына ушулар жеткиришти. Ошондуктан аларды да өтө сыймык менен айта кетейин. Менин чыгармачылыгымдын алгачкы аткаруучулары С.Бедиярова, Г.Кармышакова, К.Абдыкапарова, Г.Өмүрзакова, А.Оморов. Өзүм негиздеп түзгөн «Гүлгүн жаш» эстрадалык топтун «Элдик» деген бийик наамга чейинки түйшүктүү жолунун башатында белгилүү музыкант-коштоочулар А.Касымалиев, Б.Мадоморов, белгилүү комузчу Т.Осмоналиев, чоорчу А.Сабирбаев, аранжировкачы Б.Курбаналиев,

Жалал-Абадская областная библиотека

ырчылар КРнын эл артисти Ш.Талипова, белгилүү эстрада ырчысы К.Жолдошев, Э.Кочкорова, Н.Койчуманова, А.Эшбаева, А.Куштаев, А.Шайымкулова, Г.Өмүрзаковалар болушкан. Азыр да уучум кур эмес, «Гүлгүн жаш» элдик-эстрадалык тобунун өмүрүн улап, арышын кеңейтип менин обондорумду ополотуп элге жеткирип жүргөн өнөрлүү кыз-жигиттерим бар. Алар: топтун музыканттары М.Гаимов, белгилүү комузчу Т.Осмоналиев, Н.Сыдыков, ырчылар Г.Эргешова, А.Ашымбаев, К.Экашевдер.

Гүлмира Эргешова демекчи, диапозону бийик, назик үндүү, чебер аткаруучу кыздын "Гүлгүн жаш" тобуна келип кошулушу, көптөн берки көкүрөгүмдө жашап келген. Ырларымды эки үндө ырдоо, кыз-жигит болуп аткаруу (мисалы кийинки мезгилдерде жазган "Балака", "Дастаным", "Өмүрлөш болсоң каражан", "Таарындым сага", "Ата Журтума", "Туулган жерге таазим") сыяктуу ойлорум орундалып, чыгармачылыгымдын нугу дагы бир сапаттуу жакка бурулуп, дагы бир тепкичке бийиктегендей болду.

Ал эми доорубуздун белгилүү ырчы-аткаруучулары КРнын Эл артистери Ш.Талипова, Ж.Алыбаев, К.Турапов, С.Садыкова, Э.Нурманбетова белгилүү эстрада ырчылары КРнын эмгек сиңирген артистери Ч.Төрөбеков, Д.Акулова, Б.Байкелова, Т.Исабекова белгилүү эстрада ырчылары К.Жолдошев, А.Оморов, Ч.Доорнова, Р.Аттокуров, чыгармаларыма професионалдык жактан кам көрүп, өмүрүн узартып келишүүдө.

Андан сырткары менин обондорумдун кеңири



таркалуусуна олуттуу салымдарын кошкон Кыргыз мамлекеттик Биринчи улуттук телерадиокомпаниясы, ЭлТР, Жалал-Абад облустук телерадиокомпанияларынын, ОшТВ теле каналынын чыгармачыл жамааттарына, белгилүү журналисттер Б.Ажымаматова, М.Маматалиев, А.Якубов, С.Абдукеримовго да чексиз ыраазы экендигимди билдиремин.

Эмесе, заман тынч, эл аман болсун! Эл ичинде силер аман болгула.

Урматтуу санаалаш адамдарым. Силердин бар экениңер, замандын тынч болушу, элдин аманчылыгы, менин алдыдагы жаралуучу чыгармаларымдын башаты деп эсептеймин!

***Арзыбек БЕДИЯРОВ,***
***КРнын Эл артисти.***

Жалал-Абадская областная библиотека

# Кутман курак кут болсун

Арзыбек экөөбүздүн алгачкы учурашуубуз өткөн кылымдын 80-жылдарынын аяк ченине туура келет. Мен Жалал-Абад шаарында маданият техникумунда иштеп жүргөндө, мыкты журналист Абылкасым Малаев аттуу агабыз мени атайын издеп келип, элге той берип жатканын, ошого барып катышып берүүмдү суранып келгенин айтты. Ошентип мен Кызыл-Сеңир деген айылга барып, тойго келген элге көпкө ырдап берип олтурдум.

Ошол тойдо орто бойлуу, ак саргыл келген арык жигит тынбай кызмат кылып жүрдү. Эл тарап, Абылкасым аке мени төркү үйүнө киргизип, сыйлап жатканда, жанагы жигит дагы биз менен кошо олтурду. Ошондо Абылкасым аке бул жигит Арзыбек Бедияров экенин, тиги жатак мектепте мугалим болуп иштерин, кесиби медик, бирок музыкага өтө кызыгаарын, жакшы обондору бар, ошого карабастан элге анча тааныла албай жүргөнүн айтып келип, анан Арзыбектин ырдап берүүсүн өтүндү. Арзыбек тартынып турбастан аккардеонду шарт мойнуна асынып, анчалык бийик эмес үнү менен өзүнүн бир нече обондорун ырдап берди.

Аккардеонду бир кыйла жакшы ойноп калыптыр, обондору да башка обондорго окшобогон, ырдоого жеңил, уккулуктуу экен. Эгер үнү мыкты ырчыларга



ырдатса, жалпы элге жагаары билинип турат. Жашы кыркка чаап калыптыр. Обончулук, ырчылык өнөргө бул курак бир топ карылык кылат, айылда жүрүп кайран талантты өстүрө албай калган экен деп ойлодум ичимден.

Арзыбекке ийгилик каалап, обондорун жакшы ырчыларга ырдатып элге чыгарышын айтып, эгер мүмкүнчүлүгүң болсо шаарга барып иштеп, чоң өнөргө аралашышына масилет берип, мындан ары ага-ини болуп жүрөлү деп кучакташып коштоштук.

Чындыкты жашырганда не, ошондо мен Арзыбектин азыркыдай залкар обончу болуп кетээрине анчалык ишенген эмес элем. Мени бул ойго анын жашынын бир топко барып калганы түрткөн болчу.

Анан эле күндөрдүн бир күнү Арзыбек «Гүлгүн жаш» деген ажайып сонун обону менен жарк этип чыга келди. Ошондо гана мен Арзыбектин көп жыл бою ачылбай келген өнөр булагынын көзү эми гана ачылганын, эгер кудайым ушул бир берген талантты аздектеп кетсе, ал бара-бара оргуштаган дарыяга айланарын жүрөгүмдөн туйдум да, республикалык теледен анын «Бозойдун ыры» деген мыкты ырын ырдап туруп, ага ак жол каалаганым дагы эле эсимде.

Ошондо Арзыбек мага келип ыраазычылыгын айтып, эми шаарга келип иштеп, чыгармачылыкка баш-оту менен киришерине мени ишендирген эле. Ал ошол сөзүнө турду. Анын жыйырма жылда жаралган канчалаган канаттуу ырлары Ала-Тоону аралап, ар бир кыргыздын жүрөгүнөн орун тапты. Азыр Арзыбек Бедияровду билбеген бир да кыргыз жок. Ошол Арзыбек азыр алтымышка чыгып олтурат.

Жөн эле чыкпастан, «эл артисти» деген ардактуу наамды аркалап, өмүрлүк жарынын сүйүктүү түгөйү, балдарынын кымбаттуу атасы, неберелеринин ардактуу чоң атасы, бир туугандарынын сыймыгы, ал эми эң негизгиси кытайга чейинки сулуу кыздардын жүрөгүнө чок салган орошон обондору менен чыгып олтурат. Адам үчүн мындан ашкан бакыт барбы. Арзыбек ошол өлбөс-өчпөс ырлары менен өзүнө түбөлүк эстелик тургузду.

*- Ала-Тоого таанылып,*
*Алтымышты арыттың.*
*Желкесин жерге тийгизип,*
*Жетимишти багынткын.*
*Тоосуна чыгып токтобой,*
*Токсон, жүздү карыткын.*
*Бейишке кетип андан соң,*
*Бүт кыргызды сагынткын.*

***Жолболду АЛИБАЕВ,***
***КРнын эл артисти,***
***КРнын улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, акын, обончу, дастанчы, ырчы.***
***21-февраль, 2012-жыл,***
***Ош шаары.***



# Өнөрү өр талашкан инсан

Нукура элдик колоритти сактап, өзүнүн чыгармачыл дараметин даана элге сиңимдүү жеткирип келе жаткан менин досум, жердешим, Сузактын таскагы арткан таланттуу кулуну бул – Арзыбек Бедияров.

Арзыбек досум экөөбүз боз улан бозой кезди бирге өткөрүп, бирге чоңойдук дегендей. Анын ыр өнөрүнө, өз талантын өркүндөтүүгө кызыккандыгы, кандайдыр бир көптөгөн купуя кайрыктардын түрмөгү көкүрөгүндө уюп жаткандыгы мага ошол учурда эле сезилчү. Ошол ойлогон оюм төп келип, кийин эр жетип Арзыке талант жолуна биротоло түшүп, баягы бала кездеги купуя сырлардын маңызын бышырып, чыгармачылык чыңалуунун сересине чыга келди.

Мен музыка иликтөөчү болбосом да, жөнөкөй угарман катары дагы бир таң калганым, анын обондору сезимди дүрбөлөңгө салып, жүрөгүңө тез эле жетип, улуттук кайрыктардын өзгөчө көркөм боёктор менен берилгендигинде. Ошондуктан, анын ар бир ырын терең эргүү менен кабыл алууга мажбур болосуң. Анан дагы бир кызыгы, мен кимдир бирөөгө өзүм ойлогон, айта албай жүргөн сырларымды Арзыбек өз чыгармасында ошол эле мукам обону менен мен үчүн жараткандай сезилет. Кээде анын ырларын угуп олтуруп, ал обон кудум эле мен үчүн

жаралгандай туюлуп, кошула кыңылдап ырдап, көкүрөктөгү өз каарманыма айта албай жүргөн оюмду толук жеткиргендей жеңилдене түшөм.

Чыгармачылыктын чырмалып жаткан оор түйшүктөрүн көтөрүп, ошол эле улуу жүктүн урматына ээ болуу Арзыбек үчүн жөндөн-жөн жаралган жок. Элчилеп "борбор тарапка барып жашап, ошол эле борбордон чыгармачылыгымды өркүндөтөм" деп далалат кылган жок. Бала кезден баркы кымбат өз айылын байырлап, эмгектенип жүргөн Жалал-Абад шаарына барып келип, каттап жүрүп, ушундай улуу даражага жеткендиги жалпы журтка маалым.

Чыгармачылыкка жаңыдан аралашып кулунчактай жаш мезгилинде кандай кыялда болгон болсо, азыр деле ушул учурда ошол кыялдын, эңсеген темасынын акырына жете элек. Ал тема Арзыбек үчүн "соолубас булак" деп билем. Ошол учурда кандай түйшүктөнүп жүргөн болсо, азыр ал түйшүк эки эселенип, үч эселенип таланты улам күчтүүлөнүп бараткандыгына кеп жок. Сегиз жылдан бери ачылбай келе жаткан купуя сырды 2011-жылы жалпы күйөрмандарына ачып берди десем жаңылышпайм. Ал купуя сыр Кытай мамлекетинин ырчы кызы Арзыгүл Турган менен жолугушуусу эле… Бул тема да биз үчүн чоң кубаныч деп баалайм.

Арзыкенин керемет чыгармаларынын басымдуу бөлүгүн ээлеген сүйүү темасындагы обондору өзүнүн башынан кечирген чыныгы окуяларды камтып тургандыгы, анын сөздү кылдат тандаганынан улам даана байкалып турат. Арзыкенин ушул сыяктуу жаз, кыз, сулуулук, сыйкырдуу махабат жөнүндөгү



канаттуу чыгармалары аталган темаларды дагы көрктөндүрүп, ошол сезимдердин бийиктигин, улуулугун даңазалап турат! Анан ушундай обончуга ким таазим этпесин!

Биздин үй-бүлөлүк байланышыбыз, достугубуз уланып келет. Албетте, бул көрүнүш мен үчүн чоң сыймык. Мезгилдер өтүп, жылдар алмашып, жылдызы жанган кыргыз элинин таланттуу уулу, Сузак районунун ардактактуу атуулу Арзыбек досум 60 жашка толуп отурат!

Чыгармачылык туюму жөнөкөй, ыргактуу ыр дүйнөсү менен Арзыбек досумдун кудай берген таланты дагы да өркүндөп, жалпы кыргыз эли үчүн кылган нар көтөргүс кызматы улана берет деп ойлойм.

Арзыке досум, 60 жашың кут болсун! Ар качан аман бол, үй-бүлөң эсен болсун, өнөрүң менен өргө тартып, алдыда турган чыгармачылык улуу белестерди аша беришиңе тилектешмин. Ал эми «Жолугушчу кез келди» аттуу ырлар жыйнагыңдын сапары байсалдуу болсун!

***Салибраим ТАШБАЕВ,***
***«Кыргызнефтегаз» ААКнун Жалал-Абаддагы маркетинг борборунун директору, ишкер, Жалал-Абад шаарынын ардактуу атуулу.***

Жалал-Абадская областная библиотека

# Алгалай бер, Арзыбек!

Кыргыз музыкасы жөнүндө кеп салганыбызда, профессионал, билимдүү-илимдүү композиторлордон сырткары эл арасынан чыккан чыгаан обончу-композиторлорубуздун катары уламдан-улам көбөйүүдө.

Кыргыз эли табиятынан өтө ыр жандуу эмеспи, алар түбөлүктүү ырларды тез эле иргеп, нукура элдик колориттүү обондорду сүйүп ырдашып, обон ээсин да көкөлөтө урматташат. Ошол урмат-сый ээси Арзыбек жөнүндө азын-оолак кеп салалы.

«Кайсыл заманда жашасаң, ошонун ырын ырда» дегендей Арзыбекти биз, Советтик доордо төрөлүп, агарып-көгөрүп, өнүп-өсүп заманыбыздын залкар обончуларынын арасынан, обондорунун улуттук колоритти сактоо жагынан, топту жарып чыккан чыгаан чыгармачыл инсан жана сезимтал обончу-композитор деп сезебиз. Анын жараткан чыгармалары жөнөкөй, өтө уккулуктуу, руханий жан дүйнөңдү сергитет, кайрыгы угуучунун жүрөгүнөн тез орун табат.

Арзыке жараткан обондор нукура элдик колориттүүлүктү, салттык наркты сактаган, айрыкча лирикалык темада тайманбастан өз оюн чыгармасы аркылуу ачык-айкын бере алган – сүрөткер-инсан экенин таамай айткыбыз келет.



Жалындаган жаштыктын тунук махабатын баяндаган: «Келем сага», «Татынакай сүйүүнү таарынтыпбыз», «Жетем сага», «Барам сага», «Сүйүүнү сүртүп кеттиң жүрөгүмө», «Көзүңдөбү керемет», «Жаштыгыңды аядым», «Сулууга» аттуу ж.б. обондору менен кыргыздын ыр жанрынын алтын казынасын байытып келет.

Ошондой эле лирикалык ырлары, ажайып мукам обондору: «Түшүмө кирдиң түндө сен», «Өмүрлөш болсоң Каражан», «Таарындым сага бул ирет», «Бир айып», «Бозойдун ыры», «Бир сырым», «Ушундай беле пешене» аттуу жана башка ушул сыяктуу обондору ар кандай аткаруучулук чеберчиликтеги ырчылардын аткаруусунда угуучулардын калың катмарына тарады.

Кошумчалап белгилеп кетчү нерсе, бул чыгармаларды кыябына жеткирип, жогорку аткаруучулук деңгээли менен, калкыбыздын жүрөгүнөн түнөк таптырган ырчы-аткаруучулар КРнын Эл артистери Шахра Талипова, Саламат Садыкова, Керим Турапов, КРнын эмгек сиңирген артистери Динара Акулова, Тамара Исабекова, Б.Байкелова жана ырчы-аткаруучулар Кутман Жолдошев, Алтынай Эшбаева, Гүлмира Эргешова, Улук Курманалиевалар.

Тактап айтканда, обончунун обондору көркөм боёктор менен боёлгон сүрөт сыяктуу, сөздүн маани-маңызын толуктап, кайрыктары угуучунун жан дүйнөсүнөн тез орун алып, көркөмдүүлүгү менен айырмаланат.

Улуу педагог Сухомлинский: «Физкультура

Жалал-Абадская областная библиотека

адамдын тулку боюн түздөсө, музыка адамдын ички дүйнөсүн түздөйт» дегендей, бүгүнкү күндө Арзыкем чыгармачылыктын баралына жетип, гүлдөп, өнүгүп-өсүп турган чагы. Табият берген таланты менен дале журтчулуктун черин жазат деген ойдобуз.

Сөзүбүздүн аягында үй-бүлөбүз менен Арзыкеме узак өмүр, чың денсоолук, үй-бүлөлүк бакыт, чыгармачылыктын жана чарбачылыктын тизгинин кошо бек кармаган, белдүү обончу-композитор катары, обологон обондорду жарата беришин каалайбыз жана ишенебиз! Алганың менен аман болуп, балдарыңа барктуу ата болуп, элиңдин сүйүктүү уулу болуп жүрүшүңдү жараткандан сурап, алгалай бер, Арзыбек!, - демекчибиз.

***Токтомамат (Токон) ЭШБАЕВ,***
***обончу-композитор КРнын Эл артисти,***
***«Даңк» медалынын ээси.***

***Инабат ЭШБАЕВА,***
***КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер,***
***Эл агартуунун отличниги.***



# Обондору обологон обончу

Азыркы кездеги жүздөгөн угуучулардын «Арзыбектин сакадай бою сары алтын, сан ырынын баары алтын» - дешип таанымал обончу, аткаруучу, КРнын Эл артисти Арзыбек Бедияровдун кудай таалам берген талантына кулдук урушуп, канаттуу ырларын оозторунан түшүрүшпөй асылдана ырдап жүрүшкөндөрүн көп эле угуп, көрүп жүрөм.

«Калк айтса калп айтпайт» дегендей Арзыбек отуз жылдан бери угармандардын руханий жан дүйнөсүн азыктандырып, кыялдарын чертип келген, махабат, Ата-Журт, өмүр, жаштык жөнүндө кыргыздын элдик ырларынан угуттанган ондогон жайдары жүрүштөрдөгү, жаркын маанайдагы обондорду жаратты жана жаратууда. Автордун ошондой ырларынын бири – «Кутмандуу жерим» аттуу ыры. Арзыкенин бул ырын уккан «мен кыргызмын» деген ар бир адам жаш-карысына карабай киндик каны тамган кутмандуу жеринде ак чөлмөк ойноп, көк кашка сууларын бойлоп, бетегеси белден буралган жайлоолорун аралап, бүлдүркөн, чие, карагат терген балалыктын, балдай таттуу күндөрүн, күн сайын ойлоп кусаланган сагынычын, элине, жерине болгон сүйүүсүн элестетесиң. Ырдын мукамдуу обону менен сөзү камыр-жумур жуурулушун, аваздык маңызын байытып, ырдамдуулугун, обондуулугун көкөлөтө көтөргөн.

Арзыбектин бүгүнкүдөй таанымал обончу болушунун, алгачкы шык-отунун жанышына көрүнүктүү обончу, ырчы Рысбай Абдыкадыровдун ырлары, ооруканада бирге жаткан күндөрдөгү берген кеп-кеңештери, айткан акыл-насааттары да угут болот.

Жалал-Абадская областная библиотека

Ал эми, Бедияровдун азыркыдай обончулуктун туу чокусуна чыгышына белгилүү обончу, ырчы, дастанчы, Республиканын эл артисти Жолболду Алыбаев «өйдө чыкса өбөк, ылдый түшсө жөлөк» болгон устаты. «Обончусуна жараша ырчысы, ырчысына жараша обончусу» - дегендей Бедияровдун ырларынын бактысын Республиканын эл артисти Шахра Талипова, Саламат Садыкова, Керим Турапов, Республиканын эмгек сиңирген артисти Динара Акулова, белгилүү ырчылар Кутман Жолдошев, Алтынай Эшбаева, Гүлмира Эргешовалар ачты.

Шахра Талипова аткарган автордун «Көзүңдөбү керемет», «Бир сырым», «Эсиме ал кез түшкөндө», «Барам сага», «Бейиштин төрү беле», «Ойлодуң бекен мени сен» ж.б. Саламат Садыкова аткарган «Кайра келчи», «Сезимде калды элесиң», «Түшүмө сени кирсе дейм», Кутман, Динара, Алтынай, Гүлмира аткарган, «Кутмандуу жерим», «Барам сага», «Бозойдун ыры», «Келем сага», «Аядым», «Бул ырлар сага белегим», «Издерим сенде калды», «Бир айып», «Келин той», «Ушундай беле бешене», «Махабатым арманым», «Сүйүү арман», «Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө», «Сен турупсуң», «Дастаным», «Досума» деген ж.б. ырлары элдин калың катмарына тарап ооздон-оозго, ырчыдан-ырчыга өтүп ырдалып жүрөт.

Аткаруучулук тажрыйбага бай, жогоруда белгиленген ырчылар Бедияровдун ар бир ырынын аваздык маңызын мукамдуу үндөрү менен байыта, ажарын ача, өзгөчө, чыгармачылык эргүү менен аткарып жүрүшөт. Ошентип, алар автордун ырларына өлбөс өмүрдү жаратып келатышат.

Автордун «Барам сага» аттуу ырында, санаасын сары саамал кылып «селкиге жетсем», алоолоно күйүп-жанып, бар жогуна кайыл боло зар каткан бозойдун ашынган



махабаты баяндалат. Арзыбектин бул ырын укканда жалындаган жаштык кездеги күйүп-бышкан селкиге болгон сүйүүңдү эстейсиң. Анан жүрөгүңдү кытыгылаган назик, сыйкырлуу обондун ыргактарында, айдыңында кумарланасың.

Белгилүү обончунун Жалал-Абад облусунун гимнине айланган «Кутман жерим», «Бозойдун ыры», «Ушундай беле бешене», «Жолукчу жоодураган ак маралым», «Келем сага», «Сен жаз элең», «Жолуксам жоругуң бар күлүп коймой» ж.б. сексенден ашык ырлары, улуттук колоритти камтыган көркөм боёктору менен обончунун түбөлүктүү жан шеригине айланды.

Арзыбектин өзгөчө бир өзүнүн алдына койгон талабы, башка обончулардай колго тийген акындардын ырларына эмес, сөздүн оюна ой кошкондой, маани-маңызын байыткандай, ар бир кайрыгы угуучунун жүрөгүнө жеткендей, жан-дүйнөсүндө жашагандай көркөмдүүлүктөгү ырларга обон чыгарат.

Арзыбек обонду, бири-бирине окшошпогондой аваздык ажардуулукта, мукамдуулукта жазат. Обончунун ырлары өзү жашап жаткан замандын жана угуучулардын талабына жооп бергендей, айкалышкандай, коюн-колтук жашап кеткендей, чыныгы чыгармачылык изденүүдө жаратат.

Кутман Жолдошовдун аткаруусундагы автордун обондору, ырчынын үнүнө куюп койгондой куп жарашат. Ал Арзыбектин обондорунун ар бир обондук ыргагын коңур, өзгөчө коюу, мукамдуу үнү менен айкалыштыра да, назданта да, кыялыңды кытыгылай, жан-дүйнөңдү эргите ырдайт.

Ушундан улам Арзыбектин Кутман аткарган ырларын угуп жатканымда өзүмдү ыр дүйнөсүнүн өзүнчө бир чакан театрынын төрүндө олтургандай элестетесиң.

Ошондуктан да Бедияров азыркы кездеги сапатынан

саны көп обончулардан өзүнүн жеке кайталангыс обончулук жүзү, чыйыры, үнү менен айырмаланат. Ошентип, Арзыбек бүгүнкү кыргыздын элдик ыр чыгармачылыгына бараандуу салымын кошуп, угармандын руханий жан дүйнөсүн асылдантып келүүдө.

Сөзүмдүн соңунда Арзыбек иниме Кыргыздын эл акыны Эсенгул Ибраев жазгандай:

*Аша бер өмүр кырларын,*
*Ача бер турмуш сырларын.*
*Сабада кымыз жытындай,*
*Сапыргын ырдын кырманын!*

- Иниме бактылуу келечек, денсоолук, чыгармачылык эргүү тилеймин!

**Балбай АЛАГУШОВ,**
***музыка изилдөөчү, КРнын эл артисти,***
***Кыргызстан Ленин комсомолу***
***сыйлыгынын лауреаты,***
***эл агартуунун отличниги.***



# Арзыкеге алгы сөз

"Сакадай бою сары алтын, сан ырынын баары алтын, атына заты төп келген, өнөрү өрчүп күүлөнүп, өрүштүү элге көрк берген" Арзыбек Бедияровду ким билбейт да, ким таанabyбайт? Ушинтип эле тартынбай айтууга анын 25 жыл ичиндеги чыгармачылык дарамети күбө болуп олтурбайбы.

Эмесе назар салыңыз. Жетимишинчи жылдары "бисмилда" деп "Эне тилеги" (сөзү А.Дегенбаеваныкы) аттуу чыгармасы менен тушоосу кесилген Арзыке ушул кезге чейин 60тан ашык обондордун автору болду. Бул жерде маани берүүчү негизги бир жагдай бар. Анысы – көпчүлүк обончулардын чыгармачылыгында бирде өйдө, бирде ылдый болуу байкалып, чыгармаларынын кээ бири эл оозуна алынып, кээ бирлери бир-эки эле ырдалып, унутулуп калып жатса, Бедияровдун чыгармалары уламдан улам угумдуу да, күчтүү да жаралып, дээрлик бардыгы эл оозуна алынып кетип жаткандыгы. Ушундан улам Арзыкенин улуулугу, таланттуулугу бааланып, атагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип, чыгармачылыгы бышып жетилип турган учуру.

Элестетеличи: "Гүлгүн жаш", "Барам сага", "Жетем сага", (Э.Ибраев), "Бозойдун ыры" (элдики), "Бир сырым" (Н.Алымбеков), "Аядым" (А.Бегимкулова), "Сүйүүңдү сыйпап кеттиң жүрөгүмө" (Б.Карагулова),

Жалал-Абадская областная библиотека

"Сен жаз элең" (Б.Абакиров), "Кантейин корком ушактан", "Анда кимде күнөө бар?", "Ошондогу жанган от", "Көзүңдөбү керемет?", "Жолуксам жоругуң бар күлүп коймой" (Н.Алымбеков), "Кутман жерим", (Бул чыгармасы Жалал-Абад облусунун ураан ыры катары да кабыл алынган Т.Зулпукаров, Б.Анарбаев)

Караңызчы, кандай керемет ырлар! Сөзү да, өзү да төп келген обондор. Бул жерде мисал катары айрымдардын гана атап өткөнүбүздү билип тургандырсыз.

Дагы бир салыштырууга макул болот чыгарсыз. Эгерде махабат, сүйүү темасында негизинен минордуу ладдагы чыгармалар боюнча маркум Рыспай Абдыкадыров мурда – кийин, эми да алдына ат салдырбас улуу инсан болуп тарыхта калса, ошол эле лирикалык жанрда көбүнчө мажордук ладдагы обондору аркылуу Арзыке өзүнчө арык чаап койду десек жаңылбаган болоор элек. Албетте, мындан улам атагы таш жарган айтылуу обончуларыбызга шек келтиргенден такыр алыспыз. Алардын да өзгөчөлөнгөн өз орундары, баа жеткис жактары бар экени айныгыс чындык!

Ошондуктан, Арзыкенин айтылуу обондору жети жашар баладан жетимиштеги карыларыбызга чейинкилердин жүрөгүнөн түнөк тапканын тартынбай эле белгилеп кетсек болот.

Мына ошондой опол тоодой эмгек кылган чыканактай обончу 1952-жылы Сузак районунун Кызыл-Сеңир айылында төрөлүп, орто мектепти аяктаган соң Жалал-Абад медициналык окуу жайын, Б.Бейшеналиева атындагы искусство



институтун бүтүргөн. Эл агартуунун отличниги, Кыргыз Республикасынын Эл артисти.

2000-жылы облустук Барпы атындагы кыргыз театрында коюлган "Эзоп" трагикомедиясынын (Ф.Гильермо, реж. А.Абдыкалыков) музыкасынын авторунун бири болуп калды.

Арзыке жөнүндөгү азын-оолак алгы сөзүбүз ушул. Эми негизги калыс пикирди айтууну өзүңүздөргө коёлу. Бирок, ал үчүн Арзыкенин ырларында катылган сырларды сезе билүүбүз абзел го. Ошол максат менен анын кырк жылга чукул чыгармачылык акыбетин сиздерге сунуштап олтурабыз. Ылгап көрүңүздөр, жакканын ырдап жүрүңүздөр.

***Садыралы АБДУКЕРИМОВ,***
***Кыргыз Республикасынын***
***жазуучулар жана журналисттер***
***союзунун мүчөсү.***

# “Ырың менен дарылаган табыпсың!..“

... Ошон үчүн башкалардан арыксың,
Сүйгөндөргө түнү күйгөн жарыксың.
Махабаттан жол издеген бейтапты,
Ырың менен дарылаган табыпсың.

“Кыргыз Республикасынын эл артисти”, заманыбыздын мыкты таланттарынын бири, болгондо да чыгармачылыктын чыйырын накта бешене тери менен басып келе жаткан Арзыбек Бедияров жөнүндө кубануу менен айткым келет.

Арзыкем тээ алтымышынчы жылдардан бери карай келе жаткан ырыстуу элдин ырчысы Рыспай баштаган, Аксуубай, Калыйбек, Түгөлбай, Жолболду, Токон сыяктуу таланттардын армиясынын жолун улаган, өзүнчө чыгармачылык чыйыры бар, жан дүйнө көрөңгөсү бай обончу. Өзү курдуу обончу-композиторлордон айырмаланып, ал улуттук колориттин негизинде жаз жыттанган жагымдуу ырларды жаратып келет. Анын бардык обондорунда салмактуу, шаңдуу, мукам кайрыктар жашайт. Ал түбөлүктүү теманы түбүнө чейин түптөп, өз талантын бага билген, калк арасындагы кадырман обончулардын бири.

Арзыбектин обондорунун уккулуктуулугу, мукамдуулугу ар бир адамдын жүрөгүнөн түнөк таап, ошол аткарган, ырдаган, уккан ар бир инсандын табитине тез эле сиңип, жөнөкөй ыргактар, кайрыктар пенде кыялына сүңгүп кетээри айдан ачык көрүнүш экендигине ынанасың.



Ашыктыктын ажарын ачкан “Бозойдун ыры” “Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө”, “Бир сырым”, “Барам сага”, “Түшүмө кирдиң түндө сен” ж.б. ушул сыяктуу бир катар обондору сөзүнө төп келген не деген сонун керемет чыгармалар.

Арзыкенин өз талантына күйгөн, аракетчил обончу экенин бекем сыйлайм. Ар убак изденүү менен гана жүргөнүн көрөсүң. Биздин ортобузда бир-эки жаш айырмачылык болсо да, мага карата Сиз деп, ар убак жылуу маанайда кичипейил мүнөзү менен сый-урмат мамиле жасап келет. Кайсыл жерде болбойлу, жумуш бөлмөдө, же болбосо той-тамашаларда жолугушуп калганыбызда чыгармачылыгына байланышкан суроолорду берип, кайра ошого жараша чер жаза жоопторду алып, бир чети суктанып, бир чети сырттагы адамга Арзыкенин өнөрү ушунчалык кызык экенин эстеп, кыялга бата түшөм.

Мен дарыгерлик кесибим аркылуу сыркоо кишини дарыласам, Арзыкем жан дүйнөсүнөн жаралган жагымдуу кайталангыс кайрыктары аркылуу, табият берген таланты менен ар бир кишини дарылап келет. Арзыкенин улуулугу мына ушунда!

Анда эмесе Арзыке, сага мындан ары дагы ден соолугуң бекем болуп, чыгармачылык арышың арзуу кыялдарга толуп, атпай кыргыз журтчулугуна аруу дилден агылган обологон обондорду жарата бер демекчимин. “Жолугушчу кез келди” деген жаңы жыйнагыңдын сапары байсалдуу болсун.

***Абдували ИСРАИЛОВ,***
***Жалал-Абад облустук оорукананын***
***жүрөк-кан тамыр оорулар бөлүмүнүн башчысы.***

# Улуу жолго учурган устатым

Мындан 20-25 жыл илгери орто мектепти бүтүрүп, көпчүлүк сыяктуу эле жогорку билим алуу үчүн Башкырт АССРнин Туймазы шаарына жол алдым. Студенттик кызыктуу күндөрдү албетте ыр, музыка көркүнө чыгарат эмеспи. Болгондо да биреөнүн эли-жеринде жүрүп, өз тилинде ыр угуу бул ата-энесинин койнунан алыс чыкпаган айылдык кыз үчүн өз үйүнө барып келгендей эле сезим тартуулайт экен. Окуу жайдагы башка группадан окуган кыргыз кызы татарлардын майрамында, Бедияровдун "Гүлгүн жаш" деген ырын ырдаганда кыргыз жаштары кандай толкундангандыгы азырга чейин көз алдымда. Ырды сүйгөн жаным дароо эле ал ырды үйрөндүм. Бирок, ошондо качандыр бир кезде Арзыбек Бедияров менен бирге иштеп калам деп такыр ойлогон эмесмин.

Насип буйруп Арзыбек агайдын ырларынын конкурсунда жеңүүчү болуп калдым. Агайдан уруксат алып кез-кез келип ырдап жүрдүм. Кийин бешене деп туруп "Гүлгүн жаш" тобуна солистка болуп алдым. Мен ырдап баштаганда Кутман Жолдошев, Шахра Талипова иштөөчү. Анан Кутман Жолдошев, Гүлнара Өмүрзакова сыяктуу таланттар менен бирге жүрдүм.

Ошондой өнөрпоздор таалим алган касиеттүү уядан мен да тарбия алдым. Андан башка да



көптөгөн таланттардын чоң сахнага аттанганына "Гүлгүн жаш" трамплин болуп берген десем жаңылышпайм. Мен жөн гана ырдаганды, сүйлөгөндү эмес агайдан чоң адамгерчиликти, маданияттуулукту, принципиалдуулукту үйрөндүм. 10 жыл убакыттын ичинде мен агайдын чоң турмуш мектебин окудум десем болот.

Өткөн жылы Кытай жергесине болгон сапарыбызда Арзыбек агайдын муундан-муунга кала турган өлбөс-өчпөс из жаратып жүргөндүгүнө дагы бир ирет ынандым. Авторун билбей ырдап жүргөн ырлардын, эл сүйгөн чыгармалардын автору менен болгондо да кыргыздын улуу обончусу менен таанышканына Кытайдагы кылым карыта жашап келе жаткан кыргыз боордошторубуздун кубанычы чексиз эле. Агайдын "Гүлгүн жаш", "Барам сага", "Келем сага", "Аядым" деген ырларын ырдап беришкенде мен ушул керемет ырлардын ээси менен чогуу жүргөнүмө аябай сыймыктандым.

"Бизде деле обончу, ырчылар бар. Бирок сиздей чыныгы кыргыз жыттанган, кыргыз даамдуу ырларды жаратууга сиздей кишинин тарбиясы, таасири, кеңеши керек болуп жатат" - деп Кызыл-Суу Кыргыз Автономиялуу облусунун губернатору Маматасан Токталы жана Кыргыз-Кытай Кызыл-Суу обком партиясынын биринчи катчысы Ванг-Шин Хуайдын жеке чакыруусу менен барганы, Арзыбек агайдын эмгегинин салмагы канча экенин көрсөтүп турат. Жалал-Абад жергесинен алгачкылардан болуп келип, ошондо да тарыхта калчу "Кутман жерим Кызыл-Суу" деп Кызылсуулук кыргыздар

Жалал-Абадская областная библиотека

үчүн ураан ырын жаратып берди. Биздин оюбузча Кызыл-Суулук туугандар үчүн мындан баалуу белек, сый да, тартуу да, жок болсо керек.

Ошентип, Арзыбек агайдын бир жерде тынч отурбаган, дайыма изденүү менен басып жүрүүсүнүн жыйынтыгы, темирдей бекем тартиптин болушу "Гүлгүн жаш" тобун, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп "Элдик топ" деген наамга жеткирди. Мамилеге, сөзгө, ишке, так принципиалдуулугу, кайталангыс таланты, өйдө-ылдый мезгилде басыгынан жазбай бир калыпта жүрүүсү менен өзгөчөлөнгөн оригинал инсан, Арзыбек агайдай кишилерди азыркы турмушта көп деле жолуктура албайсың. "Менин үч үй-бүлөм бар", - деп кээде агай айтып калат. "Биринчисин го билебиз, ал эми калган эки бактылуу кишилер жөнүндө айтып бербейсизби?", - деп сыр сурагандарга агай минтип жооп берет. "Силердин оюңарды түшүндүм. Анда мындай, биринчиси аялым, 6 балам, неберелерим. Экинчи үй-бүлөм болсо, чыгармачылыгым, жүрөктөн тогуз толгонуп жаралаган чыгармаларым. Ал ырларымды мен балдарымдай эле көрөм. Эл сүйүп ырдалып калганына кубанам. Жаңы жаралганын кадимкидей бапестеп көңүлүн карап, кийинтип, кооздоп дегендей, анан эл алдына алып чыгам. Мүмкүн болушунча жакшылап көңүл бөлүп, аракет жасап өмүрүнүн узун болушун тилейм. Ал эми үчүнчү үй-бүлөм менин сахнада тапкан балдарым, кыздарым жана бир туугандарым, "Гүлгүн жаш" тобум. Алардын да турмушу жакшырып, таланты өркүндөп эл алдында жүрүүлөрү үчүн кам көрөм".




Албетте, бир үй-бүлөнү багуу түйшүгү бир кара башыл эр азаматтын эңсесин кетирип турган заманда бүтүндөй бир чыгармачыл топту багуу үчүн канча мээнет талап кылынаары баарыбызга маалым.

Демек, алдыга карай умтулуп, бизге окшогон көптөгөн жаш таланттардын чыгармачылыгына жол көрсөтүп, дайыма бар жогуна кайыл болуп, дагы эле "Бара бериңиз" деп устатыма улуу бийиктикти каалайм.

***Алтынай ЭШБАЕВА,***
***ЭлТРКнын кызматкери.***

Жалал-Абадская областная библиотека

# Лирикалык обондор





# Жолугушчу кез келди

*Жообу жок суроолорго берилип,*
*Элесиңе кыялымда кезигип.*
*Жок дегенде түшкө кирсе дечүмүн,*
*Сенаа тарткан сагынычка жеңилип.*

*Сезимдердин кудурети күч экен,*
*Жолугуштук жоодур көзүм бир жолу.*
*Атаганат! Чоочуп турсам түш экен,*
*Таарынганмын тагдырыма бул жолу.*

*Жумуш менен барып калып жериңе,*
*Издөө салып таба албадым бир ирет.*
*Күмөнсүнүп таарынсам да ошондо,*
*Жоодур көзүм таарынбаймын бул ирет!*

*Мына эми ал күндөр да чектелди,*
*Эңсөө бүткөн эки жүрөк бет келди.*
*Өткөндөрдү жомок кылып жобурап,*
*Жоодур көзүм жолугушчу кез келди!*

Садыралы АБДУКЕРИМОВ,
Кыргыз Республикасынын
жазуучулар жана журналисттер
союздарынын мүчөсү.

# Айтылып бүткүс дастаным

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Т.Мияшев.*






*Кадуулап барып биз атчан,*
*Карагат тердик жылгадан.*
*Карагат көздүү ак селки да,*
*Калемсиз жазгам бир дастан.*

Кайрыма:
*Атыңды күндө миң айтам,*
*Ак таңда арнап ыр айтам.*
*Айчолпон өңдүү ак селки да,*
*Айтылып бүткүс бир дастан.*

*Болунбой жүрүп биз атчан,*
*Бүлдүркөн тердик жылгадан.*
*Бүлдүркөн көздүү ак селки да,*
*Бүтүндөй тулку бир дастан.*

Кайырма:

*Жылдыздуу толгон түндү айтам,*
*Жыттаган жыпар гүлдү айтам.*
*Олтурган булак боюнда эй,*
*Ошол түн мага бир дастан.*

2006-жыл,
июль-октябрь.
Б.Ч.Ү Өнөркана.

# Жүрөгүң сенин таш беле...

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Л.Асанбекова.*






**Кыйналды жаным кабарың билбейм**
**кайдасың,**
**Ким менен кайда жүрөсүң кандай**
**жайдасың.**
**Өрттөндү өзөк сагыныч батпай**
**жүрөккө,**
**Махабат кыйнап күсанын таппайм,**
**күсанын таппайм айласын.**

**Балбылдап жанган көздөрүң көрбөй**
**сагындым,**
**Сагыныч кыйнап сары оору дартка**
**кабылдым.**
**Алымды сурап бир жолу кабар албаган,**
**Жүрөгүң сенин таш беле сага,**
**таш беле сага таарындым.**


**Таарындым жаным, алымды сурап**
**келип кет,**
**Сүйүүңдү чачып көңүлүң мага бөлүп кет.**
**Коп мезгил көрбөй сары оору болгон**
**дартымдын,**
**Дабасы сенсиң, мээримиң келип,**
**мээримиң келип төгүп кет.**
**Алымды сурап бир жолу кабар албаган,**
**Жүрөгүң сенин таш беле сага**
**таарындым.**

2009-жыл.июнь-август.
Б.Ч.Ү. Өнөркана «Гүлгүн жаш»

Жалал-Абадская областная библиотека

# Кубө болгон Аюб-Булак, Кыз-Булак

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Абдукеримов.*






*Кубандырып мезгилимди,*
*Кусалыктын эй суроосунан.*
*Жолуктургам делбиримди,*
*Жалал-Абад эй курортунан.*

Кайырма:
**Сүйүүбүздүн ырын курап,**
**Обон салган эй суу кулап.**
**Аян берип Аюб-Булак,**
**Кубө болгон Кыз-Булак.**

*Ай асманда толуп турган,*
*Аруу жүрөк эй согуп турган.*
*Сени менен сезимимди,*
*Айыктырган эй оорусунан.*

Кайырма:

*Махабаттын бийин бийлеп,*
*Чимирилип эй айланабыз.*
*Айда жалгыз, биз да жалгыз,*
*Болуно албай-ай байланабыз...*

Кайырма:

*Соңку кайырма:*
*Кооз жерди гүлгө айлантkan,*
*Рахманали иним бар.*
*Кусалыка бүр байлантkan,*
*Курортумда сүйүүм бар.*

2007-жыл, 27-май 10-июнь.
Б.Ч.Ү. Өнөркана.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Махабат майрамы

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Абдукеримов.*



**Азап тартып жүргөнүмдө,**
**Арман күнгө түш болуп.**
**Аруулукка түнүп турам,**
**Ак сүйүүдөн күш конуп.**

**Кайрыма:**
**Жетине албай желбиреди,**
**Сезимимдин байрагы.**
**Бүгүн менин жүрөгүмдө,**
**Махабаттын майрамы.**

**Капа тартып жүргөнүмдө,**
**Кабагыма кар конуп.**
**Бар тарабым балкып турат,**
**Бак-таалайым бар болуп.**

**Кайрыма:**

**Кейиш менен жүргөнүмдө,**
**Кенен дүйнө тар болуп.**
**Маңдайыма жылдыз конду,**
**Махабатым жар болуп.**


**Кайрыма:**

2008-жыл,
январь кыш чилдеси.
Б.Ч.Ү. Өнөркана.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сулуулардын ичинен өзүң ширин

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Т.Режабалиев.*






*Кулагыма жагымдуу сөзүң ширин,*
*Кумарланып тиктеген эй көзүң ширин.*
*Караанына мен сенин кагыламын,*
*Карап турсам, турпатың, эй өзүң ширин.*

**Кайырма:**

*Ак жүзүң суунун мүрөгү,*
*Жамалың өзү гүл өңү.*
*Сuктантып жанды суусаткан,*
*Сулуунун белең чүрөгү.*

*Жыпар мончок, башкача жытың ширин,*
*Жандап бассаң, жарашкан эй боюң ширин.*
*От жандырган денеме, аяр кармап,*
*Назик күлүп айтылган эй оюң ширин.*

**Кайырма:**

*Жылаажындай сүйлөгөн үнүң ширин,*
*Жайнап күлсөң жарашкан эй күлкүң ширин.*
*Бул турмушка өзүңчө көрк бергенсип,*
*Сулуулардын ичинен эй өзүң ширин.*

2007-жыл, январь-апрель.
Б.Ч.Ү. Өнөркана.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Түшүмө кирдиң түндө сен

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Алыбаев.*



**Жыпар жыт каптап,**
**Дүйнөнү жибек жел эзген**
**Жүрөгүм чакмак,**
**Жүлүндөн бери дүрт эткен.**
**Сел болуп каптап,**
**Нур болуп аппак,**
**Түшүмө кирдиң түндө сен$^2$.**

**Ак кайың бүрдөп,**
**Ажайып аалам тиктесем.**
**Толкуну түрмөк,**
**Айдың көл мына издесем.**
**Токтолбо жүр! - деп,**
**Толкунга мин! - деп,**
**Түшүмө кирдиң түндө сен$^2$.**


**Ак куулар учуп,**
**Канатты күүлөп бийиктен.**
**Көңүлдү буруп,**
**Кайберен жүргөн бийик бел.**
**Көл болуп чалкып,**
**Жыт болуп аңкып,**
**Түшүмө кирдиң түндө сен$^2$.**

1-8.04. 2004-жыл.
ОБЧӨ - Кызыл-Сеңир.
К.Э.Р.Ү.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Өмүрлөш болсоң каражан

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган кытайлык кыргыз акыны*
*Нуртокто Дубапалы.*





Сулуудан сага кезигип,
Суктанып жүрдүм эзилип.
Сыртыңдан көзүң салсаң да,
Сыр бербей койдуң чечилип.

Кайрыма:
Өттү го күндөр арадан,
Өйүдү жүрөк жарадан.
Өзөгүм менин күйгүзбөй,
Өмүрлөш болсоң каражан.

Далай күн өтүп арадан,
Дартыңдан болдум жарадан.
Таалайсыз кылбай өзүмдү,
Тагдырлаш болсоң каражан.

Кайрыма:

Көп мезгил өтүп арадан,
Күйүттөн жүрөк жарадан.
Көп ойго салбай өзүмдү,
Көңүлдөш болсоң каражан.

Кайрыма:

20.07-15.08. 2004-жыл.
Кытай эл Республикасы,
Кызыл-Суу авт.обл.,
Артуш шаары.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Таарындым сага бул ирет

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган кытайлык кыргыз акыны*
*Нуртокто Дубаналы.*






**Ашыгып күйүп от болсом,**
**Ал тургай кызыл чок болсом.**
**Азаппы мага эмине² эй,**
**Айлыңа келсем жок болсоң².**

**Жүрөгүм күйүп от болсом,**
**Оттогу кызыл чок болсом.**
**Жүрөгүм менин күйбөйбү², ий,**
**Журтуңа келсем жок болсоң².**

**Сыр айтып сырым чечемби,**
**Сыздасам сага жетемби.**
**Сымбатым менен келсем да² эй,**
**Сырдаша албай кетемби².**

**Тагдырлар качан биригет,**
**Келбедиң күтсөм миң ирет.**
**Татына сулуу өзүңө² ий,**
**Таарынып калдым бул ирет².**

Кытай Эл Республикасы,
Кызыл-Суу автоном облусу.
Артуш шаары, Почта мейманканасы
503-б. 5-10.08. 2004-жыл.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Эсиме ал кез түшкөндө

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*






**Кыштактын чети ак сарай,**
**Кызыкка тойбос жаштык ай.**
**Ойночу элек чогулуп,**
**Акчөлмөк жоолук таштамай.**
**Э-э-э-э-э-эй, э-э-э-э-э-эй,**
**Акчөлмөк жоолук$^2$ таштамай.**

**Ак куудай болгон жүрөгүм,**
**Азыр да эстеп жүрөмүн.**
**Өзүңдү көрсөм өзгөчө,**
**Өрөпкүп турчу жүрөгүм.**
**Э-э-э-э-э-эй, э-э-э-э-э-эй,**
**Өрөпкүп турчу$^2$ жүрөгүм.**

**Сыртыңдан аяп бакчумун,**
**Сырымды ичке катчумун.**
**Эшилген жоолук тийгенде,**
**Эчкирип ийе жазчумун.**
**Э-э-э-э-э-эй, э-э-э-э-э-эй,**
**Эчкирип ийе$^2$ жазчумун.**


**Өкүндүм баары бүткөндө,**
**Айтпаган айып бүт менде.**
**Эми да алам үшкүрүп,**
**Эсиме ал кез түшкөндө.**
**Э-э-э-э-э-эй, э-э-э-э-э-эй,**
**Эсиме ал кез$^2$ түшкөндө.**

14.16.06. 2001-жыл.
Кызыл-Сенир.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сүйүү арман

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Стамбеков.*




Көңүлүм көптү сүйсө да,
Бир сени сүйдүм жүрөктөн.
Жүз жылы жашайт кеминде ай,
Жүзүңдөн шоолам бир өпкөн.

Кайрыма:
Адамдан секет чыгабы,
Сезимди сенче козгогон



Так эми мына ынандым ай,
Тариел неге боздогон.

Кумары бизче болгондур,
Кулмырза менен Аксаткын.
Кулптана бербей ачылчы да,
Куп эле жаным какшаттың.

Кайрыма:
Күлкүң бир тийген жерлерге,
Күн чыгабы эркем ай.
Күйүп бир кетмей болдук го да,
Үн чыгабы эркем ай.

Сүйгүзгөн болсо сенчелик,
Сүйгөн жан болоор менчелик.
Боздотпой ушул өмүрдө ай,
Болсоңчу мага жан шерик.

Кайрыма:
Урунса көзгө көздөрүң,
Унутуп баарын өзгөмүн.
Билип кой сага жетпесем ай,
Бир өмүр жаным бөксөмүн.

1.01.-3.01. 2003-жыл.
Медициналык окуу жайы,
№3-жатакана.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жолукчу жоодураган акмаралым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*




**Өмүрдө өкүнүү бар кубануу бар,**
**Өмүрдө бүтүү бар да улануу бар.**
**Үзүлгөн жолду кайра жалгайлычы,**
**Өзүңдөн суусап күткөн[2] эй сурануу бар.**

**Таарынба ташта баарын ташта баарын,**
**Эңсеткен сагынычтан башкаларын.**
**Желектей желбиретип жоолугуңду,**
**Жолукчу жоодураган[2] эй акмаралым.**

**Алоолойт жүрөгүмдө жанган жалын,**
**Аккуу ким, сен ким көлдө айралбадым.**
**Сагынчым сабадагы саамал болду,**
**Таркатчы жоодураган[2] эй акмаралым.**

Кайрыма:
**Желектей желбиретип жоолугуңду,**
**Жолукчу жоодураган[2] эй акмаралым.**

17-29.07. 2002-жыл.
Жайчилде.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Келем сага

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган М.Мукашев.*






Күн көздөрүн ушалап ачкан кезде,
Таң саламын булбул куш айткан кезде,
Жаз жамалы жашылданып аткан кезде,
Келем сага³.

Күн илеби жер бетин ысытканда,
Ак мөңгүлөр көз жашын куюлтканда.
Жай жамалы жарашыгын уюлтканда,
Келем сага³.

Күн ченемин жер эне сезген кезде,
Күжүрмөн иш берекесин берген кезде.
Күз жамалы күмүш көйнөк кийген кезде,
Келем сага³.

Күн эртелеп түнөгүнө жаткан кезде,
Бак-дарактар муз шурусун таккан кезде.
Кыш жамалы тоолорумду жапкан кезде,
Келем сага³.

15.03. 2001-жыл.
22.02. 2002-жыл.
Курман айт. №3-жатакана.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Татынакай сүйүүнү таарынтыпбыз

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган К.Бакиев.*






**Билип калат деп жүрүп, билип калат,**
**Махабаттан мас кылчу биз айрылыпбыз.**
**Тазалыгы тамчыдай шүүдүрүмдүн,**
**Татынакай сүйүүнү биз таарынтыпбыз.**

**Э-э-э-э-эй,**
**Татынакай сүйүүнү биз таарынтыпбыз.**

**Мезгил өттү токтобой арыш керип,**
**Экообүздү эки жакка кетти бөлүп.**
**Өтсө дагы убакыт андан бери,**
**Эңсейм сени дагы эле мен түштө көрүп.**

**Э-э-э-э-эй,**
**Эңсейм сени дагы эле мен түштө көрүп.**

2001-жыл. Март.
Жалал-Абад.

# Ошондо болгон бир иштир

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*




**Элесиң түшкө кириптир,**
**Эриңди эрин сүйүптүр.**
**Оролуп ойдон кетпеген, ай,** } Эки
**Ошондо болгон бир иштир.** } жолу.

**Үмүтүм жорго миниптир,**
**Үлбүрчөк көйнөк кийиптир.**
**Көодөнгө салсаң бушайман, эй,** } Эки
**Көңүлдө калган бир иштир.** } жолу.


**Ойлонтот сулуу келин бир,**
**От жанган ысык эриндир.**
**Өткөндү эстеп сыздаткан, эй,** } Эки
**Өксүткөн ушул өмүрдүр.** } жолу.

24.04 – 20.05. 2003-жыл.
Кызыл-Сеңир – Жалал-Абад.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жарайсыңбы жароокер бир ишиме

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*






*Жалын сунган гүлүм сен гүл ичинде,*
*Жарайсыңбы жароокер бир ишиме?*
*Урчугуна урунуп кыялдардын,*
*Уйку көрбөй кыйналамын түн ичинде.*
*Ээ-ээ-ээ-эй, ээ-ээ-ээ-эй.*
*Уйку көрбөй кыйналамын түн ичинде.*


*Жоогазындай гүлүм сен гүл ичинде,*
*Жолтоо болуп жүрөсүң бир ишиме.*
*Жок санааны көңүлүм кайдан тапты,*
*Жоо алгырдын тийгенби үлүшүнө.*
*Ээ-ээ-ээ-эй, ээ-ээ-ээ-эй.*
*Жоо алгырдын тийгенби үлүшүнө.*

*Ак шооласы узарган үмүтүмө,*
*«Алтын казык» болуп бер түн ичинде.*
*Күндө тийген күн болуп бербесең да,*
*Күнөөкөр бол жүрөктүн бир ишине.*
*Ээ-ээ-ээ-эй, ээ-ээ-ээ-эй.*
*Күнөөкөр бол жүрөктүн бир ишине.*

20.02. 2001-жыл.
20.01. 2002-жыл.
Кызыл-Сеңир.

# Балака

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Создун жазган Ш.Абдраманов.*






Жигит: *Жаз болчу жашыл айлана,*
*Жаңгактар сөйкө байлана.*
*Тереңдеп кеттик токойго,*
*Тергенсип гүлдөн жай гана.*

Экөө: *Түнт токой асман көрүнбөс,*
*Тил катып бизден качты сөз,*
*Кызыга тиктеп бир-бирин,*
*Кылгырып турду эки көз.*

Экөө: *Жай күнү кызык жаш бала,*
*Жабылып асман бат гана.*
*Куюлтту өткүн жамгырын,*
*Каткырып булут мактана.*

Экөө: *Жашындык шакка ортолоп,*
*Жамырайт жамгыр шорголоп,*
*Карс этсе сүрдүү чагылган,*
*Кынала калдык корголоп.*

Кайрыма:
Экөө: *Биз турган ошол балака,*
*Бой жеткен бийик жаңакка.*
*Оюма салат жаштыкты,*
*Окшобой өзгө даракка.*

8-9.11 – 20.12. 2003-жыл.
Кызыл-Сенир – ОБЧҮ.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Бир айып

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*






*Ажарың айдай чырайың[2],*
*Ак жибек кийсең ылайык[2].*
*Ашыгың болуп калбаган[2] ээ-ий,* } Эки
*Арман күн, менде бир айып[2].* } жолу.

*Жоогазын гүлдөй чырайың[2],*
*Жоолугуң кызыл ылайык[2].*
*Жоругуң кандай билбедим[2] ээ-ий,* } Эки
*Жоо алгыр менде бир айып[2].* } жолу.

*Гүлкайыр гүлдөй буралып[2],*
*Гүлгүн жаш сага ылайык[2].*
*Кусадар болуп жетпеген[2] ээ-ий,* } Эки
*Кургур ай, менде бир айып[2].* } жолу.

*Күйүткө түшсөм муңайып[2],*
*Күлгөнүм кимге ылайык[2].*
*Башканы сүйүп көрбөгөн[2] ээ-ий* } Эки
*Башымда ушул бир айып[2].* } жолу.

*Өзгөнү сүйүп билбеген[2] ээ-ий,*
*Өзүмдө ушул бир айып[2].*

2-4.08. 2003-жыл.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сүрөтүң менин сырдашым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Раимбеков.*




Ал кезде жаңы таанышып,
Дал келип ойлор табышып.
Биригип кетти кош жүрөк,
Бир-бирин эңсеп кагышып.

Көрүшпөй калсак күн өтпөй,
Түш көрбөй бир да түн өтпөй.
Түбөлүк бирбиз дечүбүз,
Түгөйлөш эгиз жүрөктөй.

«Сакта», - деп берип сүрөтүң,
Кылгырып келип бир өптүң.
Эсимден кетпейт эх чиркин!
Жупташкан ошол мүнөтүм.


Самаган ойго жетпедик,
Сүйүүгө толгон кез кетип.
Сүрөтүң карайт кылгырып,
Сен өпкөн кезди эстетип.

Сен берген ошол эстелик,
Сактаймын дайым эскерип.
Сүрөтүң менин сырдашым,
Сагынсам кайрат, эрк берип.

10.07.- 20.10. 2005-жыл.
Жалал-Абад, «Хаят».
Кызыл-Сеңир.

# Кыйышпас селки кайыр кош

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган И.Стамкулов.*




Көл жээгин далай бойлодук,
Көп эле сөздү козгодук.
Көп күнү бирге жүрсөк да эй
Көңүлдөр канып тойбодук.
Кыйлага бирге болдук дос эй,
Кыйышпас селки кайыр кош.

Суу боюн далай бойлодук,
Сүйүүнүн сырын козгодук.
Сүйлөшүп бирге жүрсөк да эй,
Сүйүүгө такыр тойбодук.
Кыйлага бирге болдук дос эй,
Кымбатым селки кайыр кош.

Болундук селки кайыр кош,
Болуштук сырды болуп дос.
Болуноор эми кез келди эй,
Бөлөктөр болсо жолун тос.
Анчага бирге болдук дос эй,
Асылым селки кайыр кош.

Жакшы тур селки кайыр кош,
Жакшы эле жүрдүк болуп дос.
Ажыраар эми кез келди эй,
Ардагың болсо жолун тос.
Анчага бирге болдук дос эй,
Алтыным селки кайыр кош.

Март. 2005-жыл

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жолукпасак не болмок?

*(Бул ырымды өмүрлүк жубайым Патилага арнадым)*

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган П.Байтиков.*






**Күтөмүн кереметин ар бир күндүн,**
**Кезегин өтүп жаткан айлуу түндүн.**
**Кейиште өмүр өтмөк жолукпасак[2] эй,**
**Кездешпей арзуусуна сендей гүлдүн.**

**Мээримим ашып-ташып дегдегенде,**
**Бир жаным мелт-калт болоор сен дегенде.**
**Тагдырдын тартуусунан кур калмакпыз[2], эй,**
**Жаралып сен өмүргө келбегенде.**

**Тамылжып тамчы болом дегдегенде,**
**Тартууга жаным үрөйм сен дегенде.**
**Тагдырлар бөксө бойдон өтүп кетмек[2] эй,**
**Жаралып сен жашоого келбегенде.**

**Кайран жан өтүп кетмек кабары жок,**
**Жаралып сен дүйнөгө келбегенде.**

20.09. - 1.11. 2005-жыл.
«Хаят» - Кызыл-Сеңир.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Өтөм жоктоп

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Бегимкулова.*






*Күтүүлөр токтоп калган саатка окшоп,*
*Сабырдын чеңгелинде калдым жоктоп.*
*Сезимим актай калган кагазга окшоп,*
*Мен сени аппак таңдай калдым жоктоп.*

**Кайрыма:**
*Санаалар чимирилген ийикке окшоп,*
*Мен сени өтөт окшойм такай жоктоп.*

*Булуттуу бүркөк аткан таңдарга окшоп,*
*Мен сени жарык шамдай калдым жоктоп.*
*Бүлбүлдөп жанып турган шамдарга окшоп,*
*Мен сени ак бароктай, калдым жоктоп.*

**Кайрыма:**
*Санаалар чимирилген ийикке окшоп,*
*Мен сени өтөт окшойм дайым жоктоп.*

2004-жыл. Ноябрь.
ОБЧҮ. Жалал-Абад.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Бул ырлар сага белегим

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Алыбаев.*




**Мүнүшкөр окшоп бактырган,**
**Мүнөзүң сенин асылдан.**
**Туу туткан дүйнөм сен болдуң, эй,**
**Тумарым болуп катылган.**

**Экөө: Көкөлөп учуп наз кылган,**
**Көңүлдө кышты жаз кылган.**
**Кезиккен дүйнөм сен болдуң, эй,**
**Кезинде мени азгырган.**

**Экөө: Сүйүүдөн бүткөн дил менен,**
**Сүйлөшкүм келет гүл менен.**
**Ашыктык сырын анткени, ай,**
**Айтууга сенден ийменем.**

**Кайрыма: Экөө:**
**Сүйгөнүм үчүн чынында,**
**Сүрөтүң турат ырымда.**
**Торгоюң болсом жаманбы, да,**
**Тоо гүлү сендей сулууга.**

**Кайрыма:**
**Сүйүү деп ырдап келемин,**
**Сүйүүгө көптөй берээрим.**
**Бүлүгүп жүрөк ырдаган, эй,**
**Бул ырлар сага белегим.**
**Сүйкүмдүү менин периштем, эй,**
**Бул ырлар сенин белегиң.**

АВ 19.01-21.01.
2005-жыл.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жетем сага

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*




***Таң калам табышмактуу мцнөзцңө,***
***Сен мени сезип сезбей жцрөсцң ээ.***
***Жалынган жаратканга жан болдум эй,***
***Жалбарам жалгыз тцшкөн эй сцрөтцңө,***
***Жалбарам жалгыз тцшкөн эй сцрөтцңө.***

***Жай бербес жалын кцйцп өзөгцмдө,***
***Чабактай ооналактайм эй төшөгцмдө.***
***Көөдөндө жцрөк согуп турган чакта,***
***Кцмөн жок менин минтип эй өтөрцмдө,***
***Кцмөн жок менин минтип эй өтөрцмдө.***

***Жанга окшоп оору эмес, оорулуу да,***
***Бир кызык сезим мени эй тоорудуу да.***
***Адамдай борошодон калкаланган,***
***Орондум сары санаанын эй жоолугуна,***
***Орондум сары санаанын эй жоолугуна.***

***Бцлбцлдөп тцндө кцйгөн жарык болуп,***
***Жцрө бер миң тцйщцккө эй салып коюп.***
***Баары бир тирцц болсом жетем сага,***
***Тогуз балл толкун жиреп эй кайык болуп,***
***Тогуз балл толкун жиреп эй кайык болуп,***
***Жетермин толкун жиреп эй кайык болуп.***

1.10. - 23.12. 2005-жыл.
«Хаят» - ОБЧҮ.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Барам сага

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*





*Таң шооласы нур чачканда,*
*Тал-теректер бүр ачканда.*
*Кыр-кырлардан кол булгалап,*
*Кызгалдактар гүл ачканда.*

Кайрыма:
*Алга сүрөп үмүт гана,*
*Алоолонуп күйүп-жана,*
*Бар жогума кайыл болуп,*
*Барам сага, барам сага.*

*Жылдыз көктө тагылганда,*
*Жылгадан суу агылганда.*
*Алтын сөйкө сыяктанып,*
*Ай кайрадан жаңырганда.*

Кайрыма:
*Алга сүрөп үмүт гана,*
*Алоолонуп күйүп-жана,*
*Бар жогума кайыл болуп,*
*Барам сага, барам сага.*

*Дайра толуп чамынганда,*
*Дарак жоолук салынганда.*
*Санаам сары саамал болуп,*
*Сага карай агылганда.*

Кайрыма:
*Алга сүрөп үмүт гана,*
*Алоолонуп күйүп-жана,*
*Бар жогума кайыл болуп,*
*Барам сага, барам сага.*

Rp: 1998-ж. 11-16.09.
Кызыл-Сенир, Аксы, Жалал-Абад.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Ошондогу жанган от

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*






Суйкайып тоо башынан таң атканда,
Сулуулук бизди тартып баратканда.
Жылыткан илебиңден кучак бошоп,
Жылдызың карегиңден жанат мага,
Жылдызың карегиңден жанат мага.

Балкыган чолпон жылдыз батаарында,
Пардасын жарык дүйнө ачаарында.
Кымбат жок сенден бөлөк кантсем дагы.
Кыялбай өзүң турсаң катарымда,
Кыялбай өзүң турсаң катарымда.

Болуңду колубуздун салаалары,
Болунбой кош жүрөктүн санаалары.
Айласыз экөөбүздү ажыратып,
Аңгыча түндү серпип таң агарды,
Аңгыча түндү серпип таң агарды.

Коштоштук кобурашпай шыбырашып,
Кол үзүк эриндерди кыбыратып.
Жанган от менде калды ошондогу,
Жатамын азыр мына ырга жазып...
Жатамын азыр мына ырга жазып...

# 1996-жыл,
15-20.12.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө

Обонун жазган А.Бедияров.
Сөзүн жазган Б.Карагулова.




**_Сен кеткен караңгы жол жарык чачып,_**
**_Күнүгө карай берем өңдөн азып._**
**_Билгизбей тушап коюп кетиптирсиң,_**
**_Жаралап жүрөгүмө атың² жазып._**

**_Жумуштан шаңдуу кайтып түнөгүмө,_**
**_Оорубай куландан соо жүргөнүмдө._**
**_Догдурдун күчү жеткис илдет берип,_**
**_Сүйүүңдү сыйпап кеттиң² жүрөгүмө._**

**_Асманда шамал толкуп булут үркөт._**
**_Ырдасам каргылданып үнүм бүтөт._**
**_Коштошуп койдум беле курган жаным,_**
**_Канткенде эми сенсиз өмүр өтөт._**

# 1995-жыл, июль.



# Көзүңдөбү керемет

Обонун жазган А.Бедияров.
Сөзүн жазган Н.Алымбеков.




**Катасыңбы сырыңды, катасыңбы,**
**Карегиңден айталбай жатасыңбы.**
**Айтпасаң да жактырып калдым окшойт,**
**Адеби бар адамдык сапатыңды².**

**Ичиңдеби илебиң, ичиңдеби,**
**Илебиңдин кызылы жүзүңдөбү.**
**Көңүлүңдү мен сыйлап калдым окшойт,**
**Көп кыйнабай адамды түшүнгөнүң².**

**Күлгөнүңдү жактырып, күлгөнүңдү,**
**Күнөкөрдөй айталбайм билгенимди.**
**Билип жүрсөң болду эле мындан ары,**
**Үмүт үзбөй өзүңдөн жүргөнүмдү².**

1997-жыл. 29.01-10.02

Жалал-Абадская областная библиотека

# Бозойдун ыры

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзү элдики.*






Бозоргон тоонун этеги,
Бозоруп туман кетеби.
Ботокөз анда мен мында э-эй,
Боздосом үнүм,
Зарласам үнүм,
Муңкансам үнүм жетеби.

Карарган тоонун этеги,
Карарып туман кетеби.
Каракөз анда мен мында, э-эй,
Какшасам үнүм,
Кайгырсам үнүм,
Кыйкырсам үнүм жетеби.

Суу боюнда четинсиң,
Сулуу бир келин экенсиң.
Сулуу бир бойдон жүрө бер э-эй,
Суктансам келбейт,
Сурансам келбейт,
Сыздасам сезбейт экенсиң.

Көл боюнда четинсиң,
Көркөмдүү келин экенсиң,
Көркөмдүү бойдон жүрө бер э-эй,
Көз кыссам келбейт,
Ымдасам келбейт,
Ырдасам келбейт экенсиң.

1984-жыл. Март.
Бостон.

# Сагынам сени сагынам

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Сатаров.*






**Сагынып келип алыстан,**
**Санаага кайра кабылам.**
**Демиңе демим жылытпай да,**
**Өзүңдү жоктоп зарыгам.**
**көңүлдө тутуп жүзүңдү ай,**
**Сагынам сени сагынам.**

Кайрыма:

**Күлкүңдү эстеп күн-түнү ай,**
**Сагындым сени сагындым.**

**Кең дүйнө сага багынган,**
**Каректе чексиз агылган.**
**Кейитет кээде тагдырым ай,**
**Кейиштүү дүйнө тарыган.**
**Арманым менин арманым ай,**
**Сагынам сени сагынам.**

Кайрыма:

**Алыстап менден ардагым ай,**
**Сагынттың мени сагынттың.**

**Гүл десем гүлдөй жайнаган,**
**Өмүрүм сенсиң арбаган.**
**Болсоң да менден алыста ай,**
**Болсо деп күтөм ар качан.**
**Амандык тилеп өзүңө да,**
**Сагындым сени сагындым.**

Кайрыма:

**Кусалык күчөп көңүлдө ай,**
**Сагындым сени сагындым.**

1994-жыл.
Мед. окуу жайы.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Табылабы таалайыңа мендей ким

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Барпиев.*




Эмне мынча алыстайсың күнүгө,
Эркем түшүн күнөө койбой сүйүүгө.
Жүрө бербе жүлүнүмдү бошотуп,
Жүрөк согуп дагы даяр күйүүгө.
Эмне мынча алыстайсың күнүгө.

Күндөр келип мени табаар сезимиң,
Мен токтолуп күчү кетээр сезимдин.
Карегиңдин нуру кетип өзгөрүп,
Кызылы өчөөр сүйүп жүргөн жүзүңдүн.
Күндөр келип мени табаар сезимиң.


Бул жашоого биз мейманбыз аны бил,
Сүйлөшкөндөр, сүйүшкөндөр алар миң.
Жакшы көрүп бир өзүңө берилген,
Табылабы таалайыңа мендей ким.
Күндөр келип мени табаар сезимиң.

Rр: 1997-ж. 21.08-26.09.
Жалал-Абад, Кызыл-Сеңир.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Ойлодуң бекен мени сен

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Жусуев.*






**Сабылып көөнүм суз болуп,**
**Санаага калсам туш болуп.**
**Заматта сага жетсем дейм,**
**Закымдап учкан куш болуп,**
**Закымдап учкан[2] куш болуп.**

**Таалайым ташкан чагында,**
**Таңшыса бүлбүл багымда.**
**Сезүүгө бирге жыргалды,**
**Сен болсоң деймин жанымда,**
**Сен болсоң деймин[2] жанымда,**

**Аппак кар баскан жер үстүн,**
**Аязда келет көрүшкүм.**
**Өчөшкөн сага бороонду,**
**Өзүңдөн келет бөлүшкүм,**
**Өзүңдөн келет[2] бөлүшкүм,**


**Сыртыңдан минтип ээрисем,**
**Сыр билгим келет эмитен.**
**От болуп күйүп мен жүрсөм,**
**Ойлодуң бекен мени сен,**
**Ойлодуң бекен[2] мени сен.**

**Rp:** 1999-жыл.
Август.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сезимде калды элесиң

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Т.Казаков.*



*Бул турмуш деңиз тура кемибеген,*
*Жакшылык жамандыгын ченебеген.*
*Тымызын кош айтышып жаткан кезде,*
*Мен сени унутам го[3] деген элем.*


*Көрсө сен катар басып койбоптурсуң,*
*Бүтүндөй өмүрүмдү ойноптурсуң.*
*Жүрөктө балалыгым кандай калса,*
*Сен дагы дал ошондой[3] орноптурсуң.*

1987-жыл. Июль. Бостон.



# Жаштыгыңды аядым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Бегимкулова.*



*Имерилип неге мынча карадың,*
*Ийик сымал ийрип жибин санаанын.*
*Ишенимиң сынбасын деп садага,*
*Ийнеликтей назиктигиң аядым.*

*Кирпигиңди кайра-кайра кададың,*
*Кайдан билдим менден нени самадың.*
*Катар баспай жалгыз кеттим садага,*
*Калтар сындуу келбетиңди аядым.*


*Оозун ачпай оорул бүткөн жаранын,*
*Ойлорумду жүрөгүмө камадым.*
*Таарынбагын таттуу сөзүм укпасаң,*
*Тамчы суудай тазалыгың аядым.*

1993-жыл. Август.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Түш эмес өңүм болсочу

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Апарбаев.*



**Мен өпсөм эриниңден алкымыңдан,**
**Кылгырып көзүң жумдуң жоодураган.**
**Мас болуп махабаттын илебине,**
**Чырмалдың чыкпас болуп кучагымдан.**

**Элесиң закым болуп жалжылдаган,**
**Ойгонсом түшүм экен мени алдаган.**
**Чын эле мээрим төгүп өзүң болуп,**
**Түш эмес өңүм болсо аттиң арман.**

1995-жыл, апрель.



# Кайра келчи

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Жусуев.*



**Андан бери сан жыл өттү арыштап,**
**Ал күндөрдөй сен да кеттиң алыстап.**
**Араздашпай алысташың себепсиз,**
**Азыр дагы бир мен үчүн табышмак.**

**Сен гүл болдуң бир суктантып жашынган,**
**Сен куш болдуң кокус колдон качырган.**
**Арабызды айлар жылдар бөлсө да,**
**Ашыктыгым бир өзүңө ашынган.**

**Багым даяр сени күтүп аңкыган,**
**Жаным даяр сени күтүп балкыган.**
**Кадырыңа жетээр кезим ушул кез,**
**Кайкып учуп кайра келчи каркырам.**

1982-жыл, июнь. Бостон.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Түшүмө сени кирсе дейм

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Ш.Монолдоров.*






**Түшүмө сени кирсе дейм,**
**Түр көйнөк кийип келсе дейм.**
**Түзөңдөн терип гүлдесте эй, гүлдесте**
**Түшүмдө черди жазса дейм.**

**Санаамда түшкө кирсе дейм,**
**Саймалуу төргө келсе дейм.**
**Сары оору болгон жүрөктүн эй, жүрөктүн,**
**Сагынчын жазып берсе дейм.**


**Уйкумда түшкө кирсе дейм,**
**Улуу тоо жакка келсе дейм.**
**Улардай мукам үн салып, эй үн салып,**
**Убайым жебе десе дейм.**

**Таңга жуук түшкө кирсе дейм,**
**Тамылжып жүзүң турса дейм.**
**Таңкалтып мени түшүмдө, эй түшүмдө,**
**Таанышып бир обон созсо дейм.**

Ⓐ 1993-жыл,
октябрь-ноябрь.

# Аман бол сенден тұңүлбөйм

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Сатаров.*






***Жайдын ысык аптап күндөрү,***
***Айдын толгон жылдыз түндөрү.***
***Жолугуштук кумар канбастан,***
***Бир сүйүүнүн жайнап гүлдөрү,***
***Сагынычты айттык ээ-эй талбастан,***
***Жалындадык арнап тунук сүйүүнү.***

***Көп учурда айтпай ар жагын,***
***Жашайм сезип сүйүү таңдарын.***
***Капилеттен кирип жашоого,***
***Капилеттен мени арбадың.***
***Сен жөнүндө айтып ээ-эй тоолорго,***
***Бир өзүмдү жалгыз сага арнадым.***

***Кеч келгенге кимди күнөөлөйм,***
***Билген менен мурда сүйбөгөм.***
***Жашоо деген улук нерсе экен,***
***Бере көрсүн сүйүү пендеге.***
***Адам барбы арман ээ-эй кылбаган,***
***Аман бол деймь, бирок сенден түңүлбөйм.***

1995-жыл.
Апрель, май.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Ал мендирмин

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*



**Тиштерине жашырып,**
**Тилектерин аруу, ак.**
**Жүрөгүнө аш барбай,**
**Жүрсө бирөө заруулап.**
**Айдай сулуу сен билгин,**
**Ал мендирмин, мендирмин.**

**Жаратканга жалынып,**
**Жакшылыктан түңүлбөй.**
**Бапестесе ким сени,**
**Бакчадагы гүлүндөй.**
**Ай-ай сулуу сен билгин,**
**Ал мендирмин, мендирмин.**

**Rp:** 1999-жыл, 7.02-15.03.



# Өтүнүч

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Т.Кашенов.*



**Жоодураган жүзүңдү үйрүп көчээ эле,**
**Жолукканда терс бурулдуң ай көчөдө.**
**Кара көзүм эске салчы таарынбай,**
**Кадырлаштар кечиришет дешүү эле.**

**Мен турамын ичтен муңга учурай,**
**Күлчү жаным кабагыңды ай чытыбай.**
**Жан кейитип ойго сала бербестен,**
**Жарк дей түшчү каухары бар кутудай.**

**Ак сүйүүңдүн аппактыгын байкабай,**
**Балким менден кеткен чыгаар ай чекилик.**
**Сураанарым айкөлдүгүң карматып,**
**Баарын койчу жан секетим кечирип.**

1976-жыл, март.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Кантейин корком ушактан

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*



**Көйгөйлүү тура кайран жан,**
**Көпөлөк болдум айланган.**
**Күндүздай кара чачыңа,**
**Көңүлүм небак байланган.**
**Келишкен сындуу мүчөңө,**
**Көңүлүм² небак байланган.**

**Өзүңдү теңеп ай-күнгө,**
**Өрттөнөт жүрөк кай бирде.**
**Оролуп алдың сезимге,**
**Окшойсуң жаным кай гүлгө.**
**Тереңдеп кетти ойсанаа,**
**Теңеймин² сени кай гүлгө.**

# 1994-жыл, ноябрь. Бишкек.



# Күтүү

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Ш.Калыков.*



**Күттүм сени жан дүйнөмдүн эрмеги,**
**Көңүл эргип аруу сүйүүм ай дегдеди.**
**Кетээр элем колду шилтеп кайрылбай²,**
**Жүрөк чиркин ага моюн ай бербеди.**

**Түндөрдү эңсейм кыналышып сыр укчуу,**
**Күлкүң наздуу жанга сүйкүм ай кылыктуу.**
**Келбесең да көңүлдөгү муз ээрип²,**
**Келем деген сөзүң ичти ай жылытты.**

**Rp:** 1999-ж. 20.02 – 05.03.

Жалал-Абадская областная библиотека

# *Махабатка ишеним*

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Рыскулов.*






**Мындай таалай тилебегем теңирден,**
**Мындай күндү күтпөгөнмүн же бир мен.**
**Эсим эки болуп турат эркетай[2],**
**Эриниңдин даамы кетпей[2] эринден.**

**Арга жоктур буйругуна кудайдын,**
**Аттиң эрте көрбөгөнүм бул айбым.**
**Жакшы жатып жакшы түш көр десем да[2],**
**Кош дегенге кантип гана[2] чыдаймын.**

**Үн алышып бир жүрөккө бир жүрөк,**
**Үнсүз-сөзсүз көшүлөсүң үргүлөп.**
**Арта калсаң ак жумуру билегиң[2].**
**Ах, алкымың үлбүрөктөн[2] үлбүрөк.**

**Жан жыргатып жалбыз жыттуу илебиң,**
**Жабышты бек моюнума билегиң.**
**Мындан ары махабатты ырдаймын[2],**
**Махабаттын бар экенин[2] билемин.**

AS 1992-жыл. Февраль, март.
Жалал-Абад курорту.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Бир сырым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*






Салкын жел билет таң сырын,
Санаалаш билет жан сырын.
Жүрөбү сенин дилиңде,
Жүрөктө болгон бар сырым.
Жүрөктө болгон,
Сезимде болгон,
Көңүлдө болгон бар сырым.

Таң жели билет гүл сырын,
Табият билет миң сырын.
Сезимди козгоп жүрсө эгер,
Сен үчүн ошол бир сырым.
Сен үчүн ошол[3] бир сырым.

Кайберен билет чөп сырын,
Карылар билет кеп сырын.
Илебин байкап билдиңби,
Ичимден чыккан өрт сырын.
Ичимден чыккан,
Сезимден чыккан,
Өзөктөн чыккан өрт сырын.

Ичкендер билет чай сырын,
Ишенген айтат жай сырын.
Ар жагын эми өзүң бил,
Айтылбай калды кай сырым.
Айтылбай калды, чечилбей калды,
Жашыруун калды кай сырым.

1994-жыл, 15.12.

# Кечирчи

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Шарипова.*






**Мен сени мурдатадан таанийт элем,**
**Күтүүсүз кайрадан биз жолугуштук.**
**Бекиткен сагынчымды сезбедиңби[2],**
**Түшүнүп сөздөрүмдөн[3] безеленген.**

**Өзүң жок кайгыга мен тебелендим,**
**Саргайып жамгыры жок чөптөй оңдум.**
**Азаптуу ал сапарды карытканда[2],**
**Асманга сапырылды[3] тилектерим.**

**Түнөрүп кабак чытып жалгыздыкта,**
**Ойлуумун, ойлоп сени ушул тапта.**
**Кечирчи көп сөздүү мен болуп кетсем[2],**
**Болгону баш ийгеним[3] турмуш шартка.**

1992-жыл. Март.

# Анда кимде күнөө бар?

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков,*
*О.Соорбаев.*




**Элесимде бирөө бар,**
**Элжиреткен мүдөө бар.**
**Ээлеп алдың санаамды ай.**
**Эми кимде күнөө бар [2].**

**Кыялымда мүдөө бар,**
**Кылт дей түшкөн бирөө бар.**
**Делбир болду жүрөгүм ай,**
**Деги кимде күнөө бар [2].**



**Айдың көлгө барсамбы,**
**Ак кууга кушум салсамбы.**
**Азабың тартып жүргөнчө,**
**Ашыгың болуп алсамбы.**
**Айдың көлдүн ак куусундай,**
**Түгөйлөш болуп алсамбы.**

**Өзөнгө сууга барсамбы,**
**Өрдөккө кушум салсамбы.**
**Өзүңдү тагдыр буйруса,**
**Өзүмдүк кылып алсамбы.**
**Өзүңдү жазмыш буйруса,**
**Өзүмдүк кылып алсамбы.**

**Жакшы дилде тилөө бар,**
**Жаман тилде бүлөө бар.**
**Ак жоолугун булгалап,**
**Арзып күткөн бирөө бар.**
**Арманы күч шум дүйнө,**
**Анда кимде күнөө бар.**
**Анда кимде, айтчы кимде**
**Деги кимде күнөө бар.**

# 1996-жыл,
сентябрь.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сен турупсуң

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Малаев.*



***Илебиңе илебим тийип кетти,***
***Ичим жалын чок болуп күйүп кетти.***
***Тамырларым тарсылдап ток ургандай,***
***Кыян болуп кандарым да жүрүп кетти.***

***Жамгыр жаап басылган убагында,***
***Тунжуроолор басаңдап кулагымда.***
***Ойгонгонсуп акырын көзүмдү ачсам,***
***Сен турупсуң балкыган кучагымда.***

1976-жыл. Бостон.



# Купуя сыр

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Г.Абдылдаева.*




***Көңүлдө көптөн берки сыр бар эле,***
***Көрсөтпөй жан адамга катып келем.***
***Көкөйдү кескен черди тарката алсаң, ээй,***
***Калтырбай баарын сага[3] айтып берем.***

***Сезимде бир купуя сыр бар эле,***
***Сездирбей жан адамга сактап келем.***
***Сүйүүлөр ажырагыс болгон кезде ээй,***
***Сыпатпай сыр түйүнүн[3] чечип берем.***

1981-жыл. Бостон.

# Ушундай беле бешене

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*




**Көксөгөн ойлор эй жыш эле,**
**Көкөлөп учкан эй куш эле.**
**Көргөнүм жалгыз ээ-эй сен болуп², **
**Көңүлдүн дарты эй ушу эле.**

**Гүлгүн жаш сенсиз эй бай беле,**
**Күркүрөп аккан эй дайра эле.**
**Толукшуп турган ээ-эй ажарың²,**
**Тоо башын өпкөн эй ай беле.**

**Ал мезгил алтын эй кез эле,**
**Алтын кез өттү эй тез эле.**
**Унуткус күндөр ээ-эй эми жок²,**
**Ушундай беле эй бешене?**

**Rp:** 2000-жыл. 1-21.06. Жалал-Абад.



# Капырай каламынбы унутулуп?

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Жусуев.*



**Жашынып экөөбүздүн жашыл аалам,**
**Жаз өттү сендей жайнап жадыраган.**
**Дал болуп сенсиз жалгыз турам күздө,**
**Дарактай жалбырактан ажыраган².**

**Кайгымды турса сендей сулуу түюп,**
**Кабатыр болбос элем улутунуп.**
**Кабылып кайдыгерлүү сезимиңе,**
**Капырай каламынбы унутулуп².**

**Rp:** 1999-жыл. Ноябрь, декабрь, 20-февраль. Кызыл-Сеңир.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сен жаз элең

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Абакиров.*






**Сен жаз элең сулуулук көрк батырган,**
**Күндөй жайнап, гүлдөй назик ачылган.**
**Колду сундум бирок сага кошулбай,**
**Купуя сыр жан дүйнөмө жашыргам.**

**Кайрыма:**
**Эми минтип өмүрлөргө күз жетип,**
**Өң кыярды жалбыракка түздөшүп.**
**Алоо сезим салкын тартып баратат,**
**Алыстайсың эңсөө менен² түш кетип.**

**Сен бир кезде толукшуган жай элең,**
**Тоо артынан түндө чыккан ай элең.**
**Ошондо да үн катпастан көз салдым,**
**Ах, кыйчалыш түш келбедим сага мен.**

**Кайрыма:**
**Эми минтип өмүрлөргө күз жетип,**
**Өң кыярды жалбыракка түздөшүп.**
**Алоо сезим салкын тартып баратат,**
**Алыстайсың эңсөө менен² түш кетип.**

1988-жыл, июль.
Бостон.

# Махабатым менин жалгыз арманым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Сатаров.*






**Кимге айтып, кимге барып сырдашам,**
**Жалгыз сени көп кыздардан тандагам.**
**Оттуу көзүң, оттуу денең күйгүзөт,**
**Оттой болуп ойноп турган садагам.**
**Кадырыма жетесиңби билбеймин,**
**Кайда жүрсөң караанына жалбарам.**
**Кайда жүрсөң караанына жалбарам.**

**Көрбөй калсам сагынгандан кызганам,**
**Бир күн өзү санаа берген жыл мага.**
**Сынайсыңбы, же жаштыкка массыңбы,**
**Айтчы жаным кандай кылсам мен жагам.**
**Болсоң кээде күлкү чачып жанымда,**
**Бирде ишенип, бирде ишенбей таң калам.**
**Бирде ишенип, бирде ишенбей таң калам.**

**Бул сүйүүнүн болгонуна өкүнбөйм,**
**Керек десең жалгыз сага төгүлөм.**
**Бактылуумун сени сүйүп жүргөнгө,**
**Өрүкзардай жаз гүлүнө көмүлгөн.**
**Махабатым менин жалгыз арманым,**
**Дабан ашуу сапарында көрүнгөн.**
**Дабан ашуу сапарында көрүнгөн.**

1996-жыл. 10.03-10.05.
Жалал-Абад.

# Сулууга

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Анарбаев.*




**Көзүңдөн көзүм ала албай,**
**Эсинен танган э-ий адамдай.**
**Жалдырай тиктеп каламын,**
**Ордумдан карыш ий-ий жыла албай.**


**Тамшанткан үккан адамды,**
**Сөзүңдө шекер э-ий, бал барбы.**
**Арманы болбос алгандын,**
**Өзүңдөй асыл жал-жалды.**

1994-жыл. Май.



# Жазгы серенада

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Ж.Акунова.*




**Жаз жыттанган сулуу кыздардын,**
**Ай жамалын көрүп ыр жаздым.**
**Жалынына күйүп кетемби,**
**Жашыл көйнөк кийген бул жаздын.**

**Гүл аңкыган шайыр кыздардын,**
**Күлкүсүнөн алып ыр жаздым.**
**Күн периси болуп кетемби,**
**Кызыл көйнөк кийген бул жаздын.**

**Шок кыздардан недир жалтайлап,**
**Сен жөнүндө бүгүн ыр жаздым.**
**Өрттөнбөйүн, сүйбө бетимден,**
**Бакыт кушу менмин бул жаздын.**

1986-жыл. Март. Бостон.

# Кайдасың

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Абакиров.*



**Кечтер кирип, таң да атып баратат,**
**Кеңешели келчи колдон кармашып.**
**Убайымда кийин калып жүрбөйлү,**
**Уяңдыкка, жалтаңдыкка[2]**
**Жалжал көзүм алдатып.**

**Бүгүн асман жылдыздарын жайнатып,**
**Түн мемирейт бак аралайм жай басып.**
**Күтүп турам гүл бакчанын жанында,**
**Келсең боло кете электе[2]**
**Кетелекте таң атып.**

1977-жыл. Бостон.



# Кайда жүрдүң

*(Бул ырымды өмүрлүк жубайым Патилага арнадым)*

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Жусуев.*



**Тартынбачы гүлзарыма кирбестен,**
**Тартынбачы тагдырыбыз бир дештен.**
**Өткөрүпмүн өмүрүмдүн кыйласын,**
**Бул жашоодо өзүң барын билбестен.**

**Үн кошпостон мен ырдаган ырга сен,**
**Нур кошпостон терезёмде нурга сен.**
**Кайран күндөр сенсиз өттү томсоруп,**
**Кайда жүрдүң, кайда жүрдүң мурда сен?**

1976-жыл. Бостон.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жолуксам жооругуң бар кулуп коймой

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*






**Көргөндө адатың бар кулуп коймой,**
**Көңүлдүн бир билгенин билип коймой.**
**Көрүнбөс наштар барбы кирпигиңде,**
**Билдирбей жүрөк үчүн тилип коймой.**
**Билдирбей жүрөк үчүн,**
**Байкатбай жүрөк үчүн тилип коймой.**

**Жолуксам жоругуң бар кулуп коймой,**
**Жоо алгыр ойлогонду билип коймой.**
**Бөлүнүп узап кетсең мен турамын,**
**Бөлөктү көңүлүмө илип койбой.**
**Бөлөктү көңүлүмө,**
**Башканы көңүлүмө илип койбой.**

**Баш ийкеп өтүп кетсең кулуп жанып**
**Балбылдап карегиңден билик жанып.**
**Байланып кумар боосу сенде калып,**
**Мен кетем сезимдерге бүлүк салып.**
**Мен кетем сезимдерге,**
**Мен калам көңүлдөргө бүлүк салып.**

**Жылдыздай алтын казык үмүт жанып,**
**Жылмайып күлгөнүңдү сүйүп калып.**
**Өзүңдөн тутандырып алдым окшойт,**
**Өчпөгөн көңүл отун бийик жагып.**
**Өчпөгөн көңүл отун,**
**Өчпөгөн сезим отун бийик жагып.**

**Rp:** 1998-жыл. 12.04-25.04.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Кыйналып жүрөм ким үчүн

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*



**Арзуунун балы бир татым,**
**Армандын тузу миң татым.**
**Арзыган жанга мен жетпей да,**
**Азапта жүрөт бир башым.**

**Ашыктык менен дүйнө көрк,**
**Ачылса гүлү мүлдө көрк.**
**Көздөгөн жанга мен жетпей да,**
**Көкүрөк толо күйгөн өрт.**
**Кыямат күндү кечирип да,**
**Кыйналып жүрөм ким үчүн?**



# Элик көздүү эрмегим

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Бегимкулова.*



**Илебин сезбе күнөөнүн,**
**Ишенчи болгун бирөөнүн.**
**Эрмегим элик көзүңдүн**
**Эсенин тилеп жүрөйүн.**

**Атыңды дилге түйөйүн,**
**Ашыгы сенсиң бирөөнүн.**
**Ардагым аркар көзүңдүн,**
**Аманын тилеп жүрөйүн.**

1996-жыл.
Сентябрь.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Бейиштин төрү беле

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Койчуманова.*



**Санааркап сарсанаага багынбайын,**
**Турмуштун агымында агылайын.**
**Биз жүргөн айлуу түндөр эргүү берип[2],**
**Таттуу бир кыялдарга алданайын[2].**

**Оо күнүм, жарык чачкан эргип дене,**
**Биз үчүн сагынычтар жалгыз кеме.**
**Жашоомдун көркүн ачып, өмүр берген[2],**
**Ал күндөр бейиштин бир төрү беле[2].**



# Тынчын алдың көңүлдүн

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Абакиров.*



**А балким бар чыгар дейм кереметиң,**
**Сен жакка жетеледи ыйык сезим.**
**Сени ойлоп ырахатка чөмүй берем,**
**Узатып мемиреген жайдын кечин.**

**Аралап басып жүрдүм алма багын,**
**Өткөн соң кайрылбайт го гүлгүн чагың.**
**Түшүмдө сени ойлоп көп түйшөлүп,**
**Ар күнү тосуп алам жайдын таңын.**

1987-жыл. Июль. Бостон.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Бузалбайм убаданы жарга берген

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган К.Бакиев.*





**Караба, мынча ысык карабачы,**
**Арбаба, алоолонуп арбабачы.**
**Жүрөгүң жүрөгүмдү тороп тосуп[2],**
**Азгырып үмүт менен[2] алдабачы.**

**Жүрөгүң соксо дагы мени самап,**
**Көздөрүң сырдуу тиктейт мага карап.**
**Боло албайм жаркын курбу сени менен[2],**
**Буза албайм убаданы[2] жарга берген.**



# Тагдырым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган К.Кулуев.*





**Өмүрүм оюм болду илме кайып,**
**Көңүлүм бирде тоңуп, бирде жанып.**
**Кээде утуп, кээде уттуруп келе бердим,**
**Тагдырдын таштарына тайгаланып.**

**Жазмышым оюм болду илме кайып,**
**Жабыктым күндүз үшүп, түндө жанып.**
**Кээде утуп, кээде уттуруп келе бердим,**
**Тагдырдын таразасын колго алып.**

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жамгыр менен сырдашуу

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган К.Бакиев.*




**Тийди жамгыр тамчылары,**
**Тереземе дыбырап.**
**Жатты айтып кулагыма,**
**Сүйүү ырын шыбырап.**

**Кайрыма:**
**Сүйүү ырын шыбырап, эй,**
**Кетели дейт, кетели.**



**Шүүдүрүмдүн тамчысындай,**
**Балалыкка жетели.**

**Көз алдыма тартылып эй,**
**Мөлтүр сүйүүм кетпеди.**
**Тал чачыңдан төгүлгөн эй,**
**Жамгыр суусун эстедим.**

**Кайрыма:**
**Сүйүү ырын шыбырап, эй,**
**Кетели дейт, кетели.**
**Шүүдүрүмдүн тамчысындай,**
**Балалыкка жетели.**

**Келчи сүйүүм, махабатым,**
**Сыздатпачы жанымды.**
**Жуup кетсин сагынычты,**
**Тамчылары жамгырдын.**

**Кайрыма:**
**Сүйүү ырын шыбырап, эй,**
**Кетели дейт, кетели.**
**Шүүдүрүмдүн тамчысындай,**
**Балалыкка жетели.**

Ноябрь, 20-декабрь. 2000-жыл.
Жалал-Абад, Кызыл-Сеңир.


Жалал-Абадская областная библиотека

# Атажурт. Энe. Өмүр. Жаштык.



# Атама

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*



Жалал-Абадская областная библиотека

# Атама

*Кетилсем кайрап бүлөдүң,*
*Кемилсем алга сүрөдүң.*
*Уулум деп кагат ар дайым,*
*Уздай таза жүрөгүң. (2жолу)*

**Кайырма:**
***Атакем ачык асманым,***
***Атакем бүтпөс дастаным.***
***Чындыкты туудай тутунткан,***
***Чыккан күн сүргөн ак таңым. (2жолу)***

*Төбөмдө жанган жылдызым,*
*Төрүмдө толгон ырысым.*
*Өмүрүм жайган ак өргө,*
*Өзүңсүз кантип жылысын. (2жолу)*

*Алыска серпээр кулачым,*
*Ак сарай кутум-кубатым.*
*Мээримиң төгүп мен үчүн,*
*Мекеним болуп турасың.*

**Кайырма:**
***Атакем ачык асманым,***
***Атакем бүтпөс дастаным.***
***Чындыкты туудай тутунткан,***
***Чыккан күн сүргөн ак таңым. (2жолу)***



# Элде болсо менде жокту табаармын

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*



Жалал-Абадская областная библиотека

# Элде болсо менде жокту табаармын

***О жараткан! Пендем десең мени эгер,***
***Ыйман үйрүп ырайымга келе көр.***
***Тирүүлүктө болгон бардык бакытты,***
***Адегенде элге-журтка бере көр.***

**Кайырма:**

***Пейли оңолсун, ниети оңолсун адамдын,***
***Тынч уйкусу бузулбасын замандын.***
***О жараткан! Баарын, баарын элге бер,***
***Элде болсо менде жокту табаармын.***

***О жараткан! Тагы турат чекемде,***
***Не көрбодүк кечээ кыйын кезеңде.***
***Өмүр бою мейли менде болбосун,***
***Бейпилдикти ириде бер Мекенге!***

**Кайырма:**


***О жараткан! Молчулукту жерге бер,***
***Толуп-ташкан токчулукту элге бер.***
***Ый дегенди унутса экен ылайым,***
***Жер бетинде жашап жаткан пенделер.***

2008-жыл 5.10-20.12
Б.Ч.Ү. Өнөркана. «Гүлгүн жаш».



# Туулган жерге таазим

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган С.Абдукеримов.*



Жалал-Абадская областная библиотека

*Сабагын көптөр билбеген,*
*Санжыра болот ыр деген.*
*Касиет бүткөн жерим бар эй,*
*Тарыхын даңктайм ыр менен.*
*Тарыхын эй даңктайм ыр менен.*
Кайырма:
*Душмандан коргоп чек жайын,*
*Курманбек желек сайган жер.*
*Жер пайын түптөп шаарымдын,*
*Мырзакул болуш салган жер,*
*Мырзакул бабам салган жер.*

*Көкүрөк тепкен демим бар,*
*Көңүлдө туткан эмим бар.*
*Көргөндүн көөнүн көтөргөн, эй*
*Көйкөлгөн Көк-Арт жерим бар,*
*Көйкөлгөн эй Көк-Арт жерим бар.*
Кайырма:

*Туулган жериң туу туткан,*
*Турагың болот турбайбы.*
*Тагдыры тамыр кызыткан эй.*
*Тумарың болот турбайбы,*
*Тумарың эй болот турбайбы.*
Кайырма:
*(Экинчи жолу кайрыганда)*
*Арылткан көптү дартынан,*
*Атыңа таазим этейин.*
*Санаага бүткөн атыңдан мен*
*Садагаң болуп кетейин,*
*Садагаң болуп кетейин.*

2011-жыл, февраль. БЧҮ. Өнөркана.



# Кыргызстан–уюткулуу улуу журт

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Малаев.*



Жалал-Абадская областная библиотека






# Кыргызстан–уюткулуу улуу журт

**Кыргыз жери кандай сонун керемет,**
**Касиети калкыбызга дем берет.**
**Кыргызстан-уюткулуу улуу журт,**
**Кылымдардын кыйрын баскан улуу эл.**

Кайырма:
**Эгемен Кыргызстан,**
**Энчиң бар кут-ырыстан.**
**Жашай бер бейпилдикте,**
**Жаркырап күн чыгыштан.**

**Кең пейилдүү кыргыз элим меймандос,**
**Кемсиндим деп эч бир улут ойлонбос.**
**Ала-Тообуз жалпыбыздын үйүбүз,**
**Адамдары тең укуктуу туугаан, дос.**

Кайырма:

**Билим менен өркүндөткөн өркөнүн,**
**Болочогу кенен кыргыз өлкөнүн.**
**Ал бир ыйык Ата Мекен биз үчүн,**
**Адал иштеп арттырабыз көркөмүн.**

Кайырма:

2004-жыл, июль.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Кыргызстан–уюткулуу улуу журт

**(соло)**

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Малаев.*






*Кыргыз жери кандай сонун керемет,*
*Касиети калкыбызга дем берет.*
*Кыргызстан-уюткулуу улуу журт,*
*Кылымдардын кыйрын баскан улуу эл.*

**Кайырма:**
*Эгемен Кыргызстан,*
*Энчиң бар кут-ырыстан.*
*Жашай бер бейпилдикте,*
*Жаркырап күн чыгыштан.*

*Кең пейилдүү кыргыз элим меймандос,*
*Кемсиндим деп эч бир улут ойлонбос.*
*Ала-Тообуз жалпыбыздын үйүбүз,*
*Адамдары тең укуктуу тууган, дос.*

**Кайырма:**


*Билим менен өркүндөткөн өркөнүң,*
*Болочогу кенен кыргыз өлкөнүң.*
*Ал бир ыйык Ата Мекен биз үчүн,*
*Адал иштеп арттырабыз көркөмүн.*

**Кайырма:**

2004-жыл, июль.

# Издерим сенде калды

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Н.Алымбеков.*






Издерим сенде калып кыядагы,
Илебим ырга айланып э-эй-эй уядагы.
Кумарга кумар кошсоң туулган жерим,
Кургайбы сагынычтын[2] э-эй-эй сыялары.

Издерим сенде калып кырлардагы,
Илебим ичтен жанып э-эй-эй ырга айланды.
Көк жашыл тескейлердин гүлүн искеп,
Көңүлдө бир өчпөгөн[2] э-эй-эй жыргал калды.

Издерим тоолорумда, талааларда,
Ырларым оргуп аккан э-эй-эй санааларда.
Дүйнөдө ыйык сүйүү бирөө болсо,
Туулган жер ал жарашаар[2] э-эй-эй сага гана.

28.06. 2003-жыл.
Кызыл-Сеңир.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Эне тилеги

*(Бул алгачкы обонумду апам Күмүшайга арнадым)*

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Дегенбаева.*



**Энекебай эмнени арнап өзүңө,**
**Эмне менен теңештирем затыңды.**
**Кыял минген жакшы ыр жазып берсемби,**
**Кылымдарга өчүрбөгөн[2] атыңды.**

**Айлап талбай ак сүтүңдү эмизип,**
**Адам болуп калса экен деп тиледиң.**
**Ошол гана тилегиңди аткарып,**
**Бул жашоодо адам болуу[2] тилегим.**

1975-жыл. Февраль. Жалал-Абад.



# Эне ыйык, эне кымбат баарынан

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган К.Бакиев.*



**Даркан талаа койнун ачып созулган,**
**Дайрабы дейм, ашып-ташып толкуган.**
**Же мухитпи жерим менен тамырлаш,**
**Адамзаттын ырыскысы кошулган[2].**

**Тең келчүүдөй бул дүйнөдө энеге,**
**Салыштырып таба албадым эч нерсе.**
**Чексиздиктин үюткусу белемсиң,**
**Чети оюлгус ыйык, кымбат энем сен[2].**

2001-жыл. 6.02-13.02. Кызыл-Сеңир.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Кутмандуу жерим

## Соло

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Т.Зулпукаров.*




**Долоно, чие, карагат жайнап,**
**Токойдо булбул тил безеп сайрап.**
**Жашоонун шаңдуу музасын чалып,**
**Көркөмүң мени тургансыйт арбап².**

**Ак чөлмөк ойноп атырчу таңды,**
**Армансыз күндөр өзүңдө калды.**
**Алыста жүрсөм дем берет дайым,**
**Өзүңдөн алган өмүрдүн шамы².**

1996-жыл. 6-12.10.



# Кутмандуу жерим

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Т.Зулпукаров.*



Жалал-Абадская областная библиотека









***Долоно, чие, карагат жайнап,***
***Токойдо булбул тил безеп сайрап.***
***Жашоонун шаңдуу музасын чалып,***
***Көркөмүң мени тургансыйт арбап*[2].**

***Ак чөлмөк ойноп атырчу таңды,***
***Армансыз күндөр өзүңдө калды.***
***Алыста жүрсөм дем берет дайым,***
***Өзүңдөн алган өмүрдүн шамы*[2].**

1996-жыл. 6-12.10.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Жалал-Абадым – кутмандуу жерим

**(Ураан ыры)**

*Обопун жазгап А.Бедияров.*
*Сөзүп жазгап Б.Апарбаев*






*Жалал-Абадым кутмандуу жерим,*
*Көркөмүң артык, жок сенин теңиң.*
*Каректей сактап кылымдар бою,*
*Кастарлап келет ак калпак элиң,*
*Күч-кубат берип өзүңдүн демиң.*

*Тоолоруң токой жемишке толгон,*
*Түздөрүң эгин көз жоосу тойгон.*
*Жер асты көмүр, мунайзат, алтын,*
*Көрбөдүм бай жер өзүңдөй болгон,*
*Жаралган белең кыялдан-ойдон.*

*Эмгекчил, сыйчыл өнөрлүү калкың,*
*Курортуң сонун, ГЭСтериң арбын.*
*Кут конгон дубан Жалал-Абадым,*
*Гүлдөй бер дайым бийиктеп даңкың,*
*Дүйнөгө бүтүн угулсун атың.*

Бул ыр 1998-жылдын
28-ноябрындагы депутаттардын
областтык сессиясында областтын
ураан ыры болуп кабыл алынган.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Эне тилим ыйыгым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган М.Тойбаев.*



***Эне тилим - эне сүтүм жыргалым,***
***Сенден издейм музыкамдын ыргагын.***
***Эт жүрөктү элжиретээр эсепсиз,***
***Бир өзүңдө жазыла элек[2] ырларым.***

***Эне тилим - эне сүтүм таалайым,***
***Ачып турган ак калпагым маанайым.***
***Кылымдардан кылымдарга кыярбай,***
***Сен өркүндөп өсүшүңдү[2] каалаймын.***

1998-жыл. Октябрь.
Мамлекеттик тил майрамына карата жазылган.



# Кыз-Булак

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Малаев.*



***Ээ-эй! Ажарлантып бетин жууп,***
***Апам ичкен Кыз-Булак.***
***Кумарланып суусун ээ-эй,***
***Атам ичкен Кыз-Булак.***

***Ээ-эй! Сени бойлоп эрте кеч,***
***Сейил курат Кыз-Булак.***
***Жыпар жытын аңкытып, эй,***
***Жигит күтүп кыз турат.***

***Ээ-эй! Атырылып күн-түнү,***
***Ага бергин Кыз-Булак.***
***Кылымдардан кылымга эй,***
***Бара бергин Кыз-Булак.***

1990-жыл. Май. Жалал-Абад курорту.

# Сузагым

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Э.Садырбеков.*




**Көзгө сүйкүм Көк-Арт өрөөнүң,**
**Ынагымдай жакшы көрөмүн.**
**Жайдын күнү шибер аралап,**
**Жыпар жыттуу гүлүң теремин**
**Кайырма: Ак пахтага толуп кучагым,**
**Ар күн сени боорго кысамын.**
**Алыстасам күчөп сагыныч,**
**Калгандыгын айтпа Сузагым.**
**Кара-Алманын таттуу мөмөсүн,**
**Төрт бурчунан жердин көрөсүң.**
**Шылдырашы, мөлтүр булактын,**
**Күлкүсүндөй саанчы жеңемдин.**
**Кайырма:**



# Гүлгүн жаш

*Обонун жазган А.Бедияров*
*Сөзүн жазган Э.Ибраев.*




**Өткөн өмүр өкүнтөт айла барбы,**
**Өкүнгөндө же табар пайда барбы.**
**Күлкү менен, шат менен таң атырган,**
**Гүлгүн жаш эй, гүлгүн жаш² кайда калды².**

**Ташты эритер сендеги чоктун деми,**
**Кайсыл топко алпарып коштуң мени.**
**Айрылгым жок, айрылбас аргам да жок,**
**Кош бол гүлгүн жаштыгым² кош бол эми².**

Жалал-Абадская областная библиотека

# Куттуу жерим Кызыл-Суу

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган кытайлык кыргыз акыны Мөмүн Абдыкадыр.*





Кызыл-Сууга ат коюлуп дайрадан,
Сулуу түскө кирип барат айланам.
Салтанаттуу мааракени өткөзүп,
Элүү жылың кутка толсун жайнаган.

Кайрыма:
Кызыл-Суу өзүң сулуусуң,
Койнуң кең ачкан жылуусуң.
Партия шаңдуу жетектеп,
Дүйнөгө даңкың угулсун.

Ар улуттар кол кармашып жашаган,
Ынтымакта баш чыгарып жакадан.
Компартия көмөк берип дем берип,
Эли-журтум албан эмгек жасаган.

Кайрыма:

Кызыл-Сууга сулуулукту бере бер,
Байгер турмуш, бакыт нурун төгө бер.
Өркүндөөнүн өр талашкан жолунда,
Алга зуулап канатыңды кере бер.


Кайрыма:

Кытай Эл Республикасы,
Кызыл-Суу автоном облусу.
Артуш шаары.
20.07-15.08. 2004-жыл.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Келин той

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган А.Малаев.*




**Жакшынакай паяндоздуу босого,**
**Жаңы келин киргенде аттап ошого.**
**«Алдын бала, аркасын мал бассын»-деп,**
**Ак тилегин элим таштайт ортого.**

Кайрыма:

**Уул үйлөп, кыз алган,**
**Укмуш каада-салтың ай.**
**Уучуң толуп узарган,**
**Улуу кыргыз калкым ай.**
**Толкуп көңүл кубанган,**
**Тоюң сонун кыргыз ай!**



**Ак той жасап, кең ачылып дарбаза,**
**Аксакалдар ак батасын арнаса.**
**Кут киргизип турганы ошол келиндин,**
**Кудай буйруп этегинен жалгаса.**

Кайрыма:

**Уул үйлөп, кыз алган,**
**Укмуш каада-салтың ай.**
**Уучуң толуп узарган,**
**Улуу кыргыз калкым ай.**
**Толкуп жүрөк кубанган,**
**Салтың сонун калкым ай!**

**Келин түшүп, куттуу жердин бир кызы,**
**Кайын журтка жанып турса жылдызы.**
**Кудалашкан эки тарап бак тилеп,**
**Кызый берсин эки жаштын турмушу.**

Кайрыма:


**Уул үйлөп, кыз алган,**
**Укмуш каада-салтың ай.**
**Уучуң толуп узарган,**
**Улуу кыргыз калкым ай.**
**Толкуп жүрөк кубанган,**
**Тоюң сонун кыргыз ай!**
**Толкуп жүрөк кубанган,**
**Салтың сонун кыргыз ай!**

2001-жыл – 10.01. 2002-жыл.
Кызыл-Сеңир – Жалал-Абад.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Эже-агайга

*Обонун жазган А.Бедияров.*
*Сөзүн жазган Б.Сариогоев.*





*Эрте-кеч ой жүгүртсөм өткөнүмө,*
*Элестейт ысык күндөр көздөрүмө.*
*Жаркырап коюнуңдан билим алдык,*
*Жарашып төрт мезгилдин көктөмүнө.*

Кайрыма:

**Учурдуң ууз ойлуу эчен жашты,**
**Окшотуп тынчтык күндүн кептерине.**
**Мен дайым сыймыктанам кайда жүрсөм,**
**Мектебим сенден окуп кеткениме.**

*Алтын ой, күмүш чачтуу мугалимдер,*
*Андагы балаңарды билерсиңер.*
*Алардын ар түрдүүчө кесиби бар,*
*Бири акын, бири доктор, бири инженер.*

Кайрыма:

**Учурдуң ууз ойлуу эчен жашты,**
**Окшотуп тынчтык күндүн кептерине.**
**Мен дайым сыймыктанам кайда жүрсөм,**
**Мектебим сенден окуп кеткениме.**

1989-жыл, 25-май.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Балдар үчүн





## Балаты

*Обонун жазган: А.Бедияров.*




**Жаш балаты карагай,**
**Жапжакшына баладай.**
**Кубанасың бир башка,**
**Кайгы-капа санабай.**

**Алып сени келебиз,**
**Ак сарайга тигебиз.**
**Бүчүрүңдү кур койбой,**
**Бирден конфет илебиз.**

**Лента менен чырмайбыз,**
**Алтын менен сырдайбыз.**
**Тегеренип өзүңдү,**
**Бакыт ырын ырдайбыз.**

# Мектебим

*Сөзүн жазган Т.Тыныбеков.*
*Обонун жазган А.Бедияров.*



**Коруңгондо караанын,**
**Колдой толкуйт талабым.**
**Өмурумдун азыгы ий,**
**Өзуң берген, билим берген,**
**Өзуң берген сабагың.**


**Айланаңдан кетпеймин,**
**Ар убак сени эстеймин.**
**Тарбиялап өстургон ий,**
**Таалай уйу, бакыт уйу,**
**Таалай уйу мектебим.**

1980-жыл. Апрель.



# Кызыл топ


*Обонун жазган А.Бедияров.*



**Токтобойсуң ыргытсам, ыргытсам,**
**Менден алыс кетесиң, кетесиң.**
**Мен ыргытсам дубалга,**
**Кайра озумо келесиң.**

Жалал-Абадская областная библиотека

# Акындар Арзыбекти ырдашат





# Ыр дүйнөнүн чыканактай балбаны

*Атпай журтка айдан ачык бул аңыз,*
*Жалаң ырдан айкел курдуң урагыс.*
*Ага мисал, арзышкандар сыяктуу,*
*Арзыбекти арзып, эңсеп угабыз.*

*Таап чертип жүрөктөрдүн кылдарын,*
*Тандап терип сезимдердин ыргагын.*
*Жашап жатат эриш-аркак эл менен,*
*Кыргыз жүздүү, кымыз жыттуу ырларың.*

*Ыр терметет адам түгүл кушту да,*
*Куштай элпек канаттуу ыр ук мына.*
*Жаштык кезге бир кайрылам дегендер,*
*Арзыбектин ыр булагын жуткула.*

*Алыс болуп табигаттын ызгаары,*
*Элүү жашка эми бир жол чык дагы.*
*Эли-журтуң арзый берсин Арзыбек.*
*Ыр-дүйнөнүн чыканактай дыйканы,*
*Ыр дүйнөнүн ат көтөргүс султаны!*

*Эсенгул ИБРАЕВ,*
*КРнын Эл акыны.*

Жалал-Абадская областная библиотека

# Арноо ыр

Агалык сөзүм айтпасам,
Арзыбек көөнү сынбайбы.
Азгырып түштөн кетпеген,
Арзыгүл келген турбайбы.

Ак куунун кейпин кийинген,
Айчүрөк кыздын тушундай.
Алысты, чекти билбеген,
Ашыктык чиркин ушундай.

Кыйналып жүрсөк кыргыздын,
Кызына жетпей жазгырган.
Кыйын экен Арзыбек,
Кытайдын кызын азгырган.

Түсүнөн көздөр тайгылган,
Түрүлүп аткан таң экен.
Түгөйсүз учкан ак куудай,
Түшүңө кирчүү жан экен.

Ала-Тоодо туулуп,
Ачылсаң гүлдөй баштатан.
Ак калпакчан бир жигит,
Ала качмак капкачан.

Формасыз ырчы кыздардай,
Форумсуз өмүр сүрмөксүң.
Фонограмма дегендин,
Фонунан чыкпай жүрмөксүң.



Алыстан туруп кыргызды,
Арманга кылган киріптер.
Аңкыган гүлдү кытайда,
Аңдабас кандай жигиттер.

Ноодадай боюң көргөндө,
Нокомолоор сөздү мен эмес.
Номур бир сулуу экенсиң,
Номур бир ырчы эле эмес.

Улуу тоодо таңшыган,
Улардай үнүң бар экен.
Учурбай туурга кондуруп,
Угууга көптөр зар экен.

Азыркы күндө күнгө окшоп,
Албырып турган чектесиң.
Ашыккан, жалын жаштыгың,
Алоолоп батып кетпесин.

Жомокко таштап бу күндү,
Жортоорсуң эртең элиңе.
Жолуңду ачса кудайым,
Жолугарсың теңиңе.

Армандуу дүйнө ушундай,
Абалтан калган такталып.
Арзыбек өтөр дүйнөдөн,
Арзыгүл деп какшанып...

Жолболду АЛЫБАЕВ,
Акын, обончу, дастанчы, КРнын эл артисти.
Ош шаары, 11-июнь, 2011-жыл.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Айлымдан чыккан бир булбул

Арнаган сөздү үгүп тур,
Абайлап көңүл бурул тур.
Абдилла уулу Арзыбек,
Айлымдан чыккан бир булбул.

Обонун созуп сүйүнтүп,
Ойлорду козгоп дүргүтүп.
Эфирде таңшып Арзыбек,
Айлымдан чыккан бир күкүк.

Күндөрү өтпөс ыр болбой,
Күүлөрү болбос ыр толбой.
Кызыл-Сеңирден биздин Арзыбек,
Көкөлөп учкан бир торгой.

Музыка жактан мударис,
Мукамын тапкан чоң адис.
Арзыбек эмгек сиңирген,
Аймактан чыккан бир артист.

Күкүк да, торгой булбулу,
Күлүк да, жорго дулдулу.
Түшүнгөн жанга Арзыбек,
Түштүктүн чыгаан бир уулу.



Ыргактуу обон жараткан,
Ырларга өмүр тараткан.
Акындар элге даңкталган,
Арзыбек иним тараптан.

Эсенгул менен Надырбек,
Сооронбай, биздин Баатырбек.
Орошон ырын жазышса,
Обонго салган Арзыбек.

Акындын ыры аманат,
Абанын тапса алаамат.
Эргитет элди ырдаса,
Эл артисти Саламат.

Арзыбек тапкан обонун,
Аткарган сүрүп дооронун.
Шахра, Кутман, Алтынай,
Шаңдантып обон созгонун.

Укканда маашыр болобуз,
Укмуштай сырга толобуз.
Арзыбек ырдап жатат деп,
Ашкере көңүл коебуз.

Эргүүгө толгон санаасы,
Элимдин шайыр баласы.
Эр ортону Арзыбек,
Элүүгө толду чамасы.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Кут болсун кутман курагың,*
*Кут толгон үйүң турагың.*
*Тоо булбулу Арзыбек,*
*Толкуп бир турган убагың.*

*Апакең аман алдыңда,*
*Алганың турат жаныңда.*
*Ага-тууган, балдарың,*
*Агайлап турат артыңда.*
*Бактылуу жансың Арзыбек,*
*Барктаган элиң барыңда.*

*Ырлардын тандап жакшысын,*
*Обондун таап ачкычын.*
*Таалайлуу ырчы Арзыбек,*
*Таланттын кийдиң таажысын.*

*Таланттын атын теминген,*
*Сен чыктың Кызыл-Сеңирден.*
*Байсалдуу жолдо барасың,*
*Бата алып Кыргыз элиңден.*
*Тилегин бер деп Арзыбек,*
*Тилейбиз сени теңирден.*

*Ырдала берсин ырларың,*
*Ырларың сенин жыргалың.*
*Өнөргө салып өкчөй бер,*
*Өмүрдүн калган жылдарын.*



*Алтымыш менен жетимиш,*
*Алдыда дагы жетилиш*
*Токтобой ашып сексенди,*
*Токсондун атын теминиш.*

*Өнөрүң өөрчүп ансайын,*
*Өмүрдүн көргүн убайын.*
*Жүрөктөн айтам ак тилек,*
*Жүзгө чык иним ылайым.*

*Абылкасым МАЛАЕВ,*
*КРнын Эмгек сиңирген*
*журналисти.*

*31.10.2002-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

# Арзыкеге азил ыр

Келишкен мүчө бою бар,
Кер мурут эле кечээ эле.
Азабын тартып Арзуунун,
Арыктай түштү тез эле.
Уурдатып ууз сүйүүсүн,
Ушундай экен бешене.

„Барам сага“ деп коюп,
Баргандан деги жадабайт.
„Келем сага“ деп коюп,
Келгенден деги жадабайт.

Бото көз орноп сезимге,
Боздоду бозой кезинде.
От болуп обон арнады,
Отуздай кызга кеминде.

Түшүнө кирип түндөсү,
Түгөнгүр кыздар кыйнады.
Түйшүктөн бүткөн обондор,
Түйшөлттү чындап кыйланы.



Отуз жыл обон чыгарып,
Элине эмгек сиңирди.
Ооматы келип мына эми,
Ордолуу журтка билинди.

Жазмыштын күчүн карачы,
Жазганы экен маңдайга.
Бир гана кыргыз эли эмес,
Кызыл-Суу, Кытай аралап,
Кабары жетти Каңгайга.

Садыралы АБДУКЕРИМОВ,
Кыргызстан жазуучулар,
журналисттер союзунун
мүчөсү, акын, обончу.

Жалал-Абадская областная библиотека

# Иним Арзыбекке

Атпай кыргыз ичинде,
Алкыш айтар бирим бар.
Атка жеңил, тайга чак,
Арзыбектей иним бар.

Жыйырма жыл илгери,
„Гүлгүн жашы" чыкканда.
Бул таланттын ысымын,
Бүтүн кыргыз уккан да.

Чычырканак өңдөнгөн,
Чийкил сары жигитти.
Чын көргөндө биринчи,
Чындап көңүл жибитти.

Бир топ жылдар экөөбүз,
Бир тууган дай бир жүрдүк.
Билиндирбей эч кимге,
Бирге ойноп, бир күлдүк.

Кымырынып жашында,
Кырктан кийин күтүрдү.
Кызыл-тазыл ырларды,
Кыркалекей учурду.



Өттүү талант Рыспай,
Обон пири даарыды.
Он беш жылдын ичинде,
Оңду-солду таанды.

Кырманына ырларды,
Кызыл кылып кырдады.
Кыз, жигиттер ырдашып,
Кыргыз, казак тыңдады.

Элжиретип жүрөгүн,
Эчендерди сагынтты.
Эл артисттик наамды,
Эмгек менен багынтты.

Эр ортону элүүдөн,
Эми жашы ашканда.
Кыргыздан кыздар түгөнүп,
Кытайдан сулуу тапканда.

Сүрөтүн тартып китепке,
Сүйгөндүгүн билгизди.
Тизмедеги кыздардын,
Туу башына киргизди.

Башка элдик кыздарга,
Баркы өсүп кеңелди.
Бар эркекти басынтып,
Барпы акынга теңелди.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Жүздөгөн кыздар артыңдан,*
*Жүгүрүшсүн күйүгүп.*
*Жүзгө жашың жеткиче,*
*Жүрө бергин сүйүлүп.*

*Жан шеригиң Патила,*
*Жарың эстен чыкпасын.*
*Жаман түштү көп көрбөй,*
*Жакшы жатып уктасын.*

*Эмгегиңдин үзүрү,*
*Элдик наамың кут болсун.*
*Эмики сага каалары м,*
*Эл баатыры жуп болсун!*

*Жолболду АЛЫБАЕВ,*
*2-март, 2007-жыл,*
*Жалал-Абад шаары.*



# Талантыңды көрсөтө бер калкыңа

*Буйрук экен тааныш болдук Арзыбек,*
*Пикирлешке, тилектешке болбойт чек.*
*Аз да болсо биргелешип экөөбүз,*
*Тартуу кылдык бийкечтерге ыр белек.*

*Обонуңда Кызыл-Сеңир талаасы,*
*Кайруусунда Сузагыңдын шамалы.*
*Мукамыңда жүрөгүңдүн арманы,*
*Мүлдө ырыңда Ата-Журттун салмагы.*

*Ошон үчүн башкалардан арыксың,*
*Сүйгөндөргө түнкү күйгөн жарыксың.*
*Махабаттан жол издеген ооруга,*
*Ырың менен дарылаган табыпсың.*

*Ырың үчүн өмүр сайган карыпсың,*
*Ошон үчүн башкалардан арыксың.*
*Турмушуңдун мүдөөсү ошол, гүлү ошол,*
*Ошон үчүн мага дагы жакынсың.*

*Бизден калат артыбызда ырыбыз,*
*Ырга сиңген ойлорубуз, сырыбыз.*

Жалал-Абадская областная библиотека

*Бизден калбайт баалуу чапан, көп акча,*
*Бизден калат биз көрсөткөн сыйыбыз.*

*Шыбагасын табияттын бек карма,*
*Калк сүйүүсүн көтөрө бил, бек сакта.*
*Талант деген топ сыяктуу тоголок,*
*Токтотконго токтоп турат ал чанда.*

*Айткым келбейт акылдуудай көрүнүп,*
*Бирок турмуш көптү үйрөттү төгүлүп.*
*Кайып болуп канча талант өчпөдү,*
*Арабыздан эрте кетип бөлүнүп.*

*Каалабаймын андай тагдыр бейдабаа,*
*Каалаганым бийик ашуу, кең талаа.*
*Обондоруң оболосун бар болсун,*
*Талантыңды көрсөтө бер калкыңа!*

*Абды САТАРОВ,*
*акын.*



# Арзыбекке арноо кат

*Гүлгүн жаш сенин курагың,*
*Куттмандуу жериң Сузагың.*
*Ушундай экен бешенең,*
*Умтула турган убагың.*

*Сыймыгы сенсиң кыргыздын,*
*Жарыгы жанган жылдыздын.*
*Азабын анча тартпачы,*
*Кытайлык гөзал бир кыздын.*

*Барам деп сага барбадың,*
*Келем деп дагы алдадың.*
*Сүрөтү менен сырдашып,*
*Жетем деп жолго салбадың.*

*Аман бол сенден түңүлбөйт,*
*Бир кызы кытай калкынын.*
*Кыйналып жүрөт ким үчүн,*
*Иниси залкар Барпынын.*

*Кездешпесең не болмок,*
*Кыйышпас селки кайыр кош.*
*Таарындык сага бул ирет,*
*Кытайлык селки жолуң бош.*

Жалал-Абадская областная библиотека

*Кутмандуу жериң Жалал-Абад,*
*Кулуя сырдуу баралат.*
*Мөлмөлдүн сиңдилери көп,*
*Сүйө бер четтен паралап.*

*Анда кимде күнөө бар,*
*Жаштыгын аяп жатканым.*
*Алайда сиңдилери көп,*
*Курманжандай датканын.*

*Кейибей чөкпой далайга,*
*Келе бер биздин Алайга.*
*Сезимде калчу элеси,*
*Селкинин көбү Алайда.*

*Атыр жел сонун абабыз,*
*Арылсын ичтен санааңыз.*
*Анчейин коркпой ушактан,*
*Аттангын күтүп алабыз.*

*Сүйүүсүн сүртүп жүрөгүң,*
*Бир сырын айтып чүрөгүң.*
*Түшүнө кирип түйшөлтөт,*
*Кыз-Булак сындуу мүрөгүң.*

*Эркин ЫБЫШЕВ,*
*Алай району.*



# Арзыбек иниме

**Сак жүргөнү сакадай,**
**Саргайыңкы жүзү бар.**
**Сары алтындай жигитте,**
**Сан таланттын күчү бар.**

**Олтурганы чүкөдөй,**
**Отуз, кырктай салмагы.**
**Ошентсе да бу жигит,**
**Обончунун балбаны.**

**Кыл каламы кылычтай,**
**Кыйла арбын чечени.**
**Кыттай ушул жигиттин,**
**Кызыл-Сеңир мекени.**

**Акыркы бир ырына,**
**аңдоо салсам сөзүнө.**
**«Ак калпакчан жигит» деп,**
**Арнаптыр дал өзүнө.**

**Ыр жаратып «Гүлгүн жаш»,**
**Ырдатып бүт кыргызды.**
**Ыраак көктө баратат,**
**Ырдан жасап жылдызды.**

Жалал-Абадская областная библиотека

*Куушуп ойноп суу чачып,*
*Курортто «Кыз-Булактан».*
*«Аяп» жүрөт кыздарды,*
*«Коркуп коюп ушактан».*

*Коркуп жүрүп ушактан,*
*Кокуй күнгө калбагын.*
*Аяймын деп ашкере,*
*Тиштеп калба бармагың.*

*Амалкөй шайтан кыздар көп,*
*Азабы башка жетпесин.*
*«Сүйүүмдү сүртөм» - деп алдап,*
*Жүрөгүң уурдап кетпесин.*

*Андыктан сага кааларым,*
*Аябай күчкө толгунуң.*
*Атынан айткан кыздардын,*
*Агаңдай баатыр болгунуң.*

*Өтө албай койсоң ушактан,*
*Өзгөгө кетээр периштең.*
*Өрттөнгөн жүрөк муз болоор,*
*Өтпөстөн жашың эликтен.*

*Артынан калбай акактап,*
*«Ашыкмын» дей бер уккуча.*
*«Аман болсо» жетээрсиң,*
*Алтымыш жашка чыккыча.*



*Бозоргон тоону айланып,*
*«Боздой» бер иним жеткиче.*
*«Бир сырын» бир күн билээрсиң,*
*Жетимиш ашып кеткиче.*

*Карарган тоону айланып,*
*Какшай бер иним жеткиче.*
*Кармасаң колун сонун да,*
*Кайгырып жалгыз кеткиче.*

*«Түшүмө сени кирсе деп»,*
*Түн кирсе тиле кудайдан.*
*«Сен десе тосоор жаз болуп»,*
*Сексен жаш деген ти жайдан.*

*«Кайра келчи», «Кечир» деп,*
*Күнөөңдү алсаң мойнуңа.*
*Толукшуп сулуу жаз болуп,*
*Токсондо кирээр койнуңа.*

*Жүрөгүң канып сүйүүгө,*
*Жүз жашка келип токтоорсуң,*
*Жүздөгөн обон жараткан,*
*Жумамүдүнгө окшоорсуң...*

*Жолболду АЛЫБАЕВ,*
*Кыргыз Республикасынын*
*эмгек сиңирген артисти.*
*Жалал-Абад шаары,*
*10-ноябрь, 1995-жыл.*

Жалал-Абадская областная библиотека

# Сыймыктанам

(Таланттуу обончу
Арзыбек Бедияровго)

Комуз кылын миң толгошуп бурашат,
Ар обондон ыр-күүлөрдү курашат.
Келме кезек «Гүлгүн жашка» келгенде,
- Кайсыл жердик, кимдики?, -деп сурашат.

Аны укканда токтоно албай шаттанам,
Кызыл-Сеңирлик, Сузактык деп даңктанам.
Ата-Журтум сүйүп берген обончу,
Ал Арзыбек Бедияров - деп мактанам.

Ар бир талант Ата-Журтта тапталат,
Анан барып сынактарга ат салат.
Өмүр өтсө көл толкуткан чыгармаң,
Улуулардан урпактарга сакталат.

Алимбай МААТОВ,
акын, манасчы.



# Арзыбекке

(Обончунун чыгармачылыгынын
25 жылдыгына карата)

Оорубаган чагымда,
Оюнуңа бармакмын.
Ооганбайдын Атайдай,
Обонумду салмакмын.

Бар соолугум болгондо,
Барып сага бермекмин.
Баят уулу Мусадай,
Баркыт үнүм кермекмин.

Өнөрүңө түбөлүк,
Өчпөс отту жагып ал.
Өкүл уулуң Бердибек,
Өзү кетти кабыл ал.

Кызыл гүлдөй обонуң,
Кыргыз элге дарысың.
Кызыл эмес, кара эмес,
Кыздар сүйгөн сарысың.

Жайы-кышы куурабас,
Жашыл арча бүрүсүң.
Шамдай жанган көздөрү,
Шахранын үнүсүң.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Каккан менен түгөнбөс,*
*Канча сүйүү үрөөнүн?*
*Какпай калбай капкачан,*
*Кантип жүрөт жүрөгүн.*

*Чокко күйүп бир билдим,*
*Чоң дүйнөнүн саздыгын.*
*Чоттой болгон жигитте,*
*Чоң күйүттүн бардыгын.*

*Аппак сакал болгончо,*
*Ашыктыкты ырдай бер.*
*Арзыбегим антсе да,*
*Аялыңды сыйлай бер.*

*Жолболду АЛЫБАЕВ,*
*11-апрель, 2000жыл.*



# Мезгилдүү басма сөздөр Бедияров жөнүндө



Жалал-Абадская областная библиотека

# Обонуң ободой берсин!

Мен өзүм өндүрүшчү эмесминби. Чыгармачылыкка кырктын кырынан ашканда аралаштым. Көрсө, көрөңгөлүү талант эртедир-кечтир өз кучагына тартпай койбойт экен.

Мен бул кепти Арзыбек иним да мага тагдырлаш экендигинен улам козгодум. Себеби, Арзыбек да окунуп-чокунган адис музыкант эмес, дарыгер болсо дагы өнөр көрөңгөсү аны чыгармачылыктын түйшүктүү жолуна жетелеп кирди.

Өзүмдү негизинен лирик акын катары эсептеген мен үчүн Арзыбектей лирик обончу менен чыгармачылык жактан байланыштырган тагдырга ыраазымын. Анткени, кандай болгон күндө да жүрөктөн чыккан ыр саптарына төп келген обондун жазылышы чыгарманы ого бетер күчтүү да, угумдуу да, сиңимдүү да кылбай койбойт. Мына, мисалы үчүн менин жазган ырларым поэзия күйөрмандарынын гана көңүлүнө из салуу менен чектелсе, обон жазылгандан кийин анын аудиториясы алда канча кеңиди десем туура болчудай. Мындан чыкты, Арзыбек өз чыгармасын гана элге тартуулап тим болбой, менин чыгармаларымды да үгүттөп, же башкача айтканда кош өмүр тартуулап жатпайбы.

Кудайга шүгүр, азыр Арзыбектин атагы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына таркап, анын обондору улуу-кичүүнүн оозунан түшпөй, ал гана эмес, тили эми гана чыккан жаш бала да анын



обондору менен оозанып жатканы жашыруун эмес. Бул кел-келдин келиши.

Ошондуктан мамлекетибиз тарабынан анын чейрек кылымдык чыгармачылыгы өз баасын алып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» деген ардактуу наам ыйгарылып олтурат. Буга чейин «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги» болгон, эмгегинин үзүрүн көрөт деген мына ушул эмеспи.

Буйруса, Арзыбектин айтаар сөзү али алдыда деп ойлойм. Себеби, ал эми гана эр ортону элүү жашты эрмеп келген убагы. Чыгармачылык шык, көрөнгөсүнүн чети оюла элек деп ойлойм.

Мен Арзыбек менен 1995-жылы анын 20 жылдык чыгармачылык кечесинде тааныштым. Ал бул кезге чейин эле менин «Бир сырым», «Кантейин, корком ушактан» жана «Анда кимде күнөө бар?» аттуу ырларыма обон жазып, кадыресе эл оозуна алынып калган учур эле. Ошол кечесинде мен ыр токуйм, анан килем да токуйм деген мазмунда сөз сүйлөп, өз каалоо-тилегимди билдирип, бир китебим менен кошо килем тартуу эткен элем. Арзыбек андан бери да менин 4-5 ырыма обон жазды. Алардын да жакшы чыккандыктан эл арасында оозго алынышы жаман эмес.

Мен билгенден Арзыбек жалаң эле чыгармачылык менен чектелбей «Гүлгүн жаш» тобун уюштуруу менен бир канча ыр жандуу аткаруучулардын калыптанып, такшалып, өсүп чыгуусуна көмөктөштү. Муну мен «Гүлгүн жаш» мектебинин бүтүрүүчүлөрү деп атасам дурус болчудай. Себеби, алар учурда

республикага аздыр-көптүп таанылып калыптыр.

Мага Арзыбектин кичи пейил, жөнөкөй адамгерчилиги жагат. Анан да нукура улуттук маанайдагы обондорду чыгаргандыктан өтө жүрөгүмө жакын адам катары баалайм. Кээде обондорун угуп олтуруп, көргүм келип да кеткенин кантип жашырайын. Көрсө, Арзыбек мен үчүн бир тууган инимдей эле болуп калган турбайбы.

Ошондон улам Арзыбектин колуңуздардагы жыйнагына канаттануу сезимим менен сөз кошуп олтурам.

Арзыбек иним! Өнөрүң өр тартып, мөмөлүү даракка айлансын! Көңүл эргиткен обондоруң оболой берсин!

***Надырбек АЛЫМБЕКОВ,***
***Кыргыз Эл акыны.***
***Бишкек шаары 2004-жыл***



# Аймалай жорткон айдарым!

"Эмгегиң катуу болсо, татканың таттуу болот" деген кеп бар. Чыгармачылык дараметке эгедер адам кудай берген талантын таптап, өзүн-өзү сүрөп, бүлөп, курчутуп турбаса эскирет, кирдейт, мокойт. Демек, "бергеним элдики, бере элегим издей турган жогум" деп катуу түйшөлүү керек. Толкубай, эргибей, ыр дүйнөсүнүн агымына баш-оту менен кирбей, тийди-качты мамиле кылуудан өмүрү узун чыгарма жаралбайт.

Менин жеке баамымда Арзыбекте сандан сапатка, жапыстан бийикке умтулуу бар. Жылт эткен учкундай бир жарк этип көрүнө калган азыноолак обон жаратып, анан жазда толуп, күздө тартылган тоо суусундай солгундап калгандар чыгармачылык сапарда көп эле. Андан чымчып, мындан кымтып, жамаачыланган чапандай ала-була обон жараткандар да көп. Арзыбектин обондорунун башааты тээ тереңинде, элдик көрөңгөдөн уютку алган. Ошон үчүн обондору угумдуу, кулакка жагымдуу. Дагы бир байкаганым - Арзыбек обонунун мазмун маңызына, ыр-ыргагына ылайык келе турган текстти тандай билет. Аткаруучуларды баш аламан издебейт. Обону, тексти, аткаруучусу далма-дал келгенде гана чыгарманын өмүрү узун болот. Бул туура күүлөнгөн комуздун үч кылындай нерсе. Кубануу менен белгилей турган Арзыбектин

сапаты мына ушунда.

Арзыбек менен 1998-жылы тааныштым. Жалал-Абад курортунда эс алып жүргөм. Курорттун клуб башчысы эс алуучулар менен чыгармачылык жолугушуу уюштурушту. Ага Арзыбектин "Гүлгүн жаш" тобун да чакырышыптыр. Арзыбек экөөбүз ошол күнү курорттун сахнасынан жүз көрүшкөнбүз. 1970-жылдары эле менин "Гүлгүн жаш" деген ырыма обон жаратып, аны Динара Алыкулова аткарып, эл арасына кеңири тарап калган эле. Ушул жолугушууда Арзыбекке:

Аша бер өмүр кырларын,
Ача бер турмуш сырларын.
Сабада кымыз жытындай,
Сапыргын ырдын кырманын!, - деген астейдил калоом менен ошол жылы жаңыдан жарык көргөн "Эсенгулдун ырлары" деген жыйнагымды тартуулаган элем. Андан кийин "Барам сага", "Ал мендирмин" деген ырларыма обон жаратты. Өзү жетектеген тобунун атын менин ырымдын аты менен "Гүлгүн жаш" деп атаса, азыр жыйнагынын атын "Барам сага" деп атаптыр. Бул мен үчүн да өтө жагымдуу...

Арзыбек, ылайым барар жериң, аша турган белиң, арзып турган элиң болсун! Чыгармачылыктын түйшүктүү сапарында тепең-тепең теминип, катуу-катуу камчылана жүр!

***Эсенгул ИБРАЕВ,***
***Кыргыз Республикасынын***
***маданиятына эмгек сиңирген ишмер,***
***Кыргыз Республикасынын Эл акыны.***



# "Мен да кызыгып өөп койгом"

- Бүгүн сиз менен кеңир-кесир, ачык сүйлөшөм деп турам, андыктан биринчи суроом: Арзыбек деген атыңыздын коюлушун тарых-таржымалы барбы же...

- Ата-энемден ушул мезгилге чейин сурабадым. Өзүмчө чечмелеп түшүнгөнүмө караганда арзуу деген мааниден алынса керек.

***- Сиз кимге окшошсуз, апаңызга же атаңызгабы?***

- Атама, мүнөзүмдөгү жумшактык апама.

***- Боюңуз эмне үчүн кичине болуп калган?***

- "Үрөндүн" сорту ошондой го...

***- Боюңуздун азабын көп тарттыңызбы же жыргалын көп таттыңызбы?***

- Кээде бийигирээк нерсеге жетүү үчүн бир аз түйшүктөнөм, бирок жеңил машинага отурганда Токтомурат (комузчу) абдан кыйналат. Анан көпчүлүк учурда бою узун адамдардын артынан жүгүрбөйм.

***- Биринчи жолу качан кыз өптүңүз эле?***

- Мектепте окуп жүргөндө, эсимде жок, 5-6-класстарда окусам керек эле. Балалык тентек сезим менен балдар биреөнү өптүм десе, мен да кызыгып өөп койгом. Негизинен абдан тартынчаак жана уяң болуп тарбияландым.

***- Кыздын колун кармап, жүрөктүн эргүүсүн кимдир биреөгө кайсы убакта арнадыңыз?***

- 1969-жылы күз айларында пахта теруу маалында.

***- Жеңеме качан, канча жашыңызда үйлөндүңүз?***

- 1976-жылы күзүндө 24 жашымда.

***- Обончу ырчысыз, талаалап жүрөсүз, үйгө түнөбөй калган учурлар болот, ошондо жеңенин кабагы кандай болот?***

- Башка артистердей болуп жер кезип гастролдой элекмин. Айрым учурларда талаада түнөп калууга туура келет. Мурда, кийин жүрүм-турумумдан шектенбесе, жайдары тосуп алат. Эгер шектенип бир нерсенин жытын билсе "капризи" кармайт.

***- Канча балаңыз бар?***

- Алты балам бар.

***- Обончулукка ык койгондору барбы?***

- Кичине уулум музыкалык мектепте окуйт. Чоң уулум Замир ырдайт, аккордеондо ойнойт, бирок музыканын артынан сая түшүшө элек.

***- Кайдан жүрүп обон чыгаруу түйшүгүнө кабылып жүрөсүз?***

- Бул өзүнчө узун тарых... менин турмушумда кайгылуу ойго салчу түйшүктөр көп өттү, кийинчерээк оорул калдым. Ооруканада маркум Рыспай менен эки-үч ай чамасында чогуу жаттым. Мүмкүн ошол жагдайларды, турмушумдагы оош-кыйыш мезгилдерди, ичтеги кайгы муңду обон менен айтып берүүнү тандап алсам керек.

Эң башкысы Рыспай Абдыкадыровдун канаттуу ырлары, таланты мени обончулукка жетеледи



окшойт.

***- Ырга болгон шык көрөнгө кайдан деп ойлойсуз?***

- Өзүмө-өзүм да кээде ошондой суроо берем. Ата-энем кечелерде, той-тамашаларда үзүлүп түшүп ырдап жүргөн кишилерден эмес. Айланып келип эле музыкага болгон шыгымды айылдаш Анарбек деген жигиттен улам, обон чыгарууга болгон шыгым Р.Абдыкадыровдон улам болсо керек деген бүтүмгө келем. Эң башкысы Алла таала мага ошондой ырыскыны тартуулаган го.

***- Биринчи ырды кимге арнадыңыз эле?***

- Апама.

***- Бир белгилүү обончудан, ырдын кайрыктары кайсы убакта келет десем, душта киринип жатканда келет деген. А Сиздечи?***

- Белгилүү бир окуяны баштан кечирип, ийгиликке жетип же саза сынган учурда, кубанычка бөлөнүп, же кайгы тартып азап чеккенде, ошол мезгилде жалгыздыкты каалайм.

***- Обончулуктун жыргалы кайда, ошондой эле кууралы кайда деп ойлосуз?***

- Кудайымдын кичинекей берип койгон өнөрү аркылуу элге таанылып, элдин оозунда жүрөм. Ошол өнөр аркылуу ырыскы таап, жашап, иштеп, бала-бакыраны багып жүрөм.

Талант кадырын, өнөр кадырын баалагандар баары сыйлашат. Мындан ашкан жыргал, сыймык жок да. Албетте, ар бир кесиптин, өнөрдүн өзүнүн түйшүгү болгондой эле обон жаратып, аны элге жеткиргенге чейин түйшүк арбын. "Саргарга

жоготсоң - кызара бөртөсүң" деген накыл кеп бар да...

***- Кайсы обончу, композиторду насаатчым же кумирим деп ойлойсуз?***

- Ж.Алыбаевдин талантын, мага жасаган мамилесин жогору баалайм.

***- Бедияровдун чыгармачылыгынын 50 жылдыгын кандай элестетсек болот?***

- Кудай буйруса 73 жашта болом. Ал эми чыгармачылыкты болжоп айтуу кыйын болсо да, обондорумдун саны жүздөн ашуун болуп калаар.

***- Обондоруңузда сиздин жеке тагдырыңыз бар десек болобу?***

- Дал ошондой. Жеке тагдыр, жеке түйшүк, жеке турмуш бар. Аларды бир тууганыңа, аялыңа, балаңа айтсаң да түшүнбөйт. Ошондуктан эч кимге айтпайм, өзүм менен өзүм болуп бир жараткан кудайга айтам. Ал айтпасаң да сезип турат эмеспи.

***- Азыркы кыргыз обончулары кандай иштеп жатат деп ойлойсуз? Көңүлүңүзгө толгону кимдер?***

- Батыш, түрк, тажик, өзбек колориттерин туурап (эстрада жанрындагылар) өсүп келе жаткан жаштардын музыкалык табитин бузуп коюшту. Жаштардан С.Бейшекеев, Б.Токтобаев, И.Аманбаев, М.Осмонов жагат.

***- Алдыдагы келечек, чыгармачылык пландар менен бөлүшө аласызбы?***

- Жакшы ой-тилектерим бар, аны убакыт көрсөтүп айтып берер?



***- Элиңизге эмне каалайсыз?***

- Кыргызстан келечекте өнүккөн өлкө болсо дейм. Элибиздин турмушу оңолуп, бай болсо деп тилеймин. Андыктан эмгектенүүнүн маданиятын үйрөнүш керек. Жалкоолук, көрө албастык болбосо.

Кыргыздын жалкоолугун баамдап, кайсы бир улуттагылар жалкоолугу бар балдарын тилдесе "ылайым кыргыз бол" деп айтышат экен. Себеби жалкоолордун турмушу эч качан оңолбойт тура.

***Суроо салган:***
***Бакыт ОРУНБЕКОВ,***
***"Акыйкат", №7.***
***14-20-апрель, 2000-жыл.***

Жалал-Абадская областная библиотека

Өзү эле айтып тургандай, жактырып жүргөн адамыма сезимимди билдирип, аны менен жанаша жүргүм келет, көкүрөгүмдө, сезимимде сен жашап атасың, бирок кантейин, корком ушактан деп жатпайбы. Чындыгында эле ушак күйүп турган коломтону өчүрөт, эл ичинде жаман аңыз сөз жүргүзөт. Мындай ырлар көп. мына Эсенгул Ибраевдин сөзүнө жазылган «Барам сага» деген ырда да бар. Анда деле ошо. Кээде бир нерсеге капа болуп, үй-бүлөңдү кайгыңды, бугуңду чыгарып урушасың. Бирок баары бир, бир сырды айта албайсың. Кээде бир жактарга кетип калгың келет. Кете албайсың. Бара турган жериң белгилүү, бирок артыңда үй-бүлөң бар дегендей. Ошол «Барам сага» деп коюп, барбай үйдө жүрөм дагы эле.

***- Жубайыңыз бул сөздү укса эмне дээр экен?***

- Эгерде ушул аялым болбосо, мен обончу болот белем ким билет. Ырымдын тематикасы кайсы тарапка өзгөрбөсүн, теригип, тескебейт. «Кимдин жаштыгын аядың, кайдагы ушактан коркуп атасың, ким сүйүүсүн жүрөгүнө сүртүп кетти, кимге барам дейсиң, кимди ойлодуң бекен сен дагы деп атасың?» деп маани-маңызына карап суракка албайт.

***- Өмүрлүк жубайыңызды кантип таптыңыз эле?***

- Анда медициналык окуу жайды бүтүрүп, Сузакта ооруканада иштечүмүн. Биздин кызмат айрыкча жазма иш эле. Бөлмөбүздүн терезеси жол жак тарапта. Саат 3-4төрдөн кийин жумуш жеңилдеп, ошол терезени карап, чөнтөккө колду салып ойлонуп, кыялданып көп отурчумун. Күндө эле оорукана жакка бир кыз өтүп атат. Байкабай жүрүп эле жактырып калдым. Жанымдагы



Урбайга «Эки-үч күндөн бери бир кыз жолдон өтүп атат. Мага жагып калды, давай, таанышабыз» дедим. Анан сураштырсам, эжеси хирургия бөлүмүндө ооруп жатып, ошого тамак ташып, кабар алганы келет экен. «Атыңыз ким?», - деп улам сурайбыз. Ал айтпайт. Мен таарынчак элем. Айтпасаң айтпай эле кой деп таарынган түрүмдү көрсөттүм эле, ал «Мынча болду таанышса таанышалы, атым Патила» деди. Ал күнүгө эжесине келет, биз жолугабыз. Ошентип, жакындашып кеттик. Азыр 6 баланы тарбиялап атабыз.

***- Ала качкансыз да?***

- Ооба, Акбаралы досумдун кино ташуучу «УАЗ» машинеси бар эле, ошого салып аяшымдын үйүнө барабыз деп алдап, үйгө киргизип алгам.

***- Көпчүлүккө атыңыз тааныш болгону менен өзүңүз бейтаанышсыз. Эмнеге борборго келип өзүңүздү тааныптпайсыз?***

- Бул жерге келип сапатсыз сандалып жүргөн чыгармачыл инсан болгондон көрө, айылда туруп мыкты обончу болгонум артык. Өзүм айылда ызы-чуусу жок, тынч жашоону жактырам. Балким Бишкекке келсем мынчалык өспөйт белем. Жакшы чыгарманы үңкүрдө жатып жазсаң да төгөректүн төрт бурчуна таралышына менин көзүм жетти.

***Керим АЙДАРОВ,***
***«Асаба». №9. 9-ноябрь, 1999-жыл.***

Жалал-Абадская областная библиотека

# "Барам сага, Барам сага"

Жүрөктү толкуткан ырларды чыгарган. Арзыбек акенин кесиби–фельдшер. Сузак районунун Кызыл-Сеңир айылынан мектепти бүтүрүп, өзү бала күнүнөн эңсеген врачтык кесип алыш үчүн Фрунзеге келип медициналык окуу жайына тапшырат. Бирок, өтпөй калат. Жалал-Абаддагы медициналык окуу жайында окуп жүргөндө биринчи жолу "Эне тилеги" деген обон чыгарат. Алымкан Дегенбаеванын гезитке чыккан бул ырын кыркып, дыкаттык менен альбомуна жабыштырып алган күнү бүгүнкүдөй сакталуу турат.

Медициналык окуу жайын бүтүргөндөн кийин К.Маркс атындагы мектеп-интернатына фельдшер болуп орношуп, музыкадан да сабак бере баштайт. Себеби, ошол кезде тушоо кескен биринчи обонунан кийин "Кайда жүрдүң?", "Өтүнүч", "Тагдырым" деген ырлары жарык көрүп, белгилүү ырчылардын аткаруусунда ырдалып калган.

Музыкага баш-оту менен берилсе да музыкалык сабаты болбогондон кийин кыйын эмеспи. Ошону эске алып, Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтуна кирип, аны 1982-жылы бүтүрөт. Институттун босогосун аттагандан баштап ушул күнгө чейин ыр менен моюндашып, ыр менен "ооруп" келет. Шахра Талипова экөөнүн жакында шаарыбызда болуп өткөн концертинен кийин Чүй



боорун аралап, кыдырып концерт коюп келишти.

- Москва, Сокулук, Жайыл, Ысык-Ата райондорунун акимдерине, губернатор Бакиев Курманбек Салиевичке ракмат айтуу менен, терең ыраазычылык билдирем. Элге үнүбүздү угузуп, жүзүбүздү көрсөттү. Эл абдан жакшы кабыл алды. Концертке өнөр кадырын баалап калгандар келишти. Улуттук колориттеги ырларды сагынып калышканын баамдадык – деди Арзыбек аке ыраазычылык билдирип.

### *УЯҢДЫКТЫН АЗАБЫ*

- Кайсы бала болбосун тентектик кылып кыздарга тийишип, кат жазып чоңоёт го? Мен тескерисинче өтө уялчаак, түнт, кыздарга ички сырым ачык айтпай, тийишпей чоңойдум. Эч кимге кат жазган жокмун. Бирок бир кыздан кат алганым такыр унутпайм.

Атам пахта бригадири болчу. Үй кенен болгондуктан, кыздар биздин үйдө көп жүрчү. Ошол кыздардын бири кийин кат жазып жибериптир. Ал эжемдин колуна тиет. Кечинде үйдө чогуу олтурганда эжем: "Арзыбекке кат келиптир"- деп эле атамдардын көзүнчө окуп салса болобу. Мен чычалап аябай ыйладым, ыза болдум. Ошондо 8-класста окуган килейген эле бала болчумун.

Мектепти бүткөндөн кийин, биринчи жолу ынтаа коюп, бир кызды жакшы көрдүм. Уяңдыктын айынан, мен сөз айткыча ал кызды ала качып кетти.

### *"САКАДАЙ БОЮ САРЫ АЛТЫН" АКЕМ*

Күлбөгөн түнт адам менен баарлашып, маек

Жалал-Абадская областная библиотека

куруш да оор экен. Арзыбек аке асанкайгы киши. Бирөө менен жөндүү да сүйлөшпөйт. Баштаган ишин бүтмөйүнчө дүңкүйүп жүрө берет.

1995-жылы Жалал-Абад шаарында чыгармачылык кечем өтмөк болуп калды. Мага Арзыбек акенин дарегин беришкен. Издеп барсам, бою чакан, сары бала экен. Жаш көрүнгөнүнөн, сенсиреп сүйлөп аттым. Алтын тиштерин көрсөтүп күлүп койгону эле болбосо, эч нерсе деп айткан жок. Кечени кантип өткөрүү жөнүндө сүйлөштүк. Жаныбызда бирге иштеген коллегалары бар болчу. Бир маалда Арзыбек акени бирөө чакырып кетти. Ал чыгаары менен берки балдар:

"- Эже, Арзыбек акени эмнеге сен деп сүйлөп атасыз, ал бери дегенде эле сизден сегиз жаш улуу", - деп калышты.

- Койчу! – дедим таң калып, - Аябай жаш көрүнөт го?

- Ооба. Шахра эжеке да жаңы келгенде жаш баладай мамиле кылчу.

- Көрсө, "сакадай бою сары алтын" акем Шахра эжеден да улуу экен. Уялып, катуу сыныып калдым. Дароо кирээри менен кечирим сурадым. Ал мындайга көңүл калганын, көп деле кенебегенин айтты.

Кечем башталгыча "Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө" деген ырыма обон жазып, бир солистине жаттатып салды.

Ошондон бери сакадай бою сары алтын акем деп эркелетем, жакшы көрөм. Мүнөзүн да, өзүн да. Бою кичине болсо деле, жаш көрүнсө деле акемдей көрөм.



### *"ЭЛГЕ АЙТПАЙ ТУРГАН СЫРЫМ БАР"*

Өзү жазган обондорун ийине келтирип мыкты аткарат. Бирок көпчүлүккө, эл алдына ырдап чыкпайт. Себебин сурасам, уялам дейт.

"Гүлгүн жаш", "Жаштыгыңды аядым", "Бозойдун ыры", "Кайра келчи?", "Бир сырым", "Көзүңдөбү керемет?" ырлары кезинде Д.Акулова, К.Турапов, С.Садыкова, Ш.Талипова тарабынан аткарылып, элдин сүймөнчүлүк ырларына айланган. Кутман Жолдошевдин аткаруусундагы "Кутман жерим" деген ыры облустук сессияда Жалал-Абад облусунун Гимни катары кабыл алынган. "Аман бол сенден түңүлбөйм", "Махабатка ишеним", "Барам сага", "Ал мендирмин", "Ойлодуң бекен мени сен?", "Капырай каламынбы унутулуп?", "Ушундай беле бешене" деген мурунку жана жаңы жазган ырлары Шахра эженин аткаруусунда элге жетүүдө.

Акындар С.Жусуев, Э.Ибраев, Н.Алымбеков менен тыгыз байланышта. Маркум Азада Бегимкулованын ырларына да көп кайрылат.

- Ырларымдын темасы айтып тургандай, элге айтпай турган, кудай гана биле турган бир сырым бар, - деп жылмаят Арзыбек аке, - Сезим, кыял жаш болуш керек, алар картайып калса, оту өчүп, чыгармачылык токтоп калчудай сезем.

### *ПАТИЛА – НАК ТИЛЛА*

- Менин биринчи угарманым, биринчи сынчым, аялым – Патила. Ырларымдын мазмунун, маңызын карап тескебейт. Кызганып жок жерден чыр чыгарбайт. Чыгармачылыгыма эркиндик берет.

Жалал-Абадская областная библиотека

Баалай билет. Туура түшүнөт. Кээде бура басып кетсем да, көрмөксөн, укмаксан болуп коёт, - дейт Арзыбек аке.

Ооба, аке, бул жакшы аялдардагы эң мыкты сапат. Жаман аялдардай телтейип, баскан изиңизге чөп салып, кадамыңызды кайтарып жүрө берсе, элдин сүймөнчүлүгү болгон ырларыңызды жаратмак белеңиз? Демек, Патила жеңе нак тилла турбайбы! Түштүкчө тилла деген сөз (дилде) алтын дегени эмеспи.

Алты баланы төрөп өстүргөн жеңе эки небересин багуу менен алек болсо, Арзыбек аке беш студентти багуу менен күн өткөрүп келет. Себеби, төрт баласы, бир келини жогорку окуу жайларда окушат.

- Атайын түштүктөн ат арытып келип, эл алдына чыгып, мукамдуу ырларды тартуулап концерт коюп, убакытты үнөмдөп, редакциябызга конок болуп бергениңизге ыракмат, аке. Колуңуздан аккордеонуңуз түшпөй дагы-дагы сонун-сонун ырларды жаратып, булбулдай таңшый бериңиз! Жеңеме салам айтып, неберелериңизди өөп коюңуз.

- Ыракмат. Биздин түштүктө кант кошпой чай берет. Силерде кант менен чай берет экен. Чайкананыздардан чай ичип бешенем терледи. Аябай ыраазымын. Өзүңө жана чогуу иштеген калемдештериңе шык-даремет каалайм. Калемиңер курч болсун. Ырларыңан, газетаңардан жөнөтүп тур.

- Ак жол аке!


***Бурулкан КАРАГУЛОВА,***
***"Чүй баяны", №43. 15-ноябрь, 2000-жыл.***



**Арзыбек БЕДИЯРОВ**

# Кечирилгис күнөө

*(Аңгеме)*



Жалал-Абадская областная библиотека

...Ким билет, ошол күнү сени шаардын "Тынчтык" кинотеатрынын жанынан өзүң курактуу жолдош кызың менен турганыңды көрбөгөнүмдө, балким, сен жөнүндө өмүр бою бирөөгө ооз ачпай, ичтеги сырды жаман чапандай кымтына жашырып өтүп кетээр белем...

"Ооруну жашырсаң өлүм ашкере кылат" дегендей бардык эле нерсенин кандайдыр бир себепчиси болот турбайбы көрсө.

Ошол сага жолуккан күнү сабактан эрте чыккан элек. "Майда-чүйдө алып алалык" -деп бир батирде жашаган үчөөбүз базарга баратканбыз. Ар күнү "Тынчтык" кинотеатрынын жанында айланчыктап, кирбесек да кайсы кино жүрүп жатканын көрүп коюу биз үчүн адат. Борбордук кинотеатр ошол болгондуктан ал жерден эл дайым үзүлчү эмес.

- Давай, жакшы кино болсо киребиз! -деди жолдошторумдун бирөө.

- Азыр базарлык кылып алалык, анан кечки сеансына келе беребиз, деп сөзүм ортого салдым.

- Жок дегенде көрүп коёлучу кайсыл кино экен акелер! –деп калды жанатан бери бизге кулак салып келаткан Сабырбек. Биз афишага алыстан көз жүгүртүп бараттык. Биз, адамдар мындан бир саат же бир минутадан кийин эмне болоорун сезе билсек кана,көңүл бошоткон көп эле окуялар болбой калаар беле. Афишанын жанында сенин турганыңды такыр байкабапмын. "Аңдабаган төө көрбөйт" болуп сага беш кадамдай жетпей токтогонумду эстесем азыр да жүрөгүм түкүлдөп, көкүрөккө ургулайт. Жолдош балдарымдын кыйкырып, атыман



чакырышкандарына да карабай батирди көздөй чуркадым. Сейил бакка келип орундуктардын бирине отура кеттим. Көпкө отурсам да энтиккеним басылбайт. Он чакырым чуркаган мелдештерде деле мынчалык кыйналган эмес элем. Көз алдыма өткөн күндөр, ошол күндөр өчпөс кылып калтырган кымбат учурлар тартылып жатты ушул чакта. Баарына эле мен күнөөлүү болуп көрүнүп жаттым. Ырас, баарына жалгыз гана мен күнөөлүүмүн. Бул менин чын сөзүм. Муну эч ким кечирбесин айдан ачык билем. Турмуштун ысыгына күйүп, суугуна тоңбой туруп, "Мен адам болдум" дегендерге эч качан ишенгим келбейт, ишенбейм!

Жаштайыман оорукчан болуп чоңойдум. Он жылдык мектепти бүтүргөнүмөн кийин мединститутка тапшырып, конкурстан өтпөй калдым. Райондук газетанын редакциясында корректор болуп бир жылча иштегенимен кийин оорум кайра козголуп, областтык ооруканага жатууга мажбур болдум.

Ал жерде "Мезоденит" диагнозу менен бир нече жума дарылanганыман кийин Шакафтарга жөнөтүштү. Бул бир миң тогуз жүз жетимиш биринчи жылдын ноябрь айынын баш ченинде болгон эле. Дартымдын дабасын Шакафтардан табаарыма ишенип, илгери үмүт менен жолго чыктым. Эс тарта баштаганыман алдыма койгон жалгыз максатым – врач болуп калктын ден соолугу үчүн өмүр бою күрөшүү эле. Бирок баары эле ордунан чыга бербегени кыйын экен. Неге менин тагдырым чаташ-чаташ!?

Тагдыр деген эмне өзү? Аны адамдар жеңе

Жалал-Абадская областная библиотека

алышабы!? Ал үчүн эмне кылыш керек, эгер аны жеңип чыгуу мүмкүнчүлүгү бар болсо? Ушундай ойлор менен алп урушуп Шакафтарга жеткенимди да сезбей калыпмын. Күүгүм кирип калыптыр. Мени төртүнчү палатага жайгаштырышты. Палата бош экен. Көлөкөм менен эрмектешип кроватка отура кеттим, канча отурганымы билбейм. Бир кезде эшик ачылып, ак халатчан жашы он сегиз, он тогуздардагы орто бойлуу ак жумал бир кыз кирип келди. Анын медсестра экенин ошол эле замат баамдадым. Мени көрө коюп:

- Ой, саламатсызбы?! Жаңы келдиңизби?, - деп сурады да уялыңкырай эшикти сыртынан жапты. Ошол ак халатчан сен болчусуң Сайкал! Ошол түндөн баштап, лимфо бөлүмүндө сенин, сен сыяктуу жөнөкөй, жумшак мүнөздүү жайдары адамдардын колунда даарылана баштадым. Силердин чын эле жеңил колдуулугуңардан болсо керек, көбү эле чыгып баратып: (Ылайым колуңар дарт көрбөсүн,бактылуу болгула)! деген каалоолорун арнашат. Кана эми, мен да ошол кеткендердин катарында силерди өмүр бою алкап жүрөөр, ушундай ак халатчан асылзат адамдар бар эле деп оозуман түшүрбөс болсом. Ооруканабыз эки кабат болуп, биринчи кабатында биз эркектер, ал эми экинчи кабатында болсо аялдар дарыланышчу. Анын бет маңдайында алма багы анын наркы өйүзүндө аялдардын сөөк дарты бөлүмү, аны менен катарлаш медсестраларды даярдоочу кечки мектеп жайгашкан. Төрт тарабын тоо кыркалары ороп, кадимки сепилдерди көз алдыңа тартат. Айрыкча түндүктөгү улуу Чаткал тоо кыркалары ары айбаттуу,



ары бийик жана кишиге жакын көрүнөт. Сыртка чыгаарың менен демиңе дем, күчүңө күч кошкон бул тоону көрүп алда канча чыйрала түшөсүң киши.

Деги жаратылыштын кооздугуна не жетсин чиркин!

Январь айынын акыркы күнү мени жетинчи палатага көчүрүп коюшту. Мен өзүм жалгыз эмес Жолдошбай деген жаштары отуздарга барып калган киши менен жашай баштадым.Таң атаар менен көзүмдү ачып, эмненидир ойлоп ошол чалкаман жаткан калыбымда шыпка кадалып жата берем. Эч ким жолтоо кылбагандыгынанбы, же эрте мененки салкын абанын таасириненби айтор ушунчалык мемиреп жата берүүчүмүн. Бош убактарым да текке кетпейт. Үйүмөн алдырып келген аккордеонуму эрмек кылам. Көзгө көрүнөрлүк тарта албасам да ичтеги букту чыгарып алуучумун. Ошого да кубанаар элем. Көрсө оорулуу адам назик болуп калат турбайбы. Мени көргөнү, ал жайымы сураганы бирөө келсе сүйүнүп, а кетип баратканда болсо ыйлагым келет, бирге кетким келет. Убакыт болсо өз огунан чыкпай, ар бир секунду алга сүрөйт. Үч маал кабыл алган дары-дармектер, уколдор көңүлгө жат болуп өмүр бою ушундай болуп өтүп кете тургандай туюлат.

Обход учурундагы “жакшы” деген сөз биз үчүн унутулгус жаңылык. Анан оорлошуп бараткандарын көрүп туруп бир чети зээниң кейийт. Деги эч ким оорубас болуп жаралса кана. Ырас жашоо үчүн жарык дүйнөгө “ыңаа” деп келгенден кийин.

...:Күн өткөн сайын мендеги жалындаган ысык сезимдер сени көздөй түртө берди мени. Сага болгон тунук, алгачкы махабатым барган сайын оргуштайт,

Жалал-Абадская областная библиотека

көбүрөөк термете баштады. Сенин жумушка келишиң мени чексиз кубанычка бөлөсө, жумуштан кайра кайтышың ошол кубанычтын бир да учкунун калтырбай өзүң менен алып кеткендей болоор эле мага.

...Кызык, сүйүү ушинтип башталат экен да.

Ооба, Сайкал. Мен ошентип арнай баштадым сага ак сүйүүмдү, ойлорумун тунуктарын, жаңыларын. Муну экөөбүз бирдей түшүнүп, бирдей кабыл алганыбызга азыр да таң калам, ишенбей да кетем кээде.

Сенин түнкү кузөткө келээр мезгилиңи үзбөй күтүүчүмүн. Эгер келатканыңы көрсөм болду, мага жаз күнүндөй ысык, жаз күнүндөй кооз көрүнүп кетүүчү кычыраган кыш мезгили да. Анан ошол замат палатама кирип, кроватыма чалкаман жатып алчумун да, шыпка көздөрүмдү кадап, сени күтө баштачумун. Сен да кийинки күндөрү жумушка келээриң менен сөзсүз келип, ден соолугуму сурап койчу болуп калдың. Сени бир аз узак күтүп калсам эле болду: "Мага таарынган экен да. Кечээ бир жаман сөз айтып койдум бекен?

- Жоок! Кечээ колун кармагамын ошого, мүмкүн... Ка ап!

Ушундай орду жок ойлорго башым кабак болуп кетээр эле заматта.

Бирок сен сөзсүз келээр элең. Кирээриң менен менин кроватымын четине отуруп "Кандайсыз, эриккен жоксузбу дечүүсүң. Аның сагынган жоксузбу дегендей" угулчу мага. Мен: Албетте," эриктим, аябай эриктим" деп жооп берүүчүмүн. Сен болсо



мыйыгыңан күлүп, бешенеме колуң коючусуң. Ошондо колуңун жылуулугу бүткөн боюма дүр этип таркай түшчүү. Мен сенин ошентип тура беришиңи аябай каалар элем. Колуму сенин колуңун үстүнө коюп, капкара тунук көздөрүңө үңүлө карачумун. Сен бир аз уяла түшүп жер карай салганыңда кирпигиң узун-узун болуп көзүңү жаап калаар эле. Анан колуңу акырын тартып алуучусуң да көкүрөгүмө башың коюп жүрөгүмү тыңшай баштоочусуң.

Эмне деп жатат сага? - десем.

- Билбейм, тук-тук этип эле соккону болбосо... -деп жоодурай караар элең.

- Ооба, ал дегени "Сайкал, Сайкал!!" дегени да дечүмүн көзүңө тигилип.

- Охо, -деп алаканың менен оозуму басып калаар элең. Мага мунуң да жакчу.

Декабрь айы...

"Кошуна палатага Рысбай Абдыкадыров келиптир деген сөз музыкага аз да болсо шыгы бар бир гана мени эмес", - бүт ооруканаyы кубанычка бөлөгөндөй болду. Анткени анын аты республикага таанылa баштабады беле ошондо. Аз да болсо аккордеондо ойноонун ыкмаларын үйрөнүп алат экенмин, ыр жазып обон жарата албасам да деп аябай сүйүнгөм.

Ал дарыланганы келген болуучу ошондо. Бир күнү түн бир маалга чейин өзүнүн мурдакы жана жаңы жараткан ырларын ырдап берди. Мага анын ошол күнкү "Мен деп бил" аттуу ыры аябай таасир калтырган экен, азыр да унута элекмин.

Бардык эле нерсе өз убагында кызыктуу ширин болот турбайбы көрсө.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кыраан-каткы күлүп, суу болгонуна карабай карга булашып, кар атышкан күндөр да өзү менен кошо кандайдыр бир сыр жашырган немедей артына бир кайрылбай желкесин салып кете берди.

Март айы. Жаздын белгиси да, энчиси да ушул ай. Күндүзү тынбай эриген кардын суусу кечке жуук бир аз тоңуп жердин бети да анча тоорсуй түшөт. Күн болсо чайыттай ачык. Ооруканaнын айланасындагы карлар эрип жердин бети карая түшкөн. Күндүн аптабына баары магдырашат.

Бир кезде менин жанымда бет аарчы түйүп отурган кара тору келин:

- Жанакы кыз келсе уйку дары алып ичпесем болбой калды. Түндө чырм этпей чыктым тобо, -деди өзүнүн оң жагында отурган орто жаштагы сарысынан келген арык аялга кашын серпий.

- Кайсыл кыз, жанакы Машабы?

- Э жок, тиги чолок кызчы, атын да унутуп калдым....

- Сайкалбы?

- И и ооба, Сайкал, Сайкал! Оордуман ток ургандай ыргып турганымы билбей калдым. Тиги келинди жаактан ары коюп, коюп жибергим келди ошол минутта. Бирок... Бирок боюму калтырак басып кетти да бир ооз сөз айта албай палатама кирип кроватка өзүмү таштап көпкө чейин ыйладым. Ырас, мен өзүмүн тагдырымын ушунчалык окшоштугуна эмес, менин эң жакын көрүп жүргөн кишимдин атын унутуп ага тагдырдын кош колдоп сунган дартынан үй көтөрө атаганына ыйлап жаттым. Ошол күнү сен келдиң.

Мени көрөөрүң менен:

- Дагы ичиңиз оорудубу? -деп сурадың. Бирок мен



сага жөн гана:

- Башым... деп жооп бердим.

Сен мен үчүн таптазасың, сулуусуң, кымбатсың, жалгызсың!

Мени сени сүйөм Сайкал!

Бирок буга али эрте. Мүмкүн саналуу гана күндөр калгандыр. Ооруман айыгып кеткен күнү сөзсүз айтам ушул сөздү Сайкал, сөзсүз, сөзсүз. Айыгып эле калгандаймын. Бир гана "тубазид" ичкеним болбосо...

Обход болгон сайын врач эжейден: "Эже мени эми чыгара бербейсизби, жакшы болуп калыпсың дедиңиз го, ыя эже? -деп өтүнө берем:

"Фрунзеден комиссия келип көрүш керек, анан..." деп койчу. Комиссия келди бекен деп жеңил машиналар ооруканaнын жанына токтой калса, "Комиссиябы?" деп сурай берген мен комиссиянын келип калганын билбей калыптырмын. Чын сөзүм. Комиссия мени "таза" деп тапса болобу.

Ар бир палатага кирем "Мен айыгыпмын, мени ошентишти, мен таптазамын", дейм. Кандай бакыт! Сайкал кайда! Кайдасың менин жалгызым!...

Мен айыгыпмын!! Бирок сен кеч келесиң. Ага чейин дагы көп бар. Ошондогу кубанчымды азыр сөз менен айтуу мен үчүн өтө кыйын. Бирок андан өткөн кубаныч, бакыт күтүп турганын сезген эмес экемин алдыда.

Кечки тамактан кийин палатама кирсем да көпкө отура албай сыртка чыктым. Ал учурда сен ооруларга укол берип жүргөн болчусуң. Кечки сыдырым жел беттен акырын аймалайт, эркелеткендей болот.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кандайдыр гүлдүн жыты келет. Мен сыртта сейилдеп басып жүргөм сенин сменалашың Маша келип:

- Алик, пошли-ка, дела есть, -деп калды ууртунан жылмайып.

Мен кирсем сен отурган экенсиң.

- Бүттүңбү? -дедим сага суроолуу карап анан артыма бурулуп Машага карап:

- Кандай жумуш эле? - дедим.

- Мен эмес, тигил... -деп орусчалай сага башын булгалады. Биз баарыбыз күлүп калдык.

- Түн. Болгондо да эртең кетесиң деген күнкү акыркы түн.

Аба болсо жай күнүндөгүдөй салкын, асман толо жылдыз демекчи мен аларды дайым эле карап, ушунчалык суктана берем. Жаратылыштын түнкү көркүнө көрк кошуп, ажарын ачкан, түндү кадимки бейишке айландырган жылдыздан башка, жылдыздан сулуу эмне бар деги?

Бул түн биз үчүн өзгөчө түн экенин мен да, сен да сезип бараттык. Сен тараптан акырын соккон сыдырым жел сенин мен үчүн аябагандай керектүү, кымбат жана көптөн берки самаган сагынычтуу жытыңы дымагыма уруп жатты. Биз көпкө үн-сөзсүз бараттык. Чынында эле коштошуу кечеси оңойго турбайт окшойбу. Күнүгө сөз талаша кетчү биз бүгүн ойлуу жылып баратабыз. Сен эмнени ойлоп жаттың ошол чакта билбейм.

А мен сен экөөбүздүн келечек жашообуз жөнүндө ойлоп бараттым.

Бир кезде сенин үнүң оюму ортосунан чорт бөлүп



жибергендей болду.

- Отурабызбы? Мындай карасам тоонун боорундагы верандага келип калыппыз. Ооруксана анча артта калыптыр.

- Ооба, отурабыз.

- Сайкал! -дедим мен, сен менин сол жагыман орун алганыңдан кийин колуңду кармап-Сүйлөчү!...

Сен мага жооп иретинде муңайым бирок эмнегедир сагынычтуу карадың.

- Аны жүрөгүм сезе койгондой каттуу сого баштады.

Ал дегениң: Мен сени сүйөм, бирок кантип ал жөнүндө ооз ачам, кантип?!, -дегениң болчу.

-Андан ары тура албадым. Сени өзүмө тартып, ошол капкара тунук көздөрүңдөн, пахтадай жумшак жүзүңдөн, от болуп жанган эриндериңден өпкүлөй күндүздай кара чачыңды сылай баштадым.

...Ушул мүнөт мен үчүн эң бир бактылуу эстен чыккыс мүнөт болуп жатты.

Ооба, мен өмүрүмдө биринчи жолу кыз жытына, болгондо да мен үчүн эң кымбат адамдын жытына мас болуп чексиз бакытка чумуп бараттым...

Буга асмандагы жылдыздар, түнкү көзгө сайса көрүнгүс караңгы түн, акырын соккон сыдырым тоо жели жана өзүбүз отурган веранда күбө. Буга мен да сен да күбө Сайкал.

- Бирок...

Ушул бирок деген сөз жанга кандай катуу таасир тийгизет, чоочутуп жиберет. Ушул "бирок, болбогондо балким...

Эрте менен мени медициналык кызматкерлер,

Жалал-Абадская областная библиотека

тагдыр табыштырган тааныш-билиштер жана мен үчүн эң кымбат болуп, көңүлүмүн борборунан орун алган – сен узатып чыктың. Мага окшогон көңүлү боштору да бар экен бир аз жашып да алдык.

Келип калган "Наманган–Чусть" маршрутундагы автобуска чыгып сага карадым. Көзүңө жаш тегерене түшүптүр. Көрүшкөнчө аман бол!" дегендей башың ийкедиң да терс бурулуп ары бастың.

Мен кол булгалап силерден алыстап бараттым. Кийин эч кимиңерди көрүүгө мүмкүн болбой алыстап кетти аралыгыбыз.

Ошентип күн артынан күндөр жылып өтө беришти. Мен көп өтпөй апама жана эжеме бул окуяларды баяндап бердим. Бардык эле нерсеге "эне" деген жакын болот эмеспи. – Иши кылып кийин өкүнбөгөндөй эле болсоң болду дешти экөө тең. Кийин атам угуп: - "Уулум!" – деди токтоо гана – Мен баарын уктум. Үйлөнсөң мен каршы болмок белем. Эр жеттиң үйлөнөсүң! Сен деле жигит болуп калдың. Балалыгың калган жок. Бирок, колуңдан бир иш келбей туруп кантип жашап кетээриңди ойлодуңбу? Азыркы жаштар кетмен чаба алышпайт. Сага айтаарым оку! Үйлөнүү качпайт. Атамдын биринчи жана акыркы сөзү ушул болду. Андан башка өтүнүп суроого даай албадым.

Болжолжошкон күн 30-апрель да эртең кирип келди. Эртең Шакафтарда, сенин жаныңда болоорумду эстесем жүрөгүм алып учат, тук-тук урат. Түнү бою уктай албай койдум. Көзүмдү жумсам эле бирөө: "Эй, анткор, сен эмне кылып койдуң! Кимди алдамакчысың ыя?!..." деп эле баса калчуудай



көрүнүп кетет көзүмө. Сыртка чыктым. Сыртта деле мага жеңил эместей туюлат. Асманда ошол түнкү жылдыздар: "Кир ары, уятсыз! Сага биздин асыл нурубуздун астында орун жок!!", -дегендей кекээрдүү карашат алар да. Кайда барышты, ушул өзүм тартып жаткан кимдир бирөө үчүн чынында күлкүлүү тарткылыкты кимге айтышымды билбейм. Ай да асманда акырын жылып баратат. Анын ортосунан тең болгон пияздын түспөлүндөй түрүнө жардам сурагандай жалооруп карайм...

Анан ал да токтой туруп: "Сага дагы аз" дегендей жанына жакындап келгендей жалгыз ак булуттун ичине кирип кетти. Эмне кылышты билбей бүт боюму калтырак басты, үйүбүздүн үстү жагындагы камыш баскан каналды бойлой ылдый чуркадым. Канча чуркаганымды билбейм. Бир кезде бутум чалынып камыштын ичине көмөлөнө түштүм...

Кийин бир нече жолу жазган катыңды алдым. Бирок жооп жаза албадым. Эмне деп жазаарымды билбедим. "Мени кечир, Сайкал? мен акмактык кылдым. Шерттешкен күнү сага барып, үйгө алып келе албадым, кечир мени?" – деп жазмак белем. Ошентип өзүмдү-өзүм күнөөлөп жүрүп бир топ убакыт өтүп кетиптир. Күн өткөн сайын сенин мага болгон ак ишенимиңди булгап, жек көрүнчү адамыңа айланганымдай сезиле берди. "Бүттү баары кеч калдым. Ал мени эч качан эми кечирбейт" – деп ойлоп түңүлүп жүрдүм. Албетте, сүйүүнүн антын бузгандарды ким эле кечире коймок. Эми сенин алдыңда өмүр бою кечирилгис күнөөм менен жашап өтөмбү деп корком. Кечир мени?!

# КЭЭДЕ ОБОН ЖАРАТЫП ЖАТЫП ЫЙЛАЙМ

*Жалал-Абаддагы белгилүү обончу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Арзыбек Бедияров жетектеген «Гүлгүн жаш» Фольклордук-эстрадалык тобу түзүлгөндөн бери эл арасына кеңири таанылып, анын обондорун кары-жаш дебей созолонтуп, мындан эленип, канчалаган таланттар суурулбады.*

*Бедияровдун обондору ар бир адамдын жүрөгүндөгү айталбай жаткан арзууларды, сырларды алдын ала көрүп, билип койгондой жүрөктү дирилдетип кубулжуп, обонго оролгон сөздөр менен сен айтаар сөздү шыбырап жаткандай сезилет.*

*«Гүлгүн жаш» 1980-жылдары жөн гана чыгармачыл топ болчу. Кийин 1991-жылы Фольклордук-эстрадалык топ болуп уюшулуп, өздөрүн-өздөрү каржылап эл алдына ырдап чыга баштады. Ошондон бери арадан он үч жыл өтүп, сабырдын түбү сары алтын демекчи, кези келип минтип Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин буйругу менен «Гүлгүн жаш» «элдик топ» деген наам алып олтурат. Мындай наамды министрлик көрүнгөн эле эстрадалык же чыгармачыл топторго «ме» деп бере койбойт. Демек «Гүлгүн жаш» жөн жеринен бул наамды албады. Бир сөз менен айтканда бул топ маданиятка салымы бар, эл арасына сиңген, өзгөчө таланттардын, мыкты обондордун уюгу. Ушул жагдайда обончу Арзыбек Бедияров менен кеп козгодук эле.*



***- Сиз жетектеген «Гүлгүн жаш» минтип элдик наам алышы менен эмне утту?***

- Негизи элдик наам алышыбызга ушундай кыска аралыкта элге кеңири тарап, биздин ырлар элдин калың катмарына чейин сиңип жана бүгүн да эртең да ырдай берчү түбөлүктүү теманы алып чыкканыбыз, заман агымынын талаптарына да ылайыктыгыбыз себеп болду го дейм. Башта өз тушообузду өзүбүз кесип, өзүбүздү-өзүбүз каржылап, эл кыдырып концерт коюп, жашырганда эмне той-тамашаларда да болуп, андан түшкөн акча топтогу 5-6 адамга бөлүнөт. Албетте, бул жылдар аралыгында кыйынчылыктар да болбой койгон жок. «Гүлгүн жаштагы» балдар, кыздар бир эле учурда башка жерлерде да иштеп, бири-бирибиздин убактыбызга карап күтүп иштейбиз. Эми бул ачыгын айтсак турмуштук зарылдык да.

Элдик наамды алышыбыз менен, албетте, Финансылык жактан абалыбыз өкмөт тарабынан колдоого алынды. Топто иштеген эки ырчыга өкмөттүн эсебинен ай сайын айлык төлөнөт. Негизгиси «Гүлгүн жаш» элдик наамды алышы менен өзүнүн материалдык абалына, чыгармачылык бир системага келишине көп жакшы нерселерди утат го деп ойлойм.

***- «Гүлгүн жаш» Кыргызстанда гана эмес сыртка чыгып калганын да угуп калабыз?***

- Оо, Россиянын айрым шаарларын эске албаганда анчалык деле дүйнө кыдырып кеткен жокпуз. Россияда да кыргыздар жүргөн жерлерде гана болдук. Учурдан

Жалал-Абадская областная библиотека

пайдаланып, ачуу чындыкты айтсам, кыргызча ырларды коюн-колтук аралашып жашап жүргөн жергиликтүү өзбек, түрк, орус жана башка улуттардын өкүлдөрү кызыгып укпайт. Алар кандайдыр бир деңгээлде кыргыз жеринде жашап жатып, кыргыз тилине жийиркеничтүү мамиле жасагандай сезилет. Мисалы, топ кыргыздын ортосуна бир орус келсе тобубуз менен орусча сүйлөйбүз. өзбек келсе бир-эки ооз сөздү да өзбекчелештирип ийебиз. Муну менен мен, бизде намыс орусча айтканда «гордость» жок дейт элем. Тилибизди сыйлоого түртку бербестен кайра тилибиздин майканын чыгарып жатабыз. Бул жагдайды айтуу менен мен тил илими чубай турган көйгөйгө көчүп кеткеним жок. Баам салып карасаң, мен айткан ошол улут өкүлдөрүнө мамлекет өзүнүн маданиятын, тилин билүүгө, сыйлоого зарылчылык туудурса, анан башкасын айтпайын кыргызча ыр уккандар мындан да көбөйөт.

***- Менимче, сиз кыргыз искусствосу ичте өсүп, эл аралык деңгээлге жетүүнүн пайдубалы ушу жерден куралат дегени турасыз го?***

- Ооба, ток этер жерин айтканда дүйнөлүк аренага чыгыш үчүн улуттук тил кадыр-барктуу болуш керек. Эгер ушул абал менен кетсек, жөн эле көп улуттуу мамлекет болуп, кыргыздын аты гана аталып, заты жок калышы мүмкүн.

***- Эми сөздү сиздин чыгармачылыгыңызга бурсак. Сизди нота билбейт деп угуп калабыз.***

- Чындыгында нота билбейм. Эгер мен нота билсем, мынчалык деңгээлде Арзыбек Бедияров болбой калмакмын деп ойлоймун. Анткени музыканы



казып окуп келгендердин дайыны билинбей эле калып атпайбы? Анын үстүнө мен алгач Жалал-Абаддагы медициналык окуу жайда окуп, андан кийин Кыргыз мамлекеттик искусство институтунун маданий агартуу бөлүмүн бүтүргөм. Нота билбей туруп обон жазганым мага Кудай берген табигый талант го дейм.

***- Талант демекчи, ата-тегинде залкар таланты жок үй-бүлөдөн бир талантту адам чыгып калышы мүмкүнбү?***

- Эми кандай десем, мындай да, тегинде өнөрү бар үйдөн таланттар чыкпай деле калышы мүмкүн. Мисалы Токтогул Сатылгановдун баласынан же небересинен өзүндөй улуу талантту композиторду көрө элекпиз го. Мүмкүн келечекте чыгып деле калышы мүмкүн. Аны эч ким айта албайт.

Өзүм туралуу айтсам, менин атам кээде, кайсы ыр экенин билбейм, кандайдыр бир ырлардын кайрыктарын кыңылдап ырдап жүрө берчү. Андан башка тегимде паландай талантту бабам бар деп айта албайм. Айрым учурда мындай үй-бүлөдөн өнөрлүү адам чыгып деле калат тура. Менин эң кичүү уулум кичинесинде музыкага кызыгып, музыкалык аспаптарда ойноп калчу. Ичимден тымызын сүйүнүп, менин жолумду жолдойт го деп калчумун. Ошентип шарттарды түзүп бердим. Шаардагы музыкалык мектепке да окуттум. Бирок кийин негедир таштап койду. Азыр Кыргыз улуттук университетинде юрфакта окуп жатат.

***- Чыгармачылык илхам кай жерде эмне кылып атканыңа карабастан келе берет эмеспи. Бул учурда келген кайрыкты кантип кармап каласыз?***

- Өтө оор. Кайрык сен жумуш кылып аттың беле,

кийин келейин дебейт да. Бул учурда мага кандай болбосун жалгыздык керек. Айламды таппай кайрыктарымды жоготуп жиберген учурум көп болот. Негедир толкундап, эргип обон чыгаргым келип калганда бышып турган ашка да барбайм. Үйдөгүлөр да андай учурда тоскоол болбойт. Жумуштагылардан да мени жалгыздыкта коюусун суранам.

***- Сизде обон текстти издейби же тескерисинчеби?***

- Кайсы бир деңгээлде мендеги болгон окуяга байланышкан текст керек. Буларды мен көбүнчө Надырбек Алымбековдун, Эсенгул Ибраевдин, Соoронбай Жусуевдин, Азада Бегимкулованын ырларынан таба алам. Обон жазып жаткан учурда таптакыр башка дүйнөдө калгансып, тирүүлүктүн түйшүгүн да, сүйүнүчүн да унутуп, сыйкырдуу кайрыктардын гана кучагында толкундап, эргип, айрым учурда ыйлайм. Мисалы: «Кутмандуу жерим», «Барам сага» жана дагы бир ырымда эт жүрөгүм эзилип ыйлагам. Албетте, бул обон жарата албай өзүмдү зордоп кыйналып ыйлаганым эмес, тескерисинче, өзүм эңсеген текстти да, кайрыкты да таап, өз оюмду ойдогудай берип, ага эреркеп кеткенимдеги көз жашым эле.

***- Ушинтип жаралган обондорумду кимдер ырдаса дейсиз? Профессионал ырчыбы же...***

- Сөзсүз эле профессионал ырчы ырдасын дебейм. Бул окуган, чокуган, ушул ырдасын деген менен ал элге жеткире ырдай албасачы. Андай учур деле болот да. Мисалы, менин ырларымды абдан уккулуктуу добушу менен элдин жүрөгүнө жеткирип



асман айдан окубаган эле нукура табигый таланттуу ырчылар Шахра Талипова, Кутман Жолдошев жана башкалар эң сонун эле ырдап атышпайбы.

***- Чыгармачыл адамдар сүйүп турат. Бардык кубулуштарды жүрөгү менен кабыл алып толкундап эргибесе, ыр да, обон да жаралбайт дешет.***

- Мунун кайсы бир деңгээлде чындыгы бар болушу мүмкүн. Бирок чыгармачыл адамдар көрүнгөндү эле сүйгүч эмес, тескерисинче, орусча айтканда «однолюбь» болушат. Ошол жалгыз адам жөнүндө ар кандай версияда ыр жаратып, обон чыгарышы мүмкүн. Эгер ырдын маанисин түптүз түшүнө турган болсок, анда менин 70тен ашуун обондорумдун ар биринин өзүнчө 70тей каарманы бар деп түшүнүүгө туура келет. Албетте, ырдын да каарманы болот. Ачыгын айтсам менин обондорумдун артында да бир, эки каарман бар.

***- Көпчүлүк ырчылар же обончулар дегеле чыгармачыл адамдар борбордон алыс калса ааламдан четте калган немедей борборду эле көздөй ашыгышат да.***

- Эмне үчүн мындай, мен да түшүнбөйм. Же белгилүү адам айылда жашаса болбойт бекен? Болот. Ал чыгармачыл инсан болсо эле элден ашыкча бекен? Мен Жалал-Абадда жашап чыгармачылыктан жабыркап калган жерим жок. Экинчиден, мен эрте турмуш куруп, эрте бала-чакалуу болдум. Чыныгы турмуштан да кол үзбөдүм. Демек, мен турмуштук зарылчылыктан борборго кеткен жокмун. Талант кайда болбосун талант. Эгер Кудай берген табигый

талант болсо ал жер тандабайт. Же борборго барса эле укмуш болуп кетпейт. «Арзыбек алыстан таамай аткан мергенчи», - деп Майрамбек Осмоновдун мага айткан ушундай бир сөзү бар эле.

***- Сиз медик да, маданий ишмер да, обончусуз да, эми өзүңүздү көбүрөөк ким деп ойлойсуз?***

- Обончумун деп ойлоймун. Он алты жылдык өмүрүмдө медицина тармагында фельдшер-мугалим болуп иштедим. Жалал-Абад облусундагы Карл Маркс атындагы жатак мектебинде директордун орун басары да болуп жүрдүм. 1986-жылы «Эл агартуунун отличниги» деген наам алгам. Андан кийин «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» наамын алдым. Медицинага да кошкон салымым үчүн өткөн 2003-жылы «Саламаттыкты сактоонун отличниги» деген наамга татыктуу болдум.

***- Эң сонун обонумду жараттым деп ойлойсузбу?***

- Албетте, жаман эмес жакшы обондорду жаздым. Обондорум ооздон-оозго өтүп жөнөкөй ыр сүйүүчүлөрдөн баштап, профессионал ырчылар да ырдап жүрүшөт. Дагы да мындан сонун түбөлүктүү обондорду жазсам деген оюм бар. Ал үчүн Кудайдан ден соолук, өмүр тилеп жүрөм. Сага да бактылуу күндөрдү каалайм. Калемиң колуңан түшпөй курчуй берсин.

***- Айтканыңыз келсин, сизге да жакшылыктарды каалайм. Маегиңиз үчүн чоң рахмат.***

***Гүлнур КЕЛДИБАЕВА,***
***«Фергана». №9. 5-12-март, 2004-жыл.***



# Арзыбекти азгырган Арзыгүлбү?

*Белгилүү обончу, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» Арзыбек Бедияровдун учурда 70тен ашык обондору бар. Анын ичинен 55ке жакыны жалаң махабат темасына арналыптыр. Кийинки эле учурда «Сүйүү арман», «Бир айып», «Бир иштир», «Мен сени калдым жоктоп», «Түшүмө кирдиң түндө сен» сыяктуу чыгармаларды жаратты. Өзү айткандай обон жаратканга сараңыраак. Бирок, сандан сапатка дегендей ырдын маңызы-мазмунуна карап, анын келечегине маани берген киши. Бул жолу биз дээрлик чыгармаларын махабатка арнап келаткан обончу менен махабат, сүйүү жөнүндө сүйлөшүп көрдүк.*

***- Арзыбек агай, обончулук сүйүүдө кандай роль ойнойт?***

- Обончулук сүйүүнүн маданияттуу жолун тандайт. Сүйгөн кишиңе ойду обон аркылуу бере аласың. Ошол эле учурда жараткан обонуң, ырың аркылуу башкалар да максатын ишке ашырышы мүмкүн, башкача айтканда пайдалана алышат. Ошондуктан ырдын темасы жалпыланган тариздe болушу керек. Мисалы, «Барам сага» деген ырым кайсыл кызга арналганын, атын айтып койсом, башкалар ырдабай коюшу мүмкүн эле.

***- Демек, бардык обондуу ырларыңыздын темалары жалпыланган экен да?***

- Ооба, бирок ар биринин өзүнчө каармандары бар. Айтууга болбос.

***- Оу, 55 каарманыңыз барбы?***

- Жок, кандай десем, идеал дейбизби, айтор кыялдагы каармандар көп. Кээде бир каарманга деле 10-15 обон жаралып калышы мүмкүн экен. Башыман өттү да.

***- Сизде обон мурда жаралабы же тексттен кийин таасирленип, анан издене баштайсызбы?***

- Мен көбүнчө кандайдыр бир нерсеге таасирленип жүрсөм, ошого тартылып, чыгармачылык менен мамиле кылып көрсөм деп ниеттенем. Анан аны ишке ашыруу үчүн бере турган ойлорумду негиздеп алып текст издейм. Эгерде менин оюм тексттерде берилген болсо, ошого обон жаратам.

***- Буйрутма (заказ) менен обон жаратып көрдүңүз беле?***

- Көбүнчө өзүм жаратууга аракеттенем. Бирок, кээ-кээде айрым чыгармачыл кишилер тарабынан сунуштар, пикирлер пайда болуп калат. Алардын сунуштаган ырларынын тексттерин карап көрөм, эгер жанагыдай оюма туура келип калса обон жаратам. Мисалы, «Сүйүү арман» деген ырым Самидин Стамбековдун сөзүнө жазылган. Ал кишинин сунушу менен көөнүмө тура келип, жаралып калды. Менимче, жаман ыр болбоду көрүнөт.

***- Арзыбек агай, сизге Кытайдын Үрүмчүсүнөн бир кыргыз кыздан кат жана белек-бечкек келиптир, ал жөн эле келбей сизди түйшүккө***



***салып жатыптыр деп уктум.***

- (Күлүп). Ооба. Бир күнү эле 5-март болсо керек, Алтынай Эшпаева («Гүлгүн жаш» эстрадалык тобунун ырчы кызы) Оштон күтүүсүз жаңылык кылып, белекти, катты алып келди. Үрүмчүдөн Жумалы деген киши иштери менен келгенче таштап кетиптир. Белекти алдым, жаңы үлгүдөгү видеомагнитофон экен. Ага кошуп өзүнүн репертуарлары, клиптери тартылган кассетасын салып жибериптир. Арзыгүл деген (ырчы) кыз экен.

***- Арзыгүл сиз жөнүндө мурдатан эле билет сыягы?***

- Өткөн жылы облуска Кытай Республикасынын Кызыл-Суу кыргыз автономиялык облусунан атайын делегация келген. Аларга Кара-Алма эс алуу лагеринде биз концерт койгонбуз. Ошондо тилмечи «Биз жакка барыңыздар, биздеги таланттар менен таанышыңыздар. Бизде Арзыгүл деген мыкты ырчы кызыбыз бар, сизди тааныштырамын» - деген. Мен телефонумду берип койгом. Бирок, анча деле маани берген эмесмин. Ошол делегациянын курамындагы кыргыздар мен жөнүндө жеткирип барса керек деп ойлойм. Экинчиден, биз деле кытайлык кыргыздардын ырларын билебиз го ошол сыңары эле келди-кеттиден маалымат алгандыр. Кыскасы, анын берген белеги, каты биздин байланышыбыздын ачкычы болгону турат. Катында телефондорун, өзү жөнүндө чакан жазыптыр, сүрөтүн салыптыр, татынакай, келишимдүү кыз экен. Кандай максатта минтти билбейм бирок, мен үчүн «бир гап» бардай туюлат, мен мындай күтүүсүздүктү башкача

Жалал-Абадская областная библиотека

толкунданУУ менен кабыл алдым.

***- Тынчыңызды кетирип, түйшүккө салганго?***

- Ооба. Ал эмес жаздын келиши менен ысык-суукту ылгап ооруканага жатып калдым. Каты, сүрөтү колумдан түшпөйт. Жатсам жаздыгымдын астында, турсам койнумда болот. Өзү оюмдан кетпей койду. Түшүмө да кирди. Бийик тоодо экөөбүз турган экенбиз. Көп жакшы нерселерди сүйлөшкөндөй болдук эле, азыр эсиме келбей турат. Айтор, ушундай түйшүктөр менен алектенип калдым, иним.

***- Арзыгүл менен байланышканга аракеттенип көрдүңүзбү?***

- 8-мартта Үрүмчүгө байланышып, биринчи жолу Арзыгүл менен үн алышып сүйлөштүм. Үрүмчүдөгү кыргыздардан жалгыз ырчы кыз экен. Үй-бүлөсүн сурадым, жалгыз, бойдок экен. Ата-энеси айылда Кызыл-Сууда турат окшойт.

***- Жашын сурадыңызбы?***

- Жок, бирок отузга чыгып, чыга электей сезилет

***- Тереңирээк сүйлөшө албадыңызбы?***

-Убакыт аз, анан акчасы кымбат экен. Биринчисинде 456 сомго сүйлөштүм. Экинчи жолу 21-мартта 3 мүнөт араң сүйлөшкөм, үчүнчү жолкусунда болсо Бишкектен интернет аркылуу чыгып, бирок сүйлөшө албагам. Гастролго чыгып кетиптир.

***- Ушунча болуптур, мүмкүн Арзыгүлгө арналып обон да жаралгандыр?***

- Ооба, текст издеп таппай жүрүп «Акыйкат» редакциясына келсем, ошол кездеги редактору Самидин Стамбеков Биримкул Алыбаевдин ыр китебин берди. Автор өзү автограф жазып, мага



калтырып кеткен экен. Ошону барактап отуруп «Түшүмө кирдиң түндө сен» деген ыры жагып калды. Ошентип Арзыгүлгө арнаган обон да даяр болду.

***- Арналуу обонду ээсине кабар кылгадырсыз?***

- Жок, байланыша албай жатам.

***- Мынчалык түйшүккө байланганыңызды жеңем, балдар билеби?***

- Билет. Тек үстүртөн гана түшүнүп коюшат. Эгер Арзыгүл жакын жерде болгондо кандай болор эле билбейм.

***- Үрүмчү, Кызыл-Суу тарапка гастролго чыгууга «Гүлгүн жаш» тобунун мүмкүнчүлүгү барбы?***

- Бар. Бирок уюштуруу иштерин жакшы жүргүзүү керек. Айрыкча ал тараптан атайын мамлекеттик чакыруу болсо андан да жакшы эле.

Бирок, былтыркы келген Кытай делегациясы келишим түзүп, ал жердеги жаштарга үлгү көрсөтүп, белгилүү мөөнөттөргө жүрүп келгиле дегендей кылган. Жакында облусубуздан атайын делегация Кытайга барат. Анын курамында биздин «Гүлгүн жаш» тобу да бар. Делегациянын уюштуруучулары бизди ал жакта гастролдоп калууга да даярданып баргыла деп жатышат. Азырынча аны ойлоно элекпиз. Бирок, бир концерт берип келүү ниетибизде бар.

***- Эгерде Кытайга барып, Арзыгүл менен жолугуп калсаңыз, эмнелер болуп кетиши мүмкүн?***

- Таанышабыз, чыгармачылык, адамгерчилик байланыштар жөнүндө ой бөлүшөбүз, сырдашабыз деп ойлойм. Башкача бир нерсе деш кыйыныраак.

Бирок, үйүндө жалгыз турат экен. Чайга, сыйга чакырат деп элестетип жатам.

***- Жанагы айтканыңыздай «бир гап» чын болуп, ал сизди чындап сүйүп калса кантесиз, анын сүйүүсүн кабыл алууга кудуретиңиз жетер беле?***

- Эми бул мендеги кыялдануу гана. Мен анын оюн билбей жатпаймынбы. Эгер чындап эле ошондой болуп калса, кабыл алууга деле болсо керек. Бирок, андай боло бербестир дейм. Себеби, менде да турмуш башка, балдар-кыздар чоңоюп дегендей. Эми, турмуш көргөзөт го...

***Арзыке, чечилип сыр бөлүшкөнүңүзгө рахмат. Ылайым арзыган насипти көрө бериңиз. Ийгилик каалайм.***

- Рахмат, сага да ийгилик, өмүр тилеймин.

***Сырдашкан:***
***Арстанбек САДЫР уулу.***
***«Фергана», №18 (114)***
***29-май 2004-жыл.***
***Жалал-Абад шаары.***



# «СҮЙҮҮНҮ АМОРАЛДЫК ТҮШҮНҮКТӨН КАРАБАЙ КЛАССИКАЛЫК, ФИЛОСОФИЯЛЫК ҮЛГҮДӨН ТҮШҮНГӨН АРТЫК»

*Белгилүү обончу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Арзыбек Бедияровдун чыгармачылык кыйырда чындап түйшүк тартып келатканына 30 жылдын жүзү болду. Бул аралыктагы Кыргыз маданиятына обончу катары кошкон салымы өзгөчө. 80ге жакын эл баалаган, улуттук классикалык чыгармаларды жаратты. Нукура элдик колориттин маңызында ой терметкен орошон обондор классиканын өзгөчөлөнгөн түрүн туюндурат десек жаңылбайбыз. Арзыкемин чыгармачылык өрүшүндөгү 30 жыл ичинде кантип ушул даражага жетишкендиги жөнүндө өзү менен маектешкенбиз.*

***- Арзыке, сөздү чыгармачылыкка ээ болгонго чейинки б.а. бала кездеги ой-кыялдарыңыздан, максатыңыздан, таасирлерден баштаган оңбу деп турам. Мындай соболдор сизге тааныш салт суроо болсо да «жаратылышты» башынан тааныган жөндүү да.***

- Дегеле чыгармачылыкка келгенге чейинки турмушум айылдык, карапайым мүнөздө, айылдык маданият менен тыгыз таасирленип чоңойдум. Ошол кездерде балалык сезим, кыял туруктуу болбойт тура. Ырчы, доктур же айыл чарба кызматкери боломбу деп ойлорум эки анжы болуп жүрдүм. Биринен-бири ардактуу көрүнгөн кесип ушундай туңгуюкка камагандай болчу. Музыкага кызыкчумун. Бирок обончу, композитор болом деген максат жок болчу эле. 7-8-класстарда анда-санда мондалин, аккордеон кармалап үйрөнө баштагам. Негизинен менин музыка дүйнөсүнө көбүрөөк азгырыла баштаганыма айылдык механизатор Анарбек деген кишинин таасири өзгөчөрөөк болгон. Ал аккардеон, комуз ойноп, ырдачу. Андан бир топ өздөштүргөнүмдү атам баамдап калып, өтүнүчүмдү орундатпаганда ким билет мынчалык чыгармачыл чөйрөнүн өкүлү болот белем да, болбойт белем. Айтор, алгач Анарбектин таасирлерин алып жүрсөм, кийинчерээк Рысбай Абдыкадыровдун ыргактуу обондору музыка дүйнөсүн өздөштүрүүгө түрткү болду.

***- Алгачкы обонду кандайча жараттыңыз? Бул кутүүсүз болдубу? Кандай эргүү берип, сезимдер кандай чакырыктарга үндөдү?***

- Түрдүү кыялдар менен жүрүп акыры дарыгер болом деп калдым. Ооруган адам ошону каалап, оорунун кадырын ооруган жан билет дегендей элге дарыгер катары жардам берем деген ойдо болдум. Бирок, медициналык институтка эки жолу тапшырып өтпөй калып, Жалал-Абаддагы



медициналык орто окуу жайга тапшырып, окуп бүтөөр жылы 1975-жылдын февраль айдын аяк ченинде батирде турчубуз. Жашаган үйүбүздө Алымкан Дегенбаеванын «Күдөр» деген китеби бар болчу. «Эне тилеги» деген ырына көңүлүмдөгү кайрыктар өзүнчө эле жалгашып, ыргагы жарашып бараткандай болду. Ансайын кызыгып убараланып калдым. Ошентип жаралып калды. Көз жеткис бирок көздөгөн кырды кыдырып түшкөндөй жеңилдеп калдым. Ал эми сезимдер айтып же сүрөттөй алгыс абалда алып учат. Алгачкы угарманым, бирге жашаган жакын досум өзгөндүк Дүйшөн деген болгон. Ал менин алгачкы чыгармамдагы биринчи угуучум, сынчым катары ошол ирмемдерге изи сиңген.

***- Коомчулукка обончу катары кайсы мезгилдерде таанылдыңыз жана чыгармаларыңызды канча этапка бөлүп карайсыз?***

- Медициналык окуу жайды бүткөндөн кийин Сузак районундагы Карл Маркс атындагы мектеп интернатында иштеп калдым. Ал жерде директордун окуу иштери боюнча орун басарлыгына чейин көтөрүлдүм. Ушул арада ондогон обондорду жаратып элге обончу катары таанылаалдым. «Жазгы серенада», «Кайра келчи», «Сен жаз элең», «Сен турупсуң» «Эже-агайга», «Гүлгүн жаш» жана башка балдарга арналган ырлар да жаралды. Өзүмдүн, элдин жана айрым музыка иликтөөчүлөрдүн көз карашы боюнча деле менин чыгармаларым өзүнчө үч этапка таандык экендиги байкалат. Биринчиси,

Жалал-Абадская областная библиотека

ошол мектеп-интернатында жаралган чыгармалар. Ал эми экинчиси айылдык чөйрөдөн бөлүнүп, облустук чөйрөгө аралашканыман башталат. 1992-1998-жылдар аралыкты камтыган бул учурда облуска, республикага белгилүү көптөгөн ырчы-аткаруучулар, акындар, өнөрпоздор менен чыгармачыл байланыштарым өөрчүй баштады. Мезгилдин талабына жараша эстрадалык фольклордук топ түзгөнгө мүмкүнчүлүк болуп, «Гүлгүн жашты» түздүм. Кыргыздын залкар акындары Э.Ибраев, С.Жусуев, Н.Алымбеков, А.Бегимкулова, А.Сатаров, Т.Зулпукаров, А.Малаев, К.Бакиев, Б.Карагулова, ырчы-аткаруучулардан С.Садыкова, С.Бедиярова, Г.Карымшакова, И.Доoронова, Б.Мадоморов, А.Оморов, Н.Койчуманова, Г.Өмүрзакова, А.Эшбаева, К.Жолдошов, Т.Осмоналиев, А.Касымалиев ж.б. менен тыгыз байланышып иштештим. Ал эми ырчы Ш.Талипова мененэкитараптуубайланышболду. Мен ыр жаратсам ал аткарып таанылды. «Жаштыгыңды аядым», «Көзүңдөбү керемет», «Түшүмө сени кирсе дейм», «Барам сага», «Кутмандуу жерим», «Эне ыйык, эне кымбат баарынан», «Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө», «Махабатка ишеним» ж.б. бир топ ырларым ошол экинчи этапка таандык. Ал эми үчүнчү этап 1998-жылдан бүгүнкү күнгө чейинки аралыкты камтыйт. Мында да «Гүлгүн жашка» жаңы ырчылар музыканттар келип бирин-бири толуктап туруштy. А.Садырбаев, Б.Курбаналиев, А.Эшбаева, Г.Эргешова, А.Шаимкулова, Ф.Өмүрзакова, К.Салбаров, К.Мадоморов жана башлар кийинки



өнөктөштөрүм болушту. Бул аралык мени кыргызга, чет элдик боордошторго композитор катары тааныттьı. Анан «Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти» наамын алсам, «Гүлгүн жаш» элдик топ деген наам алды.

***- Эми этабы менен жаралган, ийгиликтерди алып келген ырларыңызга автор катары кандай мүнөздөмө бере аласыз?***

- Мен өзүмдүн ырларыма мүнөздөмө бере албайм. Бирок, бардык эле музыка күйөрмандар, иликтөөчүлөр менчелик да мүнөздөп, талдай албай калышы мүмкүн. Өзүмдү лирик обнчумун деп эсептейм. Анткени лирикалык, патриоттук ырларды жаратып жүрөм. Ал эми музыкалуулугу, угумдуулугу боюнча өзүмдү ашыра мактагандан алысмын. Бирок көп учурда кайсы жерге барбайын элге сиңимдүү эле экенин баамдайм. Ырларымда нукура элдик колорит бар. Мен борбордон алыс болсом да борбордогу мамлекеттик, чоң профессионалдык топтордо, симфониялык оркестрде, мамлекеттик хордо, К.Орозов атындагы эл аспаптар оркестринде, «Камбаркан» фольклордук тобунда ж.б. жогорку чөйрөлөрдө бир канча ырларым иштелип чыгып, бир топ белгилүү ырчылар тарабынан аткарылып келүүдө. Андан сырткары белгилүү эстрадалык топтордо, коңшулаш, боордош элдерде ырдалууда.

***- Мезгилдин агымына жараша музыкалык жаңы стилдерде, жанрларда иштеп көргүңүз келеби?***

- Азыр кыз-жигит болуп, айтыш сыяктуу кезектешип ырдоо модага айланып баратат. Менде

Жалал-Абадская областная библиотека

да буга ыкташуу бар. Айтсам соңку ырларым «Балака», «Бир айып», «Бул ырлар сага белегим» өңдүү чыгармаларым, кыз-жигит болуп ырдаганга ыңгайлаштырып жазгам.

***- Чыгарма жаратууда сөзсүз эле таасирлер башкы орунда турабы?***

- Менимче, чыгарма жазуу үчүн кандайдыр бир сезимди удургуткан окуянын, же бир сагыныч, эңсөөлөрдүн таасири болот деп ойлойм. Мисалы, «Кутманду жерим» деген чыгармамды жаратканда кандайдыр бир айылыма тарткан күч бар эле. Балалыктагы ойногон кездерим эске түшчү. Тирүүчүлүк менен болуп, балалыктан абдан алыстадым, сезбегенибиз, анын кайталангыс элестери кусалантчу. Ушул негиздер жан дүйнөмү өйүтүп жүрүп жанагы ыр жаралып калды.

***- 80ге жакын чыгармаңыз бар экен, эмне 80 жолу таасир болгонбу дегендер болушу мүмкүн да?***

- Мындай дегенде туура болбой калат. Себеби бир таасирден улам 10-15 обон жаралып калат. Жаратылыштын таасирлерин жан дүйнөң менен бир-эки жолу эле чагылдырып, чекит кое албайсың. Айрыкча сүйүү темаларында. Менин чыгармаларымдын 60тан ашыгы сүйүү, махабат темасына арналган. Айрымдар муну тескерисинче да түшүнүшү мүмкүн. Негизи сүйүүнү аморалдык түшүнүктөн карап басынтпай, сүйүүнү, классикалык, философиялык үлгүдөн түшүнгөн артык. Мендеги сүйүүнү ошентип түшүнүү керек.

***- Сүйүү демекчи, былтыры ушул маалдарда жүрөгүңүздү дарт чалып, сабырыңызды, тынчыңызды кетирген кытайлык ырчы кыз Арзыгүлгө ашык болуп коомчулукка дүң болгон элеңиз. Кытайга барсам жолугам дегендей да кылгансыз. Бирок Кытайга барып келгенден кийин баштагы демиңиз суз тартып, жаңы таарынычтуу ырларды ырдап баштагандайсыз. Мунун сыры жашыруун болбосо...***

- Ооба, ашык болгонмун, ага арнап ырлар жазып түйшүктөнгөнмүн, жолугам дегеним да чын. Былтыры биз Кытайдын Кызыл-Суу облусунун борбору Артуш шаарында көп күн болдук, Арзыгүл Үрүмчүдө турат экен, эки шаардын аралыгы бир жарым миң чакырымды түзөт.

Бизге жүктөлгөн жоопкерчилик жогору болуп күндө жолугушуулардан, тажрыйба бөлүшүүдөн бошой албадык. Арзыгүл да келе албады. Менин күчтүү сезимимди байкаган кытайлык кыргыз жигит акын Нуртокто Дубаналы «Өмүрлөш болсоң каражан» деген ырын сунуштады. Каражан дегени кара жаным, накта жаным деген сөз экен. Бул ырга обон жаратып Дүйшөкан Сейит кызына ырдатып, боордошторго тартууладык. Кайтаарыбызга аз калганда кыраакы Нуртокто Дубаналы (өзү жакшы ыр жазган акын экен) менин ичимден эзилгенимди сезип, «Таарындым сага бул ирет» деген ырды жазып келип берди. Санаама, кусаматыма ылайык келген ыр болду. Ага да обон жаратып, Бузейнеп деген ырчы кызга ырдатып, жаздырып (тарттырып) Кызылсуулук боордошторго белектеп келдик.

***- Суз кайтканыңыз менен сулуу ырларды жаратып келипсиз. Эми кантип жатасыз, таарынып Арзыгүл менен байланышпай койдуңуз?***

- Байланышпай койгонум жок. Быйыл ал өзү чыгармачылык сапар алып, Кыргызстанга келмекчи болуп жатат…

***- Арзыке, жакында чыгармачылыгыңыздын 30 жылдыгын белгилеп отчеттук концерт берейин деп жатыптырсыз. Кандай деңгээлде уюштурайын деген ойдосуз?***

- Чыгармачыл адамдардан эч ким отчет сурабайт экен. Айтпасаң кала бериши мүмкүн. Февраль айында чыгарма жазып баштаганыма 30 жыл толду. Муну март айында белгилейин деп жүргөм, тилекке каршы, саясий окуяларга байланыштуу элге отчеттук концертимди бере алган жокмун. Эми ар жак, бер жак менен байланышып, май айынын орто ченинде белгилейин деп белсенип жатам. Албетте, облустук бийлик, коомчулук колдоп, ырларымдын угарман-күйөрмандары келип берет деген терең ишенимдемин.

***- Рахмат, маегиңиз үчүн, ылайым чыгармачылыгыңыз өркүндөп, болжогон ишиңиз орундала берсин.***

- Силерге да рахмат. Кудайым тилегиңи берсин.

***А.САДИР уулу.***
***Жалал-Абад шаары.***
***«Акыйкат», №23.***
***6-май 2005-жыл.***



# АРЗУУДАН АШКАН АЖАЙЫП ЖОЛУГУШУУ

*«Жүрөктөн чыккан ыр жүрөккө жетет» деген сөз бекеринен айтылбаптыр. Бул сөздү Арзыбек Бедияров далилдеп, кытайлык кыргыз кызы Арзыгүлгө арналып жаралган «Түшүмө кирдиң түндө сен» чыгармасы калың элдин катмарына сиңип, ырдын каарманы жомок болуп калган. Анткени ал 8 жылдан бери түшүндө көргөнүн, ага таарынганын айтып безилдеп жүргөн. Кудайга үнү жеткен бейм, айтор Арзыбек ага арзып жүргөн Арзыгүл да келди. Экөө «Кош жылдыз каккан кош кайрык» ураанынын алдында «Жолугушчу кез келди» аттуу концертин жер-жерлерде тартуулашты. Биз да четте калбастан арзуу ырын арноодон тажабаган Арзыбек Бедияровдон жана ырдын жаралуусуна себепкер болгон Арзыгүл Турган кызы менен маектештик.*

<u>Кыргыз Республикасынын эл артисти Арзыбек Бедияров</u>

***-«Түшүмө кирдиң түндө сен» аттуу чыгармаңыздын жаралыш таржымалы кандай?***

-Күндөрдүн бир күнүндө Арзыгүл түшүмө кирди. Өзүнөн видео клиптеринде бийик жерлерде турган учурлары бар болчу, түшүмө дал ошол учурлар кирди. Түшүмө кирген, жан дүйнөмдү дүрбөлөңгө

Жалал-Абадская областная библиотека

салган кызды обонго, ырга салыш керек болуп, Арзыгүлгө байланышкан ыр издеп жүргөн мезгилде Биримкул Алыбаев мага "Биримкулдун лирикасы" деген жаңы китебин белек кылды. Барактап карап отурсам, "Түшүмө кирдиң түндө сен" деген ыры көзүмө чалдыкты. Ал ырда менин түшүмдөгүдөй окуялар баяндалыптыр. Отуруп алып Арзыгүлгө арнап обон жараттым. 2004- жылы июль-август айларында «Күлгүн жаш» тобуна Кызыл-Сууга келип, боордоштор менен таанышып концерт берип кетсеңер деген чакыруу келип калды. Биз Кызыл-Сууда 27 күн жүрдүк. Бирок Арзыгүлдүн чолосу тийбей жолуга албады. Ал жакта жүргөндө ошол жактык акын Нур Токтомушев деген жигит "Өмүрлөш болсоң каражан" деген ыр жазып берди, ага обон жараттым. Кайтаарда Нур Кыргызстанга барып ырдасаңыз Арзыгүл өзү барат деп «Таарындым сага бул ирет» деп ыр жазып берди. Ага да обон жаралды. Андан башка «Бул ырлар сага белегим», «Айтылып бүткүс дастаным», «Жүрөгүң сенин таш беле» деген обондор жаралды. Менимче «Таарындым сага», «Жүрөгүң сенин таш беле» деген ырларымдын таасиринен улам өзүнүн ички дүйнөсүндө Арзыбек ага чакырып калса барам деген чечимде жүрсө керек. Жолугалы, менин түшүм чын-төгүнүн далилдеп, эл алдында ырдап берели деген пикиримди айтсам макул болду.

***- Сизди Арзыгүлдүн айынан ооруп калган деген имиштер бар...***

- Мен Арзыгүл деген оору менен оорудум. Кечке ой-санаам, чыгармаларым бүт баардыгы Арзыгүлгө



арналып атса. Ал айыктырыш үчүн келди. Эми мен айыгам. Бул оорунун себепчиси да, дабагери да Арзыгүл. Арзыгүлгө арнап 10дой обон жараттым. 8 жылдан бери эңсеген тилегим орундалды.

***- Сиз обонго салган бийкеч келгенден бери кандай сезимдерге арбалып жатасыз?***

- Арзыгүл менен телефондо гана байланышып жүрчүмүн, өзүн көргөн эмесмин. Үнүн укчумун наздуу сүйлөгөнүн, шыңкылдап күлгөнүн, айткан сөздөргө жакшы жооп бергенинен улам, маданияттуу, адамгерчиликтүү кыз деп туюп жүрчүмүн. Ал мен күткөндөн да жогору маданияты бар, жогору ыйманы бар, келбети келишкенин көрүп сүйүнүп жатам. 10 күндөн бери чогуу жүрүп мен да сага ыктап үйрөнүп калдым, эми сөзсүз «Сагындым сени» деген ыр жаралат десем күлүп, «Таарынбаймын» деп жазыңыз деп жатат. Тамаша айткан сөзүмдү туура кабыл алып, өз маданиятынын жогору экендигин көрсөтүп жатат. Мына 8 жыл ойлосом оюмдан кетпеген, менин ырларымдын чыныгы каармана менен жолугушуп, чер жазып жатам.

***- Сөзүңүзгө аралжы, мына ушул 8 жыл аралыгында жолугууга аракет жасадыңыздар беле?***

- 8 жыл аралыгын түшүңүзгө кирген бийкеч менен жолугуштуңузбу деген суроолордон жүдөп кеттим. Мен дайым жолугушабыз деп келгем. Бирок биз жолугушканда жер титиребейт, жер көчкү болбойт, сел каптабайт. Маңдай-тескей баарлашып сүйлөшөбүз, сырдашабыз. Башка нерсени күтүштүн кереги жок.

Жалал-Абадская областная библиотека

Кытайдан келгенден кийин эле жолугушмак болгонбуз. 2005-жылы жанагы 1-революция чыгып кетти. Арзыгүл андан да чочулады. Андан кийин былтыр апрель окуясы, июнь коогалаңы чыгып кетти. Анан Арзыгүл бизди «Күлгүн жаш» тобун чакырды эле уйгур, кытай кагылышуусу чыгып шан-шөкөөттөргө тыюу салынгандыгынан бара албай калдык. Ал эми, быйыл ар тараптуу сүйлөшүүлөр болду. Анан эле Арзыгүл билет алгандан бир күн мурда коогалаңда курман болгондордун жылдыгы өткөрүлөт деп, биздин Ошто 3-4-июнда өтө турган концертибизди токтотуп койду. Менден жашырдыңыз беле, ушундай жерде ырдайбызбы дебегин, чочулабай келе бер туугандашып кетесиң деп чакырдым.

***- Эми Арзыгүл менен Арзыбек жолугушту, мындан аркысы эмне болот деген элде туңгуюк суроолор бар...***

- Бизди чыгармачылык гана издетип, табыштырды. Жолугуп жер-жерлерде бирге ырдап, элге концерт коюп келатабыз. Бизде чыгармачылык чоң мейкиндикти жаратып, эки элдин ортосунда байланышты күчөтүү, чыгармачылыкты өнүктүрүү гана негизги максат. Арзыгүлдүн жана менин турмушумда эч кандай өзгөрүү болбойт. Менин көкүрөгүмдү уйгу-туйгу кылган нерсе ошол кыздын жүзүн маңдай-тескей олтуруп көрсөм деген гана жолугушууну күтүп жүргөм.

***- Жубайыңыз кызганбайбы?***

- Биздин турмушта өзгөрүү болбойт. Чыгармачылык байланыш. Келинчегим Патила менен да сыйга чакырган жерге чогуу барып жатабыз. Ал кызганбайт.



Ал анын келишин чыдамсыздык менен күттү.

***- Дагы кандай максаттуу иштериңиздер бар?***

- «Түшүмө кирдиң түндө сен», «Өмүрлөш болсоң каражан» деген ырларды экөөбүз чогуу ырдайбыз. Өзүнүн аткаруусунда ырдаган ырына жаратылышы кооз жерлерден клибин тартып алыш керек. Экөөбүз чогуу ырдап да клип тарттырабыз деген ойлор бар. Азыр анын үстүнөн иштеп жатабыз. Бул менин тарыхымда чоң эстелик болуп калат. Менин чыгармамдагы каармандар дастан, жомокко айланып баратат.

***Арзыгүл Турган кызы 2004-жылы Кытай Эл Республикасынын 2-даражадагы 2010-жылы 1-даражадагы ырчысы наамына ээ болгон.***

***- Арзыгүл эже, биздин өлкөгө куш келипсиз, алгач өзүңүз- жөнүндө айтып берсеңиз?***

- Ак-Суу областына караштуу Үч-Турпан районунун Жаңы-Абад айылында 1976-жылы жарык дүйнөгө келгем. Биз алты бир тууганбыз. 2 кыз 4 уул. Ата-энемдер да ырга жакын адамдар. Атам өзгөчө колу-коңшуларынын, жоро-жолдошторунун арасында өтө шайыр жана ыр жандуу болгон. Алар "Турган ырдан бир обон салып койбойсуңбу"- деп суранып калышчу. Мен ошол ыр-чоор жаңырган үйдө тарбиялангам. Өзгөчө атамдын таасири чоң. Мен да кичүү кезимден эле ырдаганды жакшы көрүп, өз алдымча ырдай берчүмүн. Мектепте окуганда да ар кандай майрамдарды ырдап чыкчумун.

Учурда Үрүмчү шаарындагы Шин-Жань ыр-бий

Жалал-Абадская областная библиотека

ансамблинде 700 киши эмгектенебиз. Ошолордун арасына бир тал кыргыз мен. Башкача айтканда 180 миң кыргызга өкүл катарында кызмат кылам.

***- Кыргыз жери, эли сизге кандай таасир калтырып жатат?***

- Самолёттон түшүп оң тарабымды карасам деле кыргыз, сол тарабымды карасам деле кыргыз. Автоунаа башкаргандар деле кыргыз. Кыргызча музыкалар жүрөгүмдү абдан бир толкунданып, өз үйүмө келгендей кубандым. Элдин салт-санаалары, ак көңүлдүктөрү, конокту жакшы сыйлаган жайдары мүнөздөрү деги баардыгы кытайлык кыргыздарга окшош экен. Табияты болсо абдан кооз, кереметтүү жер экен.

***- Мындан ары да келейин деген оюңуз барбы?***

- Мүмкүнчүлүк болсо, боордош элге келип, өз талантымды тартуулаганга эмне жетсин. Албетте, эки элдин биримдигин бекемдеп, эки элдин руханий байлыктарын ыр менен азыктандырганга, толтурганга өз кызматымды аябайм. «Күлгүн жаш» тобу биз тарапка, мен өз элиме келип турам деп ойлойм.

***- Арзыбек байке менен кандайча байланышып калдыңыз? Сиздин кат жазууңузга эмне түрткү берди?***

- Мен Арзыбек агага алгач кат жумшаганым жок. Бул жакка биз тараптан иш сапар менен келген коллегия аркылуу менин дарегимди угуп калат. Алар ал жакта Арзыгүл деген кыз бар деп айтышкан окшойт. Ал кезде мен Үрүмчү педагогикалык университетинин чыгаандарды тарбиялоо кесибин бүтүп, Шанхай



музыкалык консерваторияга тапшырып жүргөн кезим болчу. Ошол учурда Арзыбек ага телефон чалып калды. Добушуңду угуп бир ыр жаратайын дедим эле деди. Ырдаган ырларың болсо мага салып жиберсең, ошону угуп, ырдаган ыкмаңа карап чыгарма жазып берейин деди. Мен иштеген консерваторияда бир тал гана кыргызмын. Мага чыгармалар абдан керек болуп турган кез болчу. Өзүң кандайсың сүрөтүң менен салып койсоң дегенинен мен теледе, радиодо ырдаган, бийлегендеримди көчүрүп салып жибердим. Кийин телефон чалып: “Сен кандай сүреттөгүдөй элесиңби? Ушундай сулуусуңбу”?- деп коёт. Мен «Ооба, сүрөттөгүдөй эле Арзыгүлмүн» деп күлүп койдум. Ал мага сенин добушуңда мурдагы элдик обондордун жыты абдан сакталган экен. Мен ошого карап ыр жазам деген. Күндөрдүн биринде Арзыбек ага мага телефондон «Түшүмө кирдиң түндө сен» деген ырды уктурду. Ал мага да жагып, мага ушул ырды салып жиберсеңиз дедим. Самолёттон салып жибериптир. Үйгө барар замат кайра-кайра угуп олтуруп, 15 мүнөткө жетпеген убакта эле ырды ырдаганды үйрөнүп алдым. Анан кыргыздардын курман айт майрамына карата теледен бере турган чоң концертте ырдап чыктым. Мурда кийин угушпаган, экинчиден добушума жакшы түшүп, жакшы аткарган окшойм элге аябай жакты. Теледен бир күндө 15-20 жолу суранышып угушту. Бул ыр ал жактагы кыргыз угармандарын топтой алды. Кытай өлкөсүндө кытайлык кыргыздардын гана эмес кыргыз ырчыларынан Арзыбек Бедияровдун, Рысбай Абдыкадыровдун ырларын аткарып жүрөм.

***- Мындан башка биздин дагы кайсыл обончу, акындарды билесиз?***

- Кыргыз ырларын радиолордон көп угуп калам. Негедир ырдалып жаткан ырдын сөзүн жазган акындын, обонун жараткан обончунун аты көп аталбагандыктан билбейт экенмин. Бирок аябагандай добушу кенен, адамдын жан дүйнөсү менен жуурулушкан чыгармалар бар. Кытайлык кыргыздарга Ырысбайдын ырлары, Арзыбек Бедияровдун ырлары көбүрөөк таанымал болгондуктан ушулардын ырларын көбүрөөк аткарам. Ырысбайдын ырлары өзгөчө таасирлентет.

***- Сизге арнап Арзыбек аке 10го жакын чыгармага обон жаратты. Сиз кандай кабыл аласыз? Дегеним чыгарма жөн жеринен жаралбайт да...***

- Ооба Арзыбек ага мага арнап «Түшүмө кирдиң түндө сен», «Жүрөгүң сенин таш беле» деген сыяктуу ырларды жаратты. Телефон менен сүйлөшкөндө сага мындай ыр жараттым, тигиндей ыр жараттым деп айтып калат. Алгачкы ырын жаратканда булар Кызыл-Суу шаарында болуп калды. Мен анда Пекинде командировкада жүргөндүктөн келе албай калдым. Колум бошоп мен Арзыбек аганы издеген кезде алар келе беришиптир. Байланышып мен барайын деп бара албай калдым. Жолугушуп каларбыз дедим. Ушуну менен алгачкы жолу жолугушабыз деген ойлорубуз орундалбай калды. Буга таарынган ага «Таарындым сага бул ирет» деген ыр жаратты.

Арзыбек ага экөөбүздүн ортобузга байланышкан түрлүү-түрлүү суроолор берилет, сөздөр айтылат. Эл



башкача ойлобой эле койсо болот. Биздин байланыш чыгармачылыктагы ага-карындаштык жана чыгармачыл адамга болгон урматым. Мен Арзыбек аганы өнөр адамы катары ырдаган ырларыма, добушума таасирленип чыгарылган ыр саптары деп билем. Чыгармачылыгымды сыйлаган инсан катары түшүнөм.

***- 8 жылдан бери байланышып жүргөн Арзыбек ага сизге кандай таасир калтырып жатат?***

-Телефон менен сүйлөшкөндө өнөрүн сыйлаган, күнү-түнү изденүүчүлүк менен жүргөн, тырышчаак инсан экенин билчүмүн. Меймандос, адамгерчиликтүү, ак көңүл адам экен. Менин туугандарым, ата-энем, досторум жакшы таанышат. Сага дагы эмне деп ыр жаратты? Сен үчүн дагы кандай чыгармалар чыгып жатат? Телефондошуп жатасыңбы?- дешип калышат. Телефондо Арзыбек аганын жубайы Патила эже менен байланышып калам. Ал мага «Кызым, келип биздин жерди, боордош элиңди көрүп кет» -деп чакырып калчу. Патила эже менен да сүйлөшүп турчумун. Эже да боорукер, мээримдүү жакшы эже экен.

***- Биз жолугушуудан кандай жаңылык күтсөк болот?***

- Бул жолугушуудан кийин эле Арзыбек ага мага жолуктум деп эле сизден чыгарма чыкпай калбасын, эми сага таарынбаймын, абдан жакшы жолугушуулар болду дегендей ырларды жаратыңыз деп жатам. Бул жолугушуу чыгармачылыкты бекемдөө, эки элдин достугу үчүн болгон жолугушуу деп түшүнөм.

Мен Кыргыз Республикасынын маданият

министрлигинин чакыруусу менен келдим. Балким Арзыбек аганын жетпей калдым, түшүмө кирдиң, таарындым сага деген ырларын чоңдор да угуп, ушунун бир максатын аткарып коёлучу дештиби, маданият министрлигинен Арзыбек Бедияров менен чогуу концертин берсек деп чакыруу жебиришти. Биздин жетекчилик, туугандарым туура түшүнүп боордошторуң менен саламдашып, чер жазып кел деп жиберишти. Мындан ары «Күлгүн жаш» тобу менен чыгармачылык байланыш бекемделе берет.

***- Элге, журтка болгон каалоо-тилегиңиз.***

- Ылайым эле кыргыз элин жакшылыктар коштоп жүрсүн. Биздин каныбыз бир, уруубуз бир. Кытай өлкөсүндө болсок да биздин жүрөгүбүз кыргыз деп согот. Боордош, кандаш элиме бардык жакшылыктарды каалайм.

***Маектешкен:***
***Жумагүл ШАЙЫКОВА,***
***«Акыйкат»***



# Сүрөттөр сүйлөшөт

*Өмүрлүк бирге жарымсын,*
*Өнөрдө сейил багымсын*



А.Бедияров жубайы Патила менен.

*Өзгөчө жакын сырдаштар,*
*Өнөрлөш курбу курдаштар.*



«Гүлгүн жаш» элдик-эстрадалык тобунун учурдагы курамы. Солдон оңго: белгилүү комузчу Т.Осмоналиев, топтун белгилүү ырчылары Г.Эргешова, А.Ашымбаев, КРнын Эл артисти, топтун жетекчиси А.Бедияров жана ырчы коштоочу К.Экашев



«Гүлгүн жаш» тобунун кезектеги аския талкуусу. Оңдон солго: М.Гаимов, А.Бедияров, Г.Эргешова, А.Ашымбаев, К.Экашев

Жалал-Абадская областная библиотека

2012-жыл, 12-январь, Ош шаары.



А.Бедияров КРнын Эл артистери Э.Мойдунов, Ш.Талиповалар менен Эрмек акенин тыныгуу учурундагы аскиясы. 2012-жыл, 12-январь, Ош шаары.



А.Бедияров Жалал-Абад шаарындагы жакын саналаш, сахналаш адамдары менен.

Ондон солго: КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер төкмө акын Р.Козукеев, жазуучу А.Жусупбеков, Барпы атындагы театрдын директору Б.Сыдыков, Жазуучулар союзунун мүчөсү, акын, обончу, кино режиссёр С.Абдукеримов, шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы А.Султанбаев, КРнын эмгек сиңирген артисти актер А.Арыкбаев.

27-29.09. Ош шаары «Биз силерди сагындык» концертинин катышуучулары ОшМУнун башкы имараты.




А.Бедияров сахналаш, өнөрлөш замандаштары менен.

Солдон оңго: А.Жайнаков, З.Шакеева, Э.Мойдунов, Ш.Талипова, М.Бостонкулов, А.Сапаралиев.



«Нооруз» майрамында А.Бедияров, Ш.Талипова.

2009-жыл, 21-март.



ЭлТРК тарткан жаңы жылдык «Насыйкат» көрсөтүүсүнөн кийин. Ондон солго: Белгилүү төкмө акын А.Акимбеков, обончу А.Касымов, КРнын Эл артисти А.Жайнаков, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер комузчу С.Шабданов, КРнын Эл артистери Ш.Талипова, А.Бедияров, Ж.Алыбаев, П.Баяков, ЭлТРКнын жетекчисинин орун басары С.Абдыракманов, төкмө акындар Ч.Кочкорбаев, А.Ашымбаев. 2-катарда КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер төкмө акын Р.Козукеев, комузчу Т.Осмоналиев, ЭлТРКнын кызматкери А.Ракымбекова



Ош шаары обл.филармония. «Сезимде калган обондор» концерти учурунда. Солдон оңго: КРнын Эл артисти Ж.Алыбаев, обончу Ж.Мамажанов, КРнын Эл артистери К.Эралиева, Г.Садыбакасова, КРнын Эмгек сиңирген артисти К.Темиров, КРнын Эл артисти А.Бедияров.
2-катарда: КРнын Эл артисти Т.Эшбаев, обончулар А.Тасмаев, Б.Тургунбаев, ырчы М.Гаимов.



А.Бедияров белгилүү төкмө акын КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Р.Козукеев менен

*Жамаатым мени колдогон,*
*Жакшылык дайым жолдогон.*
*Ишенимиңерди актаймбы?*
*Ичимден дайым ойлоном.*



КРнын Эл артсти А.Бедияров өзү эмгектенген ШМБнын кызматкерлери менен. Ондон солго: А.Бедияров, ШМБнын башчысы А.Султанбаев, Н.Жусупжан уулу, 2-катарда А.Ашымбаев, Г.Барпиева, Д.Исакова.



КРнын Эл артсти А.Бедияров өзү эмгектенген Жалал-Абад областык балдар чыгармачылык үйүнүн эмгек жамааты менен. Солдон оңго: Кесиптик кошундардын областтык комитетинин төрагасы К.Мурзакматов, обл.усулдук борбордун жетекчисинин орун басары Т.Турганбаев, БЧҮнүн жетекчиси Б.Ормонов, БЧҮнүн мугалимдери ийрим жетекчилери А.Туташева, М.Абдиева, К.Анарматова, Г.Медетова, З.Маматкулова, З.Жаныбекова, А.Бабакулова.



А.Бедияровду чыгармачылыкта колдоп жүргөн инилери. Солдон оңго: КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер обл.архивдин жетекчиси М.Кочоков, А.Бедияров, Базар-Коргон архивинин башчысы М.Исмаилов, жетекчинин орун басары С.Кудайбердиев.

Жалал-Абадская областная библиотека

*Жообу жок суроолорго берилип,*
*Элесиңе кыялымда кезигип.*
*Жок дегенде түшкө кирсе деңүмүн,*
*Санаа тарткан сагынычка жеңилип.*

*Мына эми ал күндөр да чектелди,*
*Эңсөө бүткөн эки жүрөк бет келди.*
*Өткөндөрдү жомок кылып жобурап,*
*Жоодур көзүм жолугушчу кез келди!*



«Жолугушчу кез келди» КРнын Эл артисти Арзыбек, Кытай Эл Республикасынын 1-даражадагы ырчысы Арзыгүл Турган кызы менен.



Арзыгүл биринчи жолу Кыргызстан – Ошто. Сулайман тоонун этеги. Алымбек датка айылы.



«Жолугушчу кез келди»


Арзыбек, Арзыгул Кара-Алма жаңгак токоюнда.



«Жолугушчу кез келди»

«Гүлгүн жаш» эстрадалык тобунун өнөрпоздору жана Кытайлык ырчы Арзыгул Турган кызы
Арстанбап Ата чоң шаркыратмасында.

***Кубултуп обон созгонум,***
***Калкыма салым кошконум.***
***Ар кандай кезде дем берген,***
***Ардактуу асыл досторум.***



А.Бедияров жакын досу Салиибраим Ташбаев менен.



Солдон оңго: №6 автожолдорунун өндүрүштүк тейлөө башкармасынын жетекчиси А.Орозбаев, А.Бедияров, жетекчинин орун басары К.Абдыкалыковдор менен.

Жалал-Абадская областная библиотека



Ондон солго: А.Бедияров, Жалал-Абад аймактык экология жана токой экосистемаларын өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы Р.Акеншаев, башчынын орун басары С.Тамаев, баш бухгалтер Т.Ташбаев.


***Сүйүнсөм кошо сүйүнгөн,***
***Күйүнсөм кошо күйүнгөн.***
***Жакшы атым чыкса жабыла,***
***Жан тартып бирге жүгүргөн.***
***Белгилүү ишке жол тартсам,***
***Берээрин таппай бүлүнгөн.***
***Бар болуп баарың аман бол,***
***Баарыңардан үргүлөм!***



Арзыбек Бедияров өзүнүн бир туугандары жана келиндери менен. Ондон солго: Акылбек, Шаазада, Арзыбек, Патила, Эркинбек, Зейнеп, Бектенали, Нуржан, Адылбек.




КРнын Эл артисти 2012-жылды уул-келиндери, кыз-күйөө балдары жана неберелери менен жакшы тилек, жаркын маанай менен тосуп алды.




КРнын Эл артисти А.Бедияров иниси Мамасалинин үйүндө өткөн чоң тойдо.

Жалал-Абадская областная библиотека



Небереден үмүт чоң.
А.Бедияров небереси Барсбек менен.

# МАЗМУНУ

Автордон ........ 5
Кутман курак кут болсун ........ 12
Өнөрү өр талашкан инсан ........ 15
Алгалай бер Арзыбек ........ 18
Обондору обологон обончу ........ 21
Арзыкеге алгы сөз ........ 25
Ырың менен дарылаган табыпсың! ........ 28
Улуу жолго учурган устатым ........ 30

## *Лирикалык обондор*

Жолугушчу кез келди ........ 35
Айтылып бүткүс дастаным ........ 36
Жүрөгүң сенин таш беле ........ 38
Күбө болгон Аюб-Булак, Кыз-Булак ........ 40
Махабат майрамы ........ 42
Сулуулардын ичинен өзүң ширин ........ 44
Түшүмө кирдиң түндө сен ........ 46
Өмүрлөш болсоң каражан ........ 48
Таарындым сага бул ирет ........ 50
Эсиме ал кез түшкөндө ........ 52
Сүйүү арман ........ 54
Жолукчу жоодураган акмаралым ........ 56
Келем сага ........ 58
Татынакай сүйүүнү таарынтыппыз ........ 60
Ошондо болгон бир иштир ........ 62
Жарайсыңбы жароокер бир ишиме ........ 64
Балака ........ 66
Бир айып ........ 68
Сүрөтүң менин сырдашым ........ 70
Кыйышпас селки кайыр кош ........ 72

Жалал-Абадская областная библиотека

Жолукпасак не болмок .......... 74
Өтөм жоктоп .......... 76
Бул ырлар сага белегим .......... 78
Жетем сага .......... 80
Барам сага .......... 82
Ошондогу жанган от .......... 84
Сүйүүңдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө .......... 86
Көзүңдөбү керемет .......... 87
Бозойдун ыры .......... 88
Сагынам сени сагынам .......... 90
Табылабы таалайыңа мендей ким .......... 92
Ойлодуң бекен мени сен .......... 94
Сезимде калды элесиң .......... 96
Жаштыгыңды аядым .......... 97
Түш эмес өңүм болсочу .......... 98
Кайра келчи .......... 99
Түшүмө сени кирсе дейм .......... 100
Аман бол сенден түңүлбөйм .......... 102
Ал мендирмин .......... 104
Өтүнүч .......... 105
Кантейин корком ушактан .......... 106
Кутүү .......... 107
Махабатка ишеним .......... 108
Бир сырым .......... 110
Кечирчи .......... 112
Анда кимде күнөө бар .......... 114
Сен турупсуң .......... 116
Купуя сыр .......... 117
Ушундай беле бешене .......... 118
Капырай каламынбы унутулуп .......... 119
Сен жаз элең .......... 120
Махабатым менин жалгыз арманым .......... 122
Сулууга .......... 124
Жазгы серенада .......... 125
Кайдасың? .......... 126
Кайда жүрдүң? .......... 127
Жолуксам жооругуң бар күлүп коймой .......... 128
Кыйналып жүрөм ким үчүн? .......... 130
Элик көздүү эрмегим .......... 131
Бейиштин төрү беле .......... 132
Тынчын алдың көңүлдүн .......... 133
Бузалбайм убаданы жарга берген .......... 134
Тагдырым .......... 135
Жамгыр менен сырдашуу .......... 136

## *Атажурт, эне, өмүр, жаштык*

Атама .......... 139
Элде болсо менде жокту табармын .......... 141
Туулган жерге таазим .......... 143
Кыргызстан-уюткулуу улуу журт .......... 145
Кыргызстан-уюткулуу улуу журт .......... 148
Издерим сенде калды .......... 150
Эне тилеги .......... 152
Эне ыйык, эне кымбат баарынан .......... 153
Кутмандуу жерим (соло) .......... 154
Кутмандуу жерим .......... 155
Жалал-Абадым - кутмандуу жерим .......... 158
Эне тилим ыйыгым .......... 160
Кыз-Булак .......... 161
Сузагым .......... 162
Гүлгүн жаш .......... 163
Куттуу жерим Кызыл-Суу .......... 164
Келин той .......... 166
Эже, агайга .......... 168

## *Балдар үчүн*

Балаты .......... 171

Жалал-Абадская областная библиотека

Мектебим ............................................................ 172
Кызыл топ ........................................................... 173

## *Акындар Арзыбекти ырдашат*

Ыр дүйнөнүн чыканактай балбаны.............. 175
Арноо ыр............................................................ 176
Айлымдан чыккан бир булбул........................ 178
Арзыкеге азил ыр ............................................ 182
Иним Арзыбекке ................................................ 184
Талантыңды көрсөтө бер калкыңа................ 187
Арзыбекке арноо кат ....................................... 189
Арзык иниме...................................................... 191
Сыймыктанам.................................................... 194
Арзыбекке ......................................................... 195

## *Мезгилдүү басма сөздөр*

Обонуң ободой берсин! ................................. 198
Аймалай жорткон айдарым! .......................... 201
Мен да кызыгып өөп койгом........................... 203
Барам сага деп коюп, барбай жүрөм.......... 208
Барам сага, барам сага ................................. 212
Кечирилгис күнөө (Аңгеме)........................... 217
Кээде обон жаратып жатып ыйлайм............ 230
Арзыбекти азгырган Арзыгүлбү?.................. 237
Сүйүүнү амораалдык түшүнүктөн
карабай классикалык,
философиялык үлгүдөн түшүнгөн артык ...... 243
Арзуудан ашкан ажайып жолугушуу........... 251

*Сүрөттөр сүйлөшөт* 261

Жалал-Абадская областная библиотека

Басууга 30.04.2012-ж кол коюлду
Кагаздын форматы 70x90 1/32
Көлөмү 9 б.т. Офсеттик кагаз.
Нускасы 2000 даана.

*Адабий-музыкалык басылма*

**Арзыбек БЕДИЯРОВ**

# *Жолугушчу кез келди*

*(Обондуу ырлар)*
*Кыргыз тилинде.*

Китептин түзүүчүсү жана редактору
*Арзыбек Бедияров*
Техникалык редактору Асель Байсалбекова
Компьютерде жасалгалаган *Медер Абдукеримов*
Корректору *Гулмира Эргешова*
Фотолору *З.Абдуллаев, А.Ульмасов*

**Обондорду нотага түшүргөндөр**
*Алымбек Касымалиев*
*Абдурасул Сабирбаев*
*Анарбай Райымканов*
*Ниязбек Сыдыков*